А 37



КЫРГЫЗ
АЙЫЛЫНЫН
АДАМДАРЫ
ЖАНА ИШТЕРИ

# АЙЫЛ ТАҢДАРЫ

65.9(2Кир)32
А37



КЫРГЫЗ
АЙЫЛЫНЫН
АДАМДАРЫ
ЖАНА ИШТЕРИ

# АЙЫЛ ТАҢДАРЫ

ОЧЕРКТЕР ЖАНА СҮРӨТТӨМӨЛӨР

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
инв. № 372092

Фрунзе
«Кыргызстан»
1988

АБОНЕМЕНТ

ББК 65. 9(2 Ки)32
А 37

Айыл таңдары: Очерктер / Түз. Ж. Алыкулов. —
А 37 Ф.: Кыргызстан, 1988. — 112 б. — (Кыргыз айылынын адамдары ж-а иштери)
ISBN 5-655-0078-4

Китепте айыл чарбасында изденүү менен иштеп жатышкан кайратман дыйкандардын, малчылардын ошондой эле механизаторлордун күрдөөлдүү эмгектери чагылдырылат.
Жыйнак окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

А $\frac{3801010000-93}{М\ 451\ (17)-88}$ 88—88 ББК 65. 9(2 Ки)32

ISBN 5-655-0078-4

Түзүүчү Ж. Алыкулов
Рецензент журналист Ж. Саатов.

© «Кыргызстан» басмасы, 1988

# АК ДИЛ

Мен Мамбетжандын айлында көп эле болдум. Анын үйүнөн жайкысын үзүлбөгөн буркураган кыргыз максымынан кере жутуп, мөмөлүү дарактардын чок ортосундагы көлөкөгө салынган чарпаясында отуруп, далай маектешкем. Көп жыйындардан жолуккам. Мамбетжан басмырт, жөнөкөй. Ар дайым тыкан жүрөт да кийип жүргөн костюмунун жакасынан эч бир сыйланган сыйлыктардын белгисин көрбөйсүң. Ал эки жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайланган. Кыргызстан Компартиясынын тарыхый XVIII съездине да делегат болуп, республиканын Борбордук Комитетине мүчө экендиги да эсимде. Ленин, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендеринин ээси.

Өңү да бетинен кан тамган бакыбат жигит. Толмоч денеси дайыма кийип жүрчү кара костюмунун ичине батпай чытырап, күлүңдөп учурашканда, маңдайкы алтын тиши көзгө урунa түшүп, ыйманы ысып чыгат. Жылмайып коюп сүйлөмөй адаты бар. Бирок, сөзгө сараң. Оюндагысын айтып түшүндүргөндөн көрө, өз көзү менен көрүп, толук ишенсе деген кыязда болот.

Бир жолу, мындан эки-үч жыл мурдагы тамчы тамбай, элдин үрөйүн учурган кыяматтуу кургакчылыкта, райондук мекемелердин эшиктери жабылып, мейли жооптуу жетекчилер, мейли адистер болсун, өздөрүнүн «иш күндөрүн» өндүрүштүн чор кайнаган жеринде өткөрүп калышпадыбы... Жазуучу менен журналисттер да калемдерин «асынып», эмгек талаасына аттанышты. Мына, ошондо Мамбетжан Сапсызбаевдин дарҳан талаасында (ал ошондо эле талаачылык бригадасын жетектөөчү, азыр да бригадир) болууга туура келген.

...Абал ай кыйын эле. Нечен айлап, күндөп жамгыр жаабай, бетти урган ысык керимсел жүрүп, жерден боз чаң чыгып катып кеткендиктен, эгин чүрүшүп, чөп куурап, бир куйма суунун куну — алтынга тете болуп кетти го, чиркин! Кетмен көтөрүүгө жарамдуу мейли кары, мейли жаш болсун, үйлөрүнө тынч уктап жата алышпай, суу башына түнөштү. Жамгырлатып сугаруучу агрегаттар күндүр-түндүр

күүгө келип, табийгаттын күтүлбөгөн кырсыгына каршы анык «майдан» башталды. Ооба, акыйкатта да кол куушуруп отуруп калсаң, алдырганың алдырган. Биз мындай кургакчылык алып келүүчү азаптардын, жуттардын далайын тарыхтан жакшы билебиз... Үйрү менен жылкы, короосу менен кой, бадасы менен уй кырылып, бир сындырым нан таппай, жер кесип тентип, ачкадан өлгөндөр өткөн заманда көп эле болбодубу.

Бирок, ушул жагынан алганда, замандын замандан, элдин элден асман-жердей айырмасы бар. Анткени, биз отто туулуп, күрөштө өскөн советтик элбиз. Мамбетжан Сансызбаевдин бригада мүчөлөрү — мына ошол деңиздей чалкыган советтик элдин бир тамчысы... Алар тамчыдай көрүнгөнү менен, жанына келсең түбү түптүү, санжырага бай, куттуу эл. Байлыгы мол, жери кенен, ата мекендик техникасы арбын, колу узун, уул-кыздары намыс бербеген өнөрлүү, илим-билимдүү. Анан андай адамдардын колунан эмнелер гана келбейт!

Жаштайынан эмгекке бышып, жер келбетин таанылгыс кылып өзгөрткөн өнөгөлүү уул-кыздар менең чоюшуп өскөн Мамбетжан бул саам катуу бушайман болбой койгон жок. Ал өзүнүн аз жашап, көптү көргөн өмүрүн көз алдынан чубуртуп жатты... Ойлой келсе, эс кирип, ат жалын тартканы мындай катаал каткакты башынан өткөргөн эмес экен... Мамбетжандын колу тийбеген кайсы гана жумуш калбады? Олбурлуу жигит батмандай кетменин көтөрүп, сугатка чыкканда, өз өңдүү курбулары шоона эшпей калчудай болуп, ага теңеле алышчу эмес. Мамбетжан ашкабак идишине максымын куюп, көмөч казанга бышкан нанын белине түйүп алып, он күн катары менен иштесе да, «какый, белим» деп, кебелип койбойт. Үзүктөй чымды кериле чаап, кулакка таштаганда, ээ-жаа бербеген тентек суу бөгөлүп, нугу бурулат. А кезде ыразыңке өтүк чыга элек, мейли жаз, мейли кеч күз болсун, жыңайлак сугарышат. Муздак суудан ичиркенип, «бутум какшады» дегенди ким таңазар алыптыр. Үлп эткен жел жүрбөй, ысык аптап акактатып турганда, арыктын боюна жата калып, киргил суудан шимирип алышчу эмес беле.

Азыр а күндөр карааны үзүлүп, алыстап кеткен келгин куштай тээ алыста калды. Жер жаңырып, эл өзгөрдү, кулак угуп, көз көрбөгөн жаңы техникалар, айыл чарба шаймандары чыкты. Аны башкара билген өнөрлүү жаштар өстү. Өнөгөлүү өзгөрүшү, укмуштуу жаңылыгы көп заман менен бирге, өзүн-өзү билбей, жакшылап баамдай албай, Мамбетжан да өнүп-өзгөрүп отурду.

Мына, эми мунун баары кантип пайда болду дегендей таңданып турат. Анан таңданбай койчу жорукпу? Жамгырлатып сугаруучу агрегат Мамбетжанга көзгө үйүр алгон адаттагы көрүнүштөй сезилсе да, жарым теше жерди бир аттыруу менен сугарып, өзү сыяктуу бакыбат жүз жигиттин жумушун аткарып жатат. Андай техника бир нече, болгондо, да аралыгы алыс төрт чарчы көп аянтта. Анын бирин — Шайлообек Ниязалиев, экинчисин — Турсунбек Сайгаков, үчүнчүсүн — Эгинбай Майрыков сыяктуу күнгө тотугуп, жүздөрү кара шири болуп кеткен чоюн билек, булчуңдуу жигиттер ийиктей имерип, «тилсиз жоо» менен тирешүүдө... Күн сызгырылып, илебине жумуртка бышчудай. Байкабай кармап алсаң, ал техниканын темирлери колуңду каарып, жел жүрбөй, кабинасы үп. Ысык бууга отургандай механизаторлордун моюндарынан тер шорголоп, көйнөкторүнүн сырты көбүктөнүп шор болуп чыгат. Бирок, күндүр-түндүр күрүлдөп, мотор өчпөйт.

Эгин жана беде аянттарында сугатчылар да арбын. Алардын ичинде сакалын жайкалткан карыялар да, бир байлам жоолук буунушкан жаш келиндер да, майкасын чечип ыргытып, «кагаз калпак» кийишкен жигиттер да жүрөт. Ар кайсы кулактын боюна чакан ак палаткалар тигилген. Ысык тамак бышырылып, сугатчыларга таркатылуучу чоң боз үйдүн түндүгүнөн булаган көк түтүн эртеден кечке үзүлбөйт.

Тамакты күндүр-түндүр сугат үстүнө жеткирип берип жатышты. Сугатчылар улам алмашып, кулактар кургаган жок. Эс алгандары ак палаткага жатып, биртике тук этип алганча, шымаланып экинчиси даяр болот. Бирок, адам деген эрдин тиштеп, канчалык чымырканбасын баары бир чарчап чаалыкпай койбойт экен да. Муну түнкү сугатчыларды кыдырып жүргөндө байкадык. Кээси кетмен созууга дарманы келбей, жаны жер тартып, кулаганы турса да, сыр билгизбей, иштеген болот. Кетменин канжыгасына дайыма байлаца жүрчү Мамбетжан, мындай учурда, мен бригадирмин деп кекейбей, «сен биртике эс алчы» деп, жаңы кулак ачып, ала тергенин көп эле жолу учураттым. Канткен менен далайды башынан кечирген карт сугатчы эмесин, жардамга келгендер күйпөлөктөп бир кулак сугарганча, ал экинчи кулактын оозун ачып, деле камчы салдырбайт.

— Ар бир иштин көзүн таанып, ыгын билиш керек, — дейт, баба дыйкан тигинин көңүлүн көтөрө, карс-карс күлүп, — сенин кыбылжып кыбырап-сыбыраганың, чын сырым, менин купулума толбой жатат... Суу да кишини би-

лет... Эгер анын бир кынтыгын байкаса, жандуу немече, тилин албай, башка жакка жайылып кете берет. Караанынды калдайтып көрсөтүп жүргөндүн пайдасы не? Түн уйкунду төрт бөлгөн мээнетиң сая кетип, көз жыртып күткөн суу эгинди каптабай, аңкилдек атып, бош агып жатса, өзүңдү гана эмес, элди алдаганың ошол... Сугатчы деген мына ушуну унутпашы керек.

Кабинетте иштеп жүрүп, райондон жардамга келишкен айрым кызматчылар «бу, зоңкойгон зор немең ат үстүнөн буйрук бергенди гана билсе керек» деген кыязда жүрүшкөн окшойт, айтор бир жолку окуядан кийин оздору жап болушту бейм. Анткени, түндүн бир оокумунда чоң өстөндөгү кулакты суу алып, байланган жерин жырып кетиптир. Бир учун сугарса, экинчи жагы катуу каткакка чыдабай, кайра куурап кетип жаткан мелмилдеген эгин аянтынын арыгы дароо кургап, анда иштеп жатышкандар азанказан болуп, аябай бүлүнүп калышты. Суу башына жиберилген сомодой эки-үч жигит «байлай албай койдук» дешип, белчесинен баткакка батышып, шалпайып кайра келишти. Ошол учурда, ишке чыгышкан райондун текшерүүчүлөрү менен Мамбетжан Сансызбаев келип калган эле. Ал дароо боз үйдүн жанында жаткан жумуру жыгачтан казык жасатып, чырмоок, ала бата, шыраалжындан боо байлаттырды да, дежур машинага салдырып, жалгыз өзү жөнөп кетти. Кийин уксак, адегенде чоң жыгач казыкты житире кагып, ага боону туурасынан салып, үстүнө чоң чым чаап таштап койгон экен. Ошентип, сомодой эки-үч жигиттин алы жетпеген суу буулуптур.

Мамбетжандын талаасы өзү баш болуп, бригададагы жан этин жеген ак дилдүү көп адамдардын мандай терине чыкталып, катуу каткаланда нечен жолу сугаттан өттү. Анда көз кайкыткан эгин, уруктук беде, жашылча, калайыккалктын дасторконуна түшүп, пейлин тойгузуучу бир топ азыктар бар эле. Чындыкты жашырганда эмне, ишти жакшы уюштуруп, табийгый кырсыкка каршы тура билбеген көп чарбалар гектарлаган эгин, чөбүн күнгө күйгүзүп жиберишип, кырман толгон кызылдан, тирелген үймөк-үймөк чөптөн кол жууп калышты. «Мамбетжандын натыйжасы кандай болоор экен» деп, мен да ойлонбой койгон жокмун.

Бирок, «жөжөнү күзүндө санайт» эмеспи... Бул чарбага туш тараптан тигилген көп көз сыяктуу эле, мен да жыйым-терим болчу кезди чыдамсыздык менен күттүм. Ошондо келип-кеткеним күнү бүгүнкүдөй жадымда. Мамбетжан кызыл кырманга тутумдаш салынган кабинетинде тердепкурган жалгыз отурган экен. Аз уктап, көп иштегендиктен-

Өң, колдору киртийип, жаак эттери шылынып, шапая түшүптүр... Бирок, көңүлү тетик, «Кыйын кезенде намысыбызды колдон чыгарган жокпуз» дегендей, маңдайы жарылып, районго алгачкылардан болуп берген рапортун көрсөттү: «...Бригада ар бир гектар эгин аянтынан кырк центнерден кызыл дан алды... Урук беденин түшүмү гектарына 1,4 центнерден айланып, кээ бир аянттарда 1,8 центнерге жетти».

Мына, ошол Мамбетжандардай ак пейлин төккөн асыл адамдар болбосо, табийгат жиберген катуу кырсыкка бардык ырыскыбызды тарттырып жиберип, сопоюп отуруп калат белек деген ой да кыялына кылт этпей койбойт... Азыр карасаң, демейдегидей эле — «ак төөнүн карды жарылып жатканы. Кырман толо кызыл сузгандар бапырапчачырап, бир жагынан мамлекетке алтын дан жөнөтүп, бир жагынан тегирменге тарттырып, мейли шаардык, мейли айылдык элдин дасторконунда аппак нан. Помидор, бадыраң, пияз жана башка жашылчалары бир жагынан жайнап, коомдук төрт түлүк кылычын алган кышты тоготпой чыккыдай тоют камдала баштаган.

Ары жолодо Мамбетжандыкына да кирип чыктык. Үйүндө киши жок экен. Кичинекейлери бакчада, аялы Гүлбайра жумушта. Мамбетжан буркурап, көбүрүп-жабырган кыргыз [illegible] чоң кесеге куюп узатып жатып, чын дили менен билдирди: «...Мейли жаз, мейли кыш, деле кайсы мезгил болбосун, чарбада иш түгөнбөйт... Анын үстүнө азыр жыйым-терим убагы... Кырсык колдон талашты. Биз аны [illegible], мол түшүм өстүрдүк. Эми анын бир талын талаага калтырбашыбыз керек... Ушундай кыйын сыноодо бригадирдин аялы башкаларга үлгү көрсөтүшү керек эмеспи... Илгерки жылдардагы «башкарманын аялы» деген мыскылдуу [illegible] эбак артта калган... Азыр элдин түшүнүгү да башкача. Менимче башкарма, бригадирдин же башка активдердин аялыбы, мейли ал ким болбосун, баарына бирдей талап коюлушу керек... Ошондо гана социалдык адилеттүүлүк болот».

[illegible] кургаткан антанта Мамбетжан [illegible] жутуп жатып, анын бул [illegible] жокмун. Бул — Мамбетжандын [illegible] эмес, чыныгы турмуш [illegible] сүйлөп, иш жүзүндө ага кайчы [illegible] жүрөбүз. Мамбетжан [illegible] жери[illegible] бир эле. [illegible] ал-

ма-өрүктөрүн бутап, же бирдемесин чукулап, беймарал олтура албайт... Берекелүү чоң кетмен анын сүйүктүү куралына айланып, кан-жанына бекем сиңип калган. Аны кармабаса, бирдемеси кемчил болуп турат... Анын баба дыйкандыгына мүнөздүү дагы бир көрүнүш — кайсы бир жылы, май айында Чүйгө кар жаап, чоң үшүк жүрүп, гүлдөп калган мөмө-чөмөнүн баарын мойсоп кетти. Жаңы түйүлгөн алма, өрүк, алча бара-бара кубулуп, бардарчылыкка көнгөн кичинекей тентектер бак-шакты утур карап, бозоруп калышты. Мына, ошол жылы Мамбетжандын алмалары эч үшүк жүрбөгөндөй шагын ийип турганын өз көзүм менен көрүп, аябай таңгалганым эсимде.

Мамбетжандын, Талантбек, Кадырбек деген аты уйкаш уулдарынын кылык-жоруктары да али жадымда. Кадырбеги энесин кедейип ээрчип алып, «апама жардам бергени баратам» деген бал тили кантип унутулсун. Талантбеги техникумдан окуй турган. Бирок, ошол жылдагы чоң кургакчылыкта туулуп өскөн айлындагы оор абалга туура түшүнүп, киши күчү жетишпей жатканда, сугатчы болуп алыптыр. Окуусун сырттан улантат экен. Мына, атанын таасири!

Ошол Талантбек сугарышкан беде аянтын чаап-жыйнап, таңгактап жаткандагы бир көрүнүш али көңүлүмдө. Анткени, чөп таңгактоочу машиненин кардан валы сынып калып, райондун борборундагы, кала берсе сарамжалдуу деген коңшу чарбадагы складдардын, тааныш-маанытар-дын баарынан сурамжылап таппай, аябай суй жыгылышкан. Мамбетжандын жүрөгүнө аш баспай катуу күйгүлтүккө түшкөн эле. Анын мындай абалына да түшүнүү керек. Баягы катуу каткак, өтө керек убагында көздөн учуп, жаабаган жаан, эми жыйым-терим убагында «долулугун» карматып, төгүп турса болобу. Чабылып жыйналган чөптөр чирип кетпес үчүн шамалга желдетилип, миң алакеттен өткөрүлдү. Буга да нечен адам колу, күч, техника керек.

Сел жүрүп баратса да сезбөөчүдөй болуп, өзүн калбаат жана токтоо кармаган Мамбетжандын чыдамы мына ошондо чындап түгөнүп, манжаларын чоюп, кырсылдатып жиберген. Бул анын кыжаалаттыгын, бушайман болгондугун билдирген адаты эле.

— Продукциянын санына эмес, сапатына көңүл бөлчү мезгил жетпедиби! — Мамбетжан түнөрүп тура калып, толмоч жаак эттерин кармалап эзип жибергендигин өзү да байкабай калгансыды.

— Техника деген темирден турат. Темири жармач бол-

ю, көргөн күнүбүз ушу да, канча жерге чапкылап, канча жери кетти. Кудайдын көзүн карагансып, ишенгенибиз ушул чөп таңгактоочу машина болсо... Силерди жазуучу, журналист дейт... Эмне үчүн ушундай олуттуу проблемаларды көтөрбөйсүңөр? Эл билсин, жамы журт билсин! Сапатсыз буюм чыгаргандарга жол бербөө керек. Тийип-качып, эт менен челдин ортосунда жүргөн андай ак ниетсиз адамдар миллион көпчүлүктүн убалына калып жатпайбы.

Сөздүн чыны, кызарып-татарып, ичибизден катуу уялып жатабыз. Айтпаса, төгүнбү? Эмне үчүн товар көп, алуучу аз? Тиешелүү дүкөндөрдө тирелип жыйылып турат. Бир күндө бир нече жолу бузулган автомашина, айыл чарба техникалары жөнүндө да көп дооматтарды айтууга болот. Албетте, бул жеке ыза эмес, коомдук ыза эле. Ошол себептүү бизди да терең ойго салбай койгон жок.

Баш аягыбызды жыйганча, КПССтин XXVII съезди чакырылуучу күн белгиленип, партиянын улуу форумуна чоң даярдыктар көрүлүп калды. Эл өздөрүнүн эң мыкты уулкыздарын КПССтин XXVII съездине делегат кылып шайлашты. Алардын арасында жогоруда кеп болгон прессподборщик чыгаруучу Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын жасоочу заводдун атактуу ширетүүчүсү Анатолий Васильевич Цибигей да бар эле. Партиянын улуу форуму өтүп жаткан күндөрдө жана анын алдында, журналисттик ишке байланыштуу Анатолий Васильевич менен бетме-бет аңгемелешип анын жүрөгүн өйүгөн ой-максаттарын, чечилбей жаткан көп проблемалар боюнча көз карашын билүүгө туура келди. Аңгыча КПССтин XXVII съездинин тарыхый материалдары басмаларга жарыяланып, калайык-калкка таркатылды. Мейли көгүлтүр экранда болсун, мейли газета-журнал сатылуучу киоскалардын алдында болсун топтошуп, радиого кулак түргөн эл. «Съезддин материалдары жарыяланган республикалык жана борбордук газеталардын капы жерге тамбай эрте келгендер алып, кеч калгандар киоскалардын эшигин жыртып жибере жаздашты. Мейли чоң, мейли кичине коллективде болсун, жыйындар, митингилер өтүп, чогулуп алып, съезддин материалдарын окуп, үйрөнүп жатышты.

Мына, ошондо «сапат маселеси» биринчи орунга сууруллуп чыга келди. Бул — Мамбетжан Сансызбаев сыяктуу [illegible] сөзүн, темир чойгон миллиондогон-миллиондогон карапайым иштерман калктын сыртка чыгара албай жүрөгүндө катканын айттырбай билип алганга тете болду. Акыйкатта да адам баласынын жашоо-тиричилигинде сапатка байланышпаган эмне бар?

Улуу форумдан кайтып келип, ширеткич аппаратын колуна алгандан кийин да Анатолий Васильевич менен кайра жолугушуп, партиянын съезди калтырган чоң таасирлер жөнүндө аңгемелешпей койгон жокпуз. Бүркүт тумшук, селегей бойлуу, арык чырай мына ушул карапайым жумушчу адамынын Съезддер сарайынын кенен жана жарык залында олтуруп, бүткүл совет элинин келечек — жыргалчылыгы, дүйнөдөгү бейкут турмуш үчүн кол көтөрүп, добуш бергендигин укканымда жогоруда кеп болгон турмуштук татаал көрүнүштөр жүрөгүңдү кайрадан өрөөпкүтүп, «Өх-х» деп эс ала түшкөнсүйсүң. Ооба, келечектеги алдыбызга койгон ачык максатыбыз бадырайып көрүнүп турат... Ага кантип жетүү — ар кимибиздин аракетибизге, жан-дүйнөбүзгө, таза ыйманыбызга адамдык ыраазатыбызга тыгыз байланышкан. Жомоктогу «Көз баштык» сыяктуу бул тырмактай тулкупа бүт ааламды сыйдырган чоң маселе тура.

Анатолий Васильевич Цибигей менен болгон маегибиз анын ушул ою көңүлгө бекем орноп, таразанын ташын адамдын «таза ыйман» жагы оордук басып тургансыды... Балким Анатолий Васильевич менен Мамбетжан Сансызбаев бирин-бири таанибастыр. Биринчиси Фрунзе шаарында, экинчиси Чүй районундагы Мичурин колхозунда. Бири — жумушчу, экинчи — колхозчу. Бирок, алардын достугун болоттой ширетип, бекем байланыштырып турган көзгө илээшпес чоң күч кайсы? Ооба, ал орок менен балканын биримдиги... Бири ири заводдун, экинчиси өнүккөн чарбанын өкүлү болгондуктан, сыры терең чоң турмуш аларды бири-бири менен камыр-жумур кылып, бир жүрөктөн таралган кан тамыр сыяктуу камдаштырып койгондугуна анан кантип таңданбайсың! Акыйкатта да, бирисиз экинчиси жашай албайт. Элестүү айтсак, бир энеден төрөлгөн эгиз бала сыяктуу. Эгер Алексей Васильевич өкүлү болгон чоң завод прессподборщик сыяктуу айыл чарба техникаларын чыгарбаса, Мамбетжан Сансызбаев эмгектенген колхоз сыяктуу көп чарбалар миндеген теше жерди иштетип, калайык-калкты эт, сүт, май, нан жана башка азыктар менен камсыз кыла алышпас эле.

«Учурунда айтпаса, сөздүн атасы өлөт» дегендей, шарт келгенде, баягы дархан талаада болгон бир окуяны эстей коюп, Алексей Васильевичке кыйыттым.

— Ооба, эң туура доомат — деди, ширетүүчү сергектик менен серп салып,— кардан вал бекем жана бышык болсо, машина көпкө чыдайт... Кардан валды ширетүүнүн машакаты да көп, анын сапаттуу болушу көп жагдайларга, баа-

рыдан мурда, сырьёго тыгыз байланыштуу... Албетте, бир эле деталь ар түрдүү кесиптеги бир нече кишинин колунан чыгат... Аларды саноо да кыйын. Биздин өлкө канчалык кең болсо, өндүрүштүн ушул тармагына байланышкан уюмдар да өтө көп. Бири түндүктө, экинчиси түштүктө, аралык да алыс. Ар бир тармакта миңдеген адамдар иштешет. Демек, алардын ак дили, адамдык наркы баарын чечет. Сапат жөнүндөгү маселе ошол ар түрдүү региондо иштеген адамдардын ар биринин абийирине жараша боло турган нерсе... Айталы, жаман сырьёдон жакшы буюм жасалбайт эмеспи. Анын сыңарындай кимдир эле бирөө өз ишине кайдыгер карап койсо, анын кесепет-залакасы баарына тиет. Балким, сиз айткан кардан вал да так ошондой болгондур...

Анатолий Васильевич бардык дооматты башкаларга жүктөп, өзүн да актабады... Ушул заводдо эмне жетишпесе, анын кандай кем-карчы жана кемчилиги болсо, аны өзүнө өтө жакын кабыл алып, партиянын тарыхый XXVII съезди алдыга ачык койгон талапка жараша кайра куруу, жаңылануу боюнча баалуу пикирлерин бөлүшө олтурду. Партиянын улуу форумунун делегаты көп жолугушууларды, аңгемелешүүлөрдү өткөрүп, съезддин тарыхый мааниси жөнүндө, анда козголгон дүйнөлүк масштабдагы олуттуу проблемалар тууралуу, илимий-техникалык прогресс, тездетүү, адам фактору деген эмне экендиги жөнүндө эң кызыктуу маек куруп келип, жумушчунун адамдык ар-намысына, анын тазалыгына жана наркына айрыкча токтолгон.

Барып-келип эле, анын акыры — адамдын тазалыгына такалаарын, Алексей Васильевич өзгөчө басым коюп айтты. Адам, мейли ал өндүрүштүн кайсы гана тармагында кызмат өтөбөсүн, анын баскан-турганын, бүтүргөн ишин, коомдук эмгекке жасаган жакшы же жаман мамилесин жана башка көп кырдуу кыймылын эсепке алып «баа берип» туруучу эң ишенимдүү аппарат — анын жеке абийири, ар-сезими тура.

Албетте, биз бул заводдун босогосун биринчи жолу гана аттап, анда эмгектенген ак көз, кара көз ар түрдүү мүнөздөгү, курактагы адамдар менен жаңыдан гана таанышып жаткан жерибиз жок. Мурдагы жылдарда да бул заводдо нечен жолу болуп, цехтерин аралоого, түрдүү кесиптин ээлери менен «сыр алышууга» туура келген. Жумушчу адамдар мөлтүлдөп кылтылдаганды жактырбаган түз калк. Кимиси болсо да, кыңыр-кыйшыгын жашырбай бетине айтат, «Кошу чийге» аралашып, «тийип качып» жүр-

гөндөрдү да жек көрүшөт. Бир жолу ден соолугу деле мыкты, кармаган жеринен кан чыгара турган жаш жигит кайпактап, жок шылтоолорду таап, карааныи эптеп көрсөтүп жүргөн экен, ортого алышып, «электен» өткөрүштү. Ал жигит жатыркап жүрүп, акыры алардын ыгына көнүп ишке тартыла баштады.

Сменадагы жумуш аяктагандан кийин, «чымчык жыйыш» уюштура коюшуп, ары өткөн-бери өткөндөрдү көзүнө илбей, бактын түбүндө «бака-шака» түшкөндөрдү да байкабай койчу эмеспиз. Шишип-көөп, уйкусу канбай, чачы уйпалангандар, же зыңылдаган башын кашып коюп, курган жанын кайда коёрун билбей, денеси курушуп, «эмне үчүн күн өтпөйт» дегендей, дубалдагы чоң сааттын жебесин кайра-кайра карап, мойнунан байлагандай илеңсалаң иштегендер да көзгө чалдыга калчу.

Азыр андай көрүнүштүн бири да байкалбайт. Баары тең сергек, бою-башы таза, жүргөн-турганы тыкан. Албетте, бул — аракечтик, масчылык деп аталып, ар кимдин көңүлүнө көк талкандай тийген ылаңдын кайта ачылбас орго көмүлгөндүгүнүн айгинеси.

Жакынкы эле жылдарда дем кыстыктыруучу киргил түтүн уюгансып, цех ичи даана көрүнбөй, бүдөмүк тартып турчу эле. Эми аны тунук аба менен алмаштыргандай таза, жапжарык, сергилең. Адамдардын мүнөз-маанайы да тээтиги ак мөңгүлүү чокуга чыккандай өргүп, тазарып, бийиктеп, өзгөчө бир чыгармачылык жигер өкүм сүрөт. Оор пресстер дүңк согулуп, адам ордунан козгой албаган жабдууларды конвейерлер илип барып, каалаган жерине жеткирет. Ширеткичтин учунан учкун чачырап, солк этпес сом темирлер кайыштай чоюлуп, каңдала берет. Анатолий Васильевичтин чекесинен чыккан тамчы тер миңдеген-миңдеген баба дыйкандарга кубаныч тартуулап, алар саргайып күткөн айыл чарба машиналарынын керектүү тетиктери даяр болуп жатты.

Кайсы гана жумушчу болбосун, бакыбат колунан жаралган бул, же тигил тетикти кайра-кайра шөкөттөп, эпжөнүнө келтирип, мурда байкалбаган ушунчалык бир күчтүү илеп өкүм сүрөт. Бул кандайча? Себеби, алардын ар биринен партиянын тарыхый съездинин алган түгөнгүс кубат, чыгармачыл дүрмөт, келечекке зор ишеним, ак эмгекти кастарлоо сезими байкалып турат. Аска-зоону оюп кирип кеткендей абада салаңдаган оор жүк көтөрүүчү автоматтар, механизмдер, крандар күркүрөп-шаркырап, кош кабат жаңырып, айыл чарба машиналары эмес эле, асманга алып учучу аппарат жаралып жаткандай, туюмга келесиң. Ошол

татаал механизмдердин «тилин» билген, жаркырак оттон сактануучу темир каска кийген кишилер сага кандайдыр бир сыйкырчыдай сезилип, илим-техниканын кереметине тартыласың. Ушунчалык татаал, адамдын акылын айран кылган ушунчалык күчтүү механизмдер, автоматтар болбосо, кетмен бойлобос дыңды, өңгүл-дөңгүл таштуу жерди коңторуп, үрөнүн сээп, малалап, жумшартып, сугарып, миң кишинин колунан келчү жумушту бир гана агрегат аткарат беле! Мына, илим-техниканын, адам акылынын күчү! Анатолий Васильевичтер анан кантип сыймыктанбайт!

Алардын кереметүү колунан жаралган прессподборщиктер заводдун аянтына тизилип, жөнөтүүгө даяр болуп жатты... Бул шаймандарды ысык-суукту билбей, талаага түнөп, беде сугарган баба дыйкандар күтүп жаткандыр... Эмнеси болсо да, бирисиз экинчиси жашай албайт. Чабылган беденн чиркегичи бар тракторлорго жүктөп, саан уйларга же бордолгон малдарга күн сайын жеткирип туруучу техникалар иштебесе, эт да, сүт да болбойт...

Азык-түлүк проблемасын чечүүгө байланышкан мына ушул маселелер жөнүндө ойлогонумда, Мамбетжан Сансызбаевдин элеси кайрадан көз алдыма тартылып, анын «баланча гектар бедени, түкүнчө гектар жүгөрүнү чаап малга жеткирип турушубуз керек» деп, чабагандап жүргөнү эсиме түштү.

Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездинин делегаты Мамбетжан Сансызбаевдин эл менен жасаган далай жолку маанлетин угуп, райондун бүгүнкүсүн, эртеңкисин жана келечегин ичине кымтыган перспективдүү социалдык-экономикалык пландары менен таанышып чыккам. Бирок, бул бүгүн айтып, чектеп коюп, эртең жүзөгө ашпай калчу куру кыял, көбүрүп-жабырган жел сөз эмес беле. Ал нечен жолу ойлонуп-толгонуп, чама-чаркын тереӊ салмактап көрүп, бир кишинин башынан эмес, миң кишинин акыл-кеңешинен сыгылып чыккан жандуу бир организм сыяктуу жаркын нерселер эле.

Өзгөчө Мамбетжан сыяктуу Ата журт үчүн кан-жанын берген ак дилдүү адамдар «колубуздан келээр бекен» деп күмөн санап, артына «тарткынчактабай, сөзсүз аткарабыз, ал үчүн бардык жагдайлар бар» деген кескин бүтүмүн айтышып, эр жүрөк жоокердей башын бийик көтөрүп, алдыга озунуп чыгышкан. Албетте, бул кан күйгөн согуш талаасы эмес, бейкут эмгектеги ошол эле чоң айкаш сыяктуу ар кимдин адамдык жогору парзын, жүрөк отун сыноочу олуттуу майдан эле. Мындай чечкиндүү кадам чуулдап ок жаап жатканда, башын окопко катпай, өлүмгө тик караган сол-

дат сыяктуу кымбат өмүрүн элинин азап-тозогуна арнаган ак дилдүү адамдардын гана колунан келет.

Муну мен кокусунан айтып жаткан жокмун. Анткени, согуш өз жолу менен деңизчи! Аны адам пендесине бербесин! Бирок, азыгың түгөнүп, кардың ачып, денең кайкаланып, аптаптуу ысык алсыратып турганда, көпчүлүктүн жүгүн аркалап, жоопгуу тапшырма алган киши, ошол азапка чыдабай, кетменин ыргытып баса берсе, ага ишеним болобу? Жаагын карыштырып, катаалдыгына алган аба ырайы акыркы жылдардын ичинде далай эле азап-тозокторду көрсөткөнүн кантип тана алабыз! Буга өзүбүз да көп күбө болдук.

Анан ошондой кыйын кезеңде мол түшүм өстүрүш эмне деген эрдик? Мамбетжан Сансызбаев андай жагдайдын неченин башынан кечирген.

Бир жолу күндүн ысыгы жерди кууруп, көлөкө талашкан ит акактап, кетмен түгүл, кара жанын көтөрүп, көчөгө эл чыкпай калган кезде, мына ушул Мамбетжан денесинен чылпылдап чыккан тер көйнөгүн сыгып алма суу кылып жибергенине карабай, какшып, турган арыктагы жылтыраган сууну ээн кетпесин деп бедеге салып, өзү өстөндүн башына дикилдеп жөө чуркаганын көргөм.

Быйыл, шүгүрчүлүк, күн жаанчыл болуп, ташка да чөп чыкты. Мамбетжандын аңызын араласаңыз, андан бетер пейлиңиз тоюп, каниет аласыз. Богок байлай баштаган күздүктөр кара көк тарта, учу-жээги билинбей, шамалга толкуп, суу топтолгон жасалма көл сыяктуу чалкып жатат. Мелтиреп тегиз чыккан көк жашыл беде аянттарында казкатар тизилген чөп чапкыч механизмдер бир жагынан чаап-жыйнап, экинчи жагынан таңгактап, чиркегичи бар тракторлорду, автомашиналарды айдап, прессподборщиктерди башкарган бакыбат жигиттер кабинасынан башын чыгара кол булгап кызыл жоолукчандарга көз ымдап өтөт. Жаңы чабылган чөптүн жыты буруксуп, гүлкайырдын башына коно калган сары чымчыктар анда иштеген мээнеткеч адамдарды алкап жаткандай чыйрыттап сайрап, талаа кооз, талаа шаңдуу.

Күнгө күйүп, шамалга тотуккан иштерман жигиттер өз эмгегинен кандайдыр бир таберик тарткандай шайырданып, кээде кыңылдап ырдап да жиберишип, чарчап-чаалыгууну билбей, алардын тулку-боюна мурда билинбеген жаңы күү, жаңы шык, жаңы кубат жаралган.

Мунун төркүнүн иликтөө деле кыйынга турбайт эле. Анткени, Мичурин атындагы колхоздун Мамбетжан Сансызбаев жетектеген бригадасында тургандар шаардыктар-

дай кем жашашпайт. Жолдору асфальт. Оймолонуп-чиймеленип, эң кооз жана жарашыктуу салынган турак үйлөрү дүйүм-дарактарга төнүп, эшик алдында тигилген роза гүлдөр ачылып, терезелеринин тушунан алмалары салаңдап, чарбаясына коюу көлөкө түшүп, өзүнчө эле бир эс алуучу дача сыяктуу. Кокус үйлөрүнө кире калсаңыз, эшиктен төргө чейин килем төшөлүп, жасалгалуу гарнитур, түстүү телевизор, белгилүү сүрөтчүлөрдүн полотнолору, дүйнөгө даңкы чыккан жазуучулардын китептери, илимий-техникалык, саясий адабияттар текчелеринде тирелип, анын рухий деңгээл-татымын айгинелеп турат.

Айрымдарынын айына иштеп тапкан жалыйнасы үч жүз сомго чаап барат. Чөнтөктөрүнөн акчасын буртулдатып, жубайы жанында, чүрпөлөрү жетегинде, кино-театрларды кыдырып, китеп дүкөндөрүн аңтарып, баягы жылдардагыдай чүпүрөк-чапырак издебей, рухий дүйнөсүн байытууга баш коюп калышкан.

— Биздин алдыбызда дагы далай ашуу, бийик бел турат,— деди ал, калбаат сүйлөп, андан кандай өтүү — өзүбүздүн чыгармачылык, демилгелүү ишиңерге жараша болот... Илең-салаң болуп, бошоп кеткенибизди кантип тапабыз... Арабызда эптеп көз көрсөтүп, коюу чаңга аралашып жүргөндөр азбы? Чыйралсак, бүйрө болсок, иштин көзүн тааный билип, курулай шаңданбасак, адамдын колунан келбей турган эч нерсе жок. Эскиче иштеп, элдин убалына калууну ким каалайт?

Мамбетжан акыркы сөздү кокусунан айткан жок. Анткени, бул маселе райкомдо, райаткомдо, парткомдо, кала берсе башкармада, бригадада өткөн жайында нечен жолу козголуп, бүт өмүрүн чарбага багыштаган адистер, ветерандар, коммунисттер катуу айыптап келатышат. Дайыма эл камын ойлоп, басса да, турса да учкул кыялда жүргөн Мамбетжан анда айтылган баалуу пикирлерди карылар айткандай «капка салып» миң толгонот. Өзүнүн тынымы жок көп кырдуу ишинде жагдайга жараша жаңыны жаратууга мурдагы жаңылыштыкты кайталабоого аракеттенет.

Айтпаса, бул чарбаны кимдер гана жетектебеген? Алардын ичинде атаганат деп, эл арасында аңыз калтырып, көзү өтсө да, ушул маалга чейин унутулбай, жакшы «из» калтыргандары да болду. «Чү» дегенде эле, ээрге кыйшык отуруп, элге жакпай, шыпырылып түшкөндөр да кезикти. Кээси өз көмөчүнө көбүрөөк күл тартып, топук кыла албай, алакандай алкымдын айынан аласалды. Райондо, республикада болгон чоң масилеттерде «жетекчиликтин жаңы

стили жөнүндө», «эл менен иштеше билүү тууралу» терең талдалган канчалык сонун акыл насыяттар айтылып жатат. Басма сөзгө жарыяланып жатканы канча?

Мамбетжан өзү да райкомдун бир нече секретары, колхоз башкармасы, ар түрдүү кесиптеги адистер менен иштешип келет... Алардын ар биринин мүнөзү да, кыял-жорукгу да, берген көрсөтмөсү да, ишке жана адамга жасаган мамилеси да ар башка. Чорт кыял, ачуусу чукул, көп-сөзгө келбей, тумшугу менен бир тийип, «давайдан» башканы оозанбай, бөөдө кууруп жиберген жетекчи сөрөйлөрдү да көрдү. Иштин жөнүн, шарттын жоктугун айтсаң, андай немелер жардам берүүнүн ордуна, сөз укпай кайра өзүңдү айыптап, «өл тирил аткар» деп, буйрук бере баштачу. Азыр мындай алабармандык, куру кыйкырык, жоон өпкөлүк менен алыс узай албайсың. Мейли чоң, мейли кичине болсун, жагдайды туура баалап, ага катышы бар тигил, же бу кишиге талапты катуу коюп, тапшырылган ишти көзөмөлдөөгө такай алып, ийри отуруп, ак дил менен түз кеңешип турса эле, көп кырдуу татаал өндүрүштү жүргүзүүгө байланышкан ар кандай «Эбеп-себептердин» төркүнү кашкайып чыга келээрин Мамбетжан өз тажрыйбасынан баамдап турат.

Колхоз көп тармактуу чоң чарба, техника да, иштеген ар түрдүү мүнөздөгү, кыял-жоруктагы адамдар да аз эмес. Оң сүйлөсөң, тескери түшүнүп, ала качып алып жүрүп кеткен кежирлер да кездешпей койбойт.

Нечен жылдан берки чыгармачылык карым-катнашымда, Мамбетжан Сансызбаевден мен ак дил, адамгерчиликтүү жогорку сапаттарды байкадым... Качан көрсөң эл аны мейли көчөдөн, мейли кабинетинен, мейли дархан талаадан, аны токтотуп алып, ар түрдүү кем-карчын ойго келбеген мүдөөсүн, жадагалса жалгыз үйү музоо салып койгонунан өйдө айтып, жардам берүүсүн сурашат. Мамбетжан кандай кем-карч болбосун, ошол замат дароо чечүүгө машыгып калган. Бирөө ноокастап, же бир бирөөнүн толгоосу жетилип калдыбы, машина даяр. Колхоздун транспорту бошобосо, мейли түн ортосу болсо да, бирөөнүкүн таап, же өзүнүн менчик машинасын жиберет. Өлүк чыкса, токтоосуз жардам кылып, топурак салууга шашылат. Кары-картаңдарга карамдуу эки адамдын араздашып, кыргый кабак болуп калышына же жок шылтоолорду айтып, эмгек тартибин бузушуна эч убакта жол бербейт. Бирөөнүн арызмуңун, чыр-чатагын аягына чейин чыдап угуу, ак-караны терең талдап, олку-солку болбой, кара кылды как жарган калыстык менен кескин сүйлөө анын эң башкы сапаты.

Ошону үчүн наааразы болуп, жогорку органдарга даттангандар акыркы жылдарда бул чарбада кескин азайды.

— «Жаманды жаман дебегин, жаанда тиет пайдасы». Илгерки карылар ушинтип айтчу экен дейт. — Мамбетжан бүт денесин солкулдатып, күлүп коюп. — Анын сыңарындай кишинин «жаманы» эч болбогондо, суу кечирет... Жаман адам болбойт. Биздин башкы байлыгыбыз да адам жана анын ден соолугу. Дени-карды таза кишинин колунан эмне гана келбейт... Кеп, аны менен сүйлөшө билиште. Жүрөгүндөгү сырын тартып, ийите билсең, сөзүң менен ишинде эки ачалык болбосо, ал сенин артыңдан кантип ээрчибесин!..

Каш карайып, күүгүм киргенде гана, элге молчулук, жерге тынчтык, балдарга күлкү тартуулоонун камын көрүп, чеке тердеткен ак дилдүү астейдил адамдар үйлөрүнө тарай башташты. Бирде түйшүгү мол дархан талаага чапкылап, ара-чолодо эл наказын аткаруу үчүн тийиштүү мекемелерде болуп, керели-кечке жаны жай албаган Мамбетжан да үйүнө кайтты. Асмандан бир үзүм жылдыз үзүлүп түшкөндөй кыштак ичине кут конуп, бак арасынан жаш селкилердин шыңгыр күлкүсү угулуп, музыканын мукамдуу доошун коштогондой жан сергиткен таза жел сокту... Көгүлтүр газ күйүп, жумуштан көңүлү куунак келген Гүлбайра арыдан-бери ысык оокат жасап ийди. Мамбетжандын үй-бүлөсү тегерек столго чогулушту. Кичинекей неберелери чоң атасы менен кужулдап сүйлөшүп, таттуу тилин безеп, мойнунан кучактап, чарчаганын унуткарып жиберишти... Бул кандай сонун бакыт! Моокусу канып, талыкшыган денеси жазыла түшкөн Мамбетжан кечки тамактан кийин, мөмөлөрү салаңдаган жемиш бактарынын ичиндеги көрпөчө төшөк салынып, жаздык коюлган чарпаяга кыңкайды. Асмандагы миң сан жылдыздар менен жымыңдашкан Ильич шамы теребелге нур чачып, Мамбетжан эс алып олтурган чарпаяны да күндүзгүдөй жарык кылып турду. Ал күндөлүк газеталарды барактап жатып, куш тилиндей рапортту окуганда, кубангандан ымшып да кетти. Анткени, анда Мичурин атындагы колхоздун экономикалык жактан жетишкен зор ийгилиги — мамлекетке эт, жүн, жумуртка жана башка азыктарды сатуунун жарым жылдык планы ашык аткарылгандыгы жөнүндө айтылып, Мамбетжан Сансызбаев жетектеген бригаданын ага кошкон зор салымы баса белгиленген эле. Райондук газетага жарыяланган маалымат боюнча тоют даярдоодо да бул бригада алдыга озуп чыгыптыр.

...Эртең бүтүрө турган көп иштер жөнүндө ойлонуп жатып, Мамбетжандын көзү илинип кетти... Анткени, өткөн



ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА

кемчиликтин ордун толтуруу үчүн тездетүү керек, чамдоо керек. Анын үстүнө күндүр-түндүр токтобой жүрүп турган сааттын механизми кандай болсо, чарбанын толгон-токой көп кырдуу иштери да так ошондой ыргакты талап кылган түйшүктүү тармак. Ага эрки күчтүү, ысык аптап, бороон-чапкынды тоготпой, эл камын ойлогон Мамбетжандай ак дилдүү азаматтар гана туруштук бере алышат.

*ЖАПАРКУЛ АЛЫБАЕВ*

---

## ИШЕНИМ

«Өткөн күндөр — өмүр баяным»— деген Р. Рождественскийдин жакшы ыры бар бүткүл союздук радиодон ырдалып жүргөн. Ырас эле, азыр совет эли башынан өткөрүп жаткан кайра куруу менен тездетүү жылдары өзүнчө бир доорго айланып бул бүткүл элдик зор кайра жаралууга катышкан адамдардын ыраатту эмгектери алардын өмүр баяны болуп калаарына шек жок.

Азыр иштөөнүн мүнөзү да, шарты да башкача болуп калды. Баягыдай айылда болсун, шаарда болсун чыныгы ишмер, мээнеткеч адамдардын көлөкөсүндө жашап, ошолордун шарданы менен ооз көбүрткөн көп сөздүү жетекчилердин аягы суюлуп бараткансыйт.

Ошондуктан, маселе өндүрүштү кайра куруу менен катар жетекчи болсун, же карапайым жумушчу, колхозчу болсун, өзүлөрүнүн ой жүгүртүүсүн, жүрүш-турушун, ишке, элге, коомго кылган мамилесин кайра карап чыгууда турабы дейбиз.

Жаңылыкты улгайган адамдарга караганда жаштар тез кабыл алаары небактан бери белгилүү нерсе. Журналисттик чабытта жүргөндө көптөгөн эмгекчи, кыйла жетекчи адамдар менен жолугушууга туура келет. Ушундан улам партиянын азыркы талабына, советтик бүт өндүрүштүк мамилени кайра куруу саясатындагы талаптарга жооп бергидей иштеп келген жетекчилер болгонбу? деген суроого андай адамдар көп болгон, бирок алардын үнү жалпы «жашасын» деген кур кыйкырыкка берилип кетип, угулбай жүргөн деп жооп берер элем. Бул ой толгоолорду эмне үчүн айтып отурабыз? Мурда газета-журналдарга, радиотелекөрсөтүүгө очерк же очерктик баян жазуу менен журна-

[illegible] азыркы ишинин айырмасы башкача болуп калды. Азыр мурдагыдай «баланча чабан түкүнчө майрамдын [illegible] шыктанып өзүнө жогорулатылган мындай милдеттенмелер алды» деп чиймелеп басма сөзгө түртө салууга болбойт. Анткени, азыр план да, милдеттенме да, аларды аткаруу мөөнөттөрү да башка эмеспи: Мурда чабандын койлорунун саны жөнүндө сөз болсо, азыр аны багуунун технологиясын жазуу талапка ылайык болуп калды.

Мени башынан эле жаңы өздөштүрүлгөн жерлер кызыктырып келген. Асыресе бул Бүргөндү чөлүнө тиешелүү. Бүргөндү чөлү Катраң тоосунун этегин ээлеп, тиги эле Көкөндүн үстү жагына чейин созулуп жатат. Азыр Фрунзе районундагы өздөштүрүлгөн жерлерде Орозбеков атындагы совхоз менен «Бүргөндү» совхозу жайгашып, ал талаада мурда нйри кескелдирик гана алкымын балкылдатып, буттарын тайтайтып чуркап жүргөнү азыр унутулуп калды. Ал эми Баткен районуна караштуу жагында миңдеген гектар жерлерди өздөштүргөн «Төрт-Күл» совхозу бар. Чөл болсо кыргыз, өзбек жерлеринен Тажикстандын Ленинабад областын кыйгап өтүп, Лейлек районундагы Кулунду таласына барып такалат.

А. Орозбеков атындагы совхоз 1975-жылы уюшулуп совхоздун борбору деп «Кыргыз кыштак» айлын атай турган болушту. Риштан менен Алты-Арыктын ортосунда жаткан бул чакан айыл, тиги жогору, 30 чакырым алыстагы XXI партсъезд атындагы колхозунун бир участкасы боло турган. Мен бул чарбага уюшулганына эки жыл болгондон кийин, 1977-жылы бардым. «Совхоздун жаңы директору» дешип узун бойлуу, кырдач мурун кара жигитти көрсөтүшкөн. Сөздүн түз маанисинде айтканда «Совхоз» деген түшүнүккө жооп бере турган: Контор, клуб, мектеп, китепкана, медпункт дегендерди мындай кой эң зарыл керектүү: гараж, сарай, мастерской, контордун да орду жок болучу. Чарбанын болгон байлыгы жаңы өздөштүрүлгөн 711 гектар жер жана өздөштүрүлө элек 1496 гектар аянты менен 12500 кой-эчкиси боло турган. Фергана — Кокон жолунда батышты көздөй сызып бараткандa ак тамдуу дүпүйгөн кыштакты асфальт жол аралары менен: «Кыргызстан, Ош областы, Фрунзе районунун Орозбеков атындагы совхозу» деп жаркырап турган жазууга туш келесиң. Күн кечтеп калган кез. Бададан көчө толо үйлар келатат.

— Совхоздун конторасы мобу беле? — деп сурайм велосипедчен баладан.

— Жок, бул поликлиника. «Тигиби?» дегендей үнсүз аркы ак сарайды көрсөтсөм:

— Жок,— дейт бала — менин эзмелигиме жини кайнагансып. — Ал маданият үйү. Анын берки ак тамы — айылдык советтики, совхоздун конторасы оо, заправкадан төмөнкү имарат.

Мына эми, арадан тогуз жыл мурда биз Бекмамат менен көчөдөн учурашып кетсек, азыр директордун кең-кесири кабинетинде аңгемелешип отурабыз. Сыртта Бүргөндүнүн 40 градус ысыгын кондиционер кабинеттен жай бербегенсип айдап турат.

Бекмамат бир кыйла тотугуп, тотукмак түгүл орто жаштагы, көптү көргөн жетекчилердей сенин отуруш-турушуңа көз кыйытып, берген жообум кандай таасир калтырды дегенсип байкап, шашпай, баамдуу сүйлөйт.

— Чарбаны өткөрүп алган жылдары аябай кыйналдык, азыр деле оңой эмес дечизчи. Бирок, ошондо бизге ушунча элди, жерди, малды ишенип берген өкүмөткө ракмат.

Бекмаматты мен бала чагынан бери билгенименби, же жөн гана ал жетектеген совхоздун элинин турмушуна, дегеле жок жерден бар болгон бул чарбанын тагдырына чын дилимен кызыкканым аны мага жакындатып салдыбы, айтор талыкшыган денесин качырата керилип алды да:

— Мага назарын салып оң жол көрсөтүп кеткен бир адам болду. Чындыгында ал кишинин ишмердиги Ош областы гана эмес, республиканын экономикасы менен маданиятынын өнүгүшүнө да бир кыйла таасирин тийгизди деп айтсам жаңылышпайм,— деп буларды айтып берди.

1973-жылы Мичуринскидеги жашылча-жемиш институтун бүтүрүп келип, Кара-Суу районундагы «Кыргызстан» совхозунда бакчачы-агроном болуп иштеп жүрдүм. Бир эки жыл өтпөй эле, ага агроном, анан директордун соода боюнча орун басары болуп калгам. Конторага келсем: «директордо обкомдон келген адамдар бар» дешти. Бирок, менин ишим зарыл эле: алма бактарды дарылоо кечигип, директор менен дароо сүйлөшүү керек болучу. «Кирбе, чоңдор бар» дегенге болбой «алмаларга курт түшүп жатса, эмнеге кирбейм» деп бакылдаган боюнча кирип барсам, директор менен узун бойлуу, жар кабак, колу шадылуу бир адам тикесинен туруп сүйлөшүп турушуптур. Кыязы, тиги киши жөнөйүн деп козголуп калган учуруна туш келсем керек. Эшикти шарактатып кирип барганда экөө тең мени карап калышты. Тиги киши мага жылмая:

— Ошончолук зарыл ишиң болсо тартынбай айта бер — деди. Чагымда сыртта бакылдап сүйлөгөн сөздөр угулуп турса керек. Ыйбагып сүрдөй түшкөнүмдү дароо байкай койду да: — Кана, эмне иштериң бар? — деп столго отура

кетти. Директор да шашып-бушуп мени тааныштыра койду.

Мына ошондо а киши менин бүт өмүр баянымды сурады. Өмүр баяным болсо — онунчуну бүттүм, анан институтка бардым, эми мына иштеп жатам — деген төрт гана сөздөн турганын айттым. Сөздүн кыябынан байкалгандай ал мени жанылча техникумун бүткөн экен деп ойлоп отурду керек. Мичуринскиден окуганымды уккандан соң, баарын билгиси келди: Ошол жылы Кыргызстандан барган канча бала бүткөнүн, төмөнкү курстарда дагы нече бала окуп жаткандарын сурады. Кандай факультеттер бар экенин да билип чөнтөк дептерине чийип койду. Ата-энең, үй-бүлөң жөнүндө айтып бер деп, аны ынтаа менен укту да анан кайырлашып кетүүгө камынды. А кишинин артынан сыртка чыгып баратканда директор: «Обкомдун биринчи секретары — Султан Ибраимович ушу» деди. Атын угуп жүргөм, «Ии, ушул адам экен да» дедим ичимен. Ошондон соң мен жөнүндө сураштырып, сыртыман байкап жүргөнүн кийин билдим.

1976-жылы Султан Ибраимович мени обкомго чакырды. Сүрдөсөм да өзүмдү тута билип, суроолоруна колдон келишинче тың жооп берүүгө тырыштым.

— Биз сени Үч-Коргон мамлекеттик көчөт питомнигине директорлукка сунуш кылып жатабыз. Бир катырып иштеп бербесең болбойт — деди. Анан ал Фрунзе районунда курулуп жаткан Бүргөндү каналы, анын суусу менен какыраган канча жердин сугарылаары жөнүндө кеп салды. Сен өстүргөн көчөттөр мына ошо жерлерге керек болот деди.

— Ишеничиңизге ракмат, бирок мен али жашмын, ишти жетектеп кете аламбы? — дедим ылдый карап.

— Аскерге нече жаштан алат, билесиңби?

— Он сегизден алат да агай.

— Көрдүңбү, Ата Мекенди коргоону он сегиздеги жигиттерге ишенет бекен? Ал эми сен жыйырма бештесиң. Төөдөй болуп туруп, бир питомниктин милдетин моюнга алгандан коркосуң — деп акырын тамашага чалгансыганы менен катуу, кескин айтты.

Султан агай 1977-жылы Бүргөндү каналынын салтанаттуу ачылышына келип калды. Каналды ачуу салтанаты бүтүп, эл тарап жатканда, келген меймандардын көңүлүн буруп; — Мынабу жигит областтагы эң жаш директорубуз — Рыскулов дегенде, мени тер басып кеткени али эсимде.

Андан кийин а киши Фрунзеге ишке которулуп кетти. Султан Ибраимовичтин мен жөнүндө камкордук көрүп, менин өндүрүштөгү жасаган алгачкы кадамымды кубаттап

жүргөндүгүн кийин мен даана түшүндүм. Совхозго келгенден кийин пахта планын эрте аткарып калдык. А кезде чарбада пахта да экчүбүз. Талаада жүрсөм; — Сизди Фрунзеден бирөө шашылыш сурап жатат — дешти.

— Ким чакырды экен? — деп аң-таң болуп жетип келсем, Султан Ибраимович экен. — «Бекмамат, планды аткарышыңды куттуктап коёюн дедим эле, эми ишенимди актап жакшы иштеп жүр»— деп трубканы илип койбоспу!

— Эми Сизге эмне деп айтсам, мына ушундан кийин кантип иштебей коюуга болот?

Мен «чын» деп баш ийкөөгө мажбур болдум. Бекмамат ордунан туруп ары-бери басты да: — Биздин совхоз «жылаңач» кезинде көрдүңүз эле, азыр бир аз бой түзөп калганда келип турасыз. Мына төрт жылдын жүзү болду, совхоз рентабелдүү болуп калды. Кирешебиз көп болбосо да карыз эмеспиз,— деди.

Ооба, Бекмамат Рыскулов өтө жупунуланып айткандай совхоз бой түзөмөк түгүл, жыл сайын өсүүнүн үстүндө. Мисалы чарбадагы курулушту эле алалы. Маданият үйү, контора, гараж, жер семирткичтерди сактоочу кампа, эки талаа станы, 40 орундуу бала бакча, турмуш-тиричилик үйү, борбордук склад, тоют цехи, кыркын пункту, тамекини кабыл алуучу жай, 150 жылкы сыя турган сарай, 8 кашар, ашкана, мына ушунун баарын совхоз өз күчү менен куруп алган. Совхоздогу чарба боюнча иштеп жүргөндөрдүн тили менен айтканда бул курулуштар «хозспособ» жолу менен бүткөрүлгөн.

Совхоздо иштеген адистерди үй менен камсыз кылуу да жаман эмес. Алар үчүн подряддык жол менен 15 квартира курулуп берилген. Адам факторун эстен чыгарбаган совхоз жетекчилери жумушчуларды медициналык жактан тейлөөнү эң башкы милдеттеринин бири катары түшүнүшөт.

Биз ошерде жүргөндө 25 койкалуу оорукана үчүн 20 миң сомдук жабдууларды түшүрүп жатканын көрдүк.

— Участкалык оорукана үчүн совхоздун конторасын бошотуп бермей болдук. Эски медпункт болсо төрөт үчүн калат,— дейт парторг Ташполот Матиров.

Биздин совхоздун элинин көпчүлүгү тоо арасынан көчүрүлүп келгендер. Албетте, башка жактан, мисалы коңшу республикалардан келип иштегендер да бар. Аларга үй-жай, мал-жан күтүүгө ссуда берилет. Азыр совхоздо менчик үйү жок адам чанда гана чыгат. Менчик малдар үчүн совхоз камкордук көрөт. Партиялык баштапкы уюмда: «совхоздогу ар бир жумушчу үйлүү болуш керек» деген келечекке эсептелген чечим кабыл алганбыз. Совхоз ара-

ындагы жолдорду ондоо да башкы максаттардын бири, 4 километр айыл ичиндеги жолду асьфальттатып алдык. Айылдагы орто мектептин ишине да көп жардамдарды берүүгө туура келет. Совхоздо келечекте кадр маселесине да көз коруп, жергиликтүү 6 балага стипендия төлөп, жогорку окуу жайынан окутуп жатабыз.

А. Орозбеков атындагы бул совхоздун жетекчилери жаштар болсо, эл алдында жүзү жарык иштегендери да жаштар. Чарбадагы комсомол комитети 232 улан, кызды баш коштуруп турат. Комсомол комитетинин секретары Нургул Өмүкеева директор менен парторгдун оң колу. Комсомолдор кийлигишпеген бир да иш жок.

Бүргөндү талаасынын жаратылышы өтө оор экенин баяныбыздын башында айтып кетсек да бул жер жөнүндө дагы бир эки ооз сөздү кошууга туура келет. Чарба болгондон соң анын мал-жанына жайыт керек эмеспи. Ал эми буердин Катран тоосуна аба ырайы кургакчылык болгон кээ бир жылдары шыбак да чыкпай калат. Ал эми совхоздогу малга жем-чөп керек. Ошондуктан, Баткен, Фрунзе райондорундагы кээ бир чарбалар тоют даярдоо үчүн адамдарын Чүй бооруна, Токтогул, Сузак, Өзгөн райондоруна жөнөтүүгө мажбур болушат. Бул чарба азырынча өз малын өз тоюту менен багууга зор аракет кылып келатат. Совхоздун чарбалык абалы менен таанышып отуруп, сапарыбыз карып, убакыт бучкактап калганда, директорго мына мындай суроо менен кайрылдык.

— Мамлекет какыраган чөлгө мына ушундай там-таштуу, техникасы күчтүү совхоз куруу үчүн кыйла каражат жумшаганы баарыга белгилүү. Эми совхоздун мамлекетке болгон кайтаруусу барбы, болсо канча? — дедик.

— Совхоз азыр бардык ишин кайра куруунун үстүндө. Мурдагыдай шаштырып иштөө ыкмасы түшкө кирбей тургандай окуя болду. Акырындап болсо да чарбалык эсепке өтүп келатабыз. Азыр баягыдай майда-чүйдө иштер менен директордун эшигин жырткан адистер да, жумушчулар да жок. Баары өзүнө тагылган иштерди кантип баштоону, иштөөнү, кантип түпкү натыйжага жетишерин жакшы билишет.

— Ал эми биз болсок сары ооз балапандай канчага чейин оозду ача беребиз. Совхоз эчкинин жүнүнөн 550 миң сом, этинен 280 миң, тамекиден 900 миң киреше алат. Жыл сайын сезондо Кадамжай менен Кызыл-Кыянын шахтерлоруна 560 тонна помидор, пыяз, 220 тонна дарбыз, 250 тонна жүзүм сатабыз. Жылына 28 тонна беде үрөнүн өндүрөбүз. Ал эми үрөндүн ар центнери өтө кымбат турарын эске

тутуп, аянтын 170 гектарга жеткирсекпи деген ой бар. Дегинкиси максат коюп, талыкпай тармакты ар тараптан өнүктүрүү керек.

Коммунист, жаш жетекчи Бекмамат Рыскуловду бала кезинен билерим чын. Кабарчылык көчмөн турмушта Ош аэропортунун колтугундагы эле эң кең пейилдүү меймандос айылда кыйла жыл жашаганбыз. Атасын, агасын, анын айылдаштарын жакшы билчүмүн. Бир гана — ошо кездеги көчөнүн аягындагы мектепке биздин үйдүн жанынан күнүгө эки маал өткөн арык кара баланын чарбаны жетектеп, миңдеген кожолугу бар совхоздун жетекчиси болоорун билген эмес экемин.

***ИСАБЕК ИСАКОВ***

---

## ЫЙЫК ӨРНӨК

Жалбыз чөптөр жайнап өскөн булак боюнда атайын эс алууга чыккан жаш жигит тоо абасынан кере-кере дем алып, көз отун алыска таштай таттуу кыялдарга баткан сайын мелүүн жел маңдайдан сылайт. Ага терең машырланып, жаштык махабат жандаган жакшы ойлордун канатында сызат. Ал кадамын бир ыргакта таштаган сайын тушардан ашкан жашыл тулаң буттарына оролуп, ал эми бутактап өскөн жалбыздарга урунган сайын анын кеңилжээрди өрдөгөн жыпар жыты тула бойду дүүлүктүрүп бой жазат. Ээндикте жалгыз бараткан боз уландын шайдоот кыймылын мөлтүр булак гана коштоп, жалбыз жыты сезим туйгуларын козгоп, өткөн күндөрүн эске салат. Анда ал сүйгөн кызын сапарга жөнөтүп жатып так ушул булак боюнан жолугушуп баарлашканы эсинде. Анда да ушундай көркөм жайдын толук мезгили эле. Көгүлтүр тарткан чексиз таза асмандан жылдыздар быжырап жайнап, түнкү сыдырым атырын төгүп турган. Анда да булак бойлоп баскан сайын жалбыз жыты буркурап, эки жаштын, ой-сезимине канат бүтүрүп, сөздү эмнеден баштарын билишпей дагы эле баягы жыты бур эткен жалбыз сырын козгошкон.

— Бах, чиркин ай! Жалбыз жыты укмушко!

— Бул сулуу табигат тартуулаган белек да!

— Ошону айтсаң, табигат адамга баардыгын тартуулап жатат. Ар түркүн кең байлыктар да адамга керектүү

кийим, тамак аш — баардыгы жаратылыштын кереметтүү тартуусунан жаралган. Аны адам баласы өндүрүп алуу керек.

— Эмнеден? — деди кыз үнү назиктене.

— Жерден. Жерди иштетип,— деди боз улан токтолбой жооп берип.

— Өжөр окшойсуң, мурдагы эле айткан оюңдан кайтпайсың.

— Ооба, ал чындык максатым! Темир тулпар тракторду башкарып, жер кыртышын аңтарып, дыйкан механизатор болсом дейм!

— Аманчылык болсо ой-тилегиңдин өтөөсүнө чыгарсың.

— Менин максатыма сенин да көмөктөш болууңду өтүнөм.

Боз улан жалгыз баратса да жанында сүйгөн кызы кошо жүргөнсүп, аны менен сыр түйүнүн бирге чечишкенсип, өз жадымында далай элестерди көз алдынан чубайт. Сүйгөн гүлүнө жакшы тилектерди, бекем ден соолукту каалайт. Анан өзү жаттап алган музыкалуу ыр саптарын ичинен кайрып үн созот.

Айла канча жакын туруп алыссың,
Жетпеген соң не көрдүм тааныштым.
Бирок, сенин бар экениң зор бакыт,
Бул дүйнөгө мага күйгөн жарыксың.

Мен улгайсам, сен гүл өңдүү буралып,
Мен бурулуп, сен кайрадан чыңалып.
Көз жумаарда карегиме батырып,
Кетсем мейли анан уктап суналып.

Айлар өткөн сайын бири-бирин жактырып калган эки жаштын көкүрөк дилдеринде сүйүү толкундары терең уялап арзып жүрүп баш кошушту.

— Жума күйөө балабыз жылдыздуу жигиттерден экен. Аман болсун. Тракторун зырылдата айтап, талаа-түздөрдө, ой тоолордо колхоз жумушун тынбай жасап, барбалактап жүргөнүн көрөсүң.

— Күйөө балабыз өзү да окуп, кызыбызды да окутуп бир иштин башын мыкчыса болмок.

— Анын туура дечи. Бирок, колхоз башкармасы он жылдыкты бүткөндүн баары окууга кетип калса, чарбада кары-картаңдар иштейби? — деп, сурап алып калды дешетко.

— Ооба, ошондой болду — деп, кеп-сөзгө аралашты бухгалтер Үсөйүн чекесиндеги чыбырчыктаган терин аарчып жатып,— колхоз председатели азыр чарбабызды жаш

кадрлар менен толуктоону улантып жатат. Антпесе оолбойт да!

Көп жылдардан бери колхоздун эсеп-кысап иштерин так жүргүзгөн, өз кесибинде чыйрак, кыбың көз, кубакай жүз Үсөйүн Жуманын туулган жеринде калып иштеп жаткан тагдыры жөнүндө күбө боло беркилерди ынандырып койду.

Жума ар кандай ишке кичинесинен тартып эле шыктуу өстү. Жыл бою мектепте окуп, жайкы каникулга эс алууга тараган мезгилде ата-энесинин мал багуу иштерине кол кабыш кылды. Чалгы чаап, тоют топтоо иштерине көмөк көрсөттү. Түшүм жыйноо жумуштарына катышты. Анан эң негизгиси — колхоздун мехпаркында боло калып ремонтто турган автомашина, трактор, комбайн жана башка техникалардын майда-барат иштерине аралашып кызыгуусу артыла баштады. Мындай жакшы саамалык текке кетпеди. Мектепте да бир кесиптик ишке — тракторист болууга үйрөтүү сабагы окутулуп анын механизаторлук талабын ого бетер курчутту. Ошентип, ал орто билимге ээ болуу менен бирге трактористтик кесипти өздөштүрүп биротоло өз айлында иштөөгө калды.

Эки жаштын күндөлүк турмушу көңүлдүү өтүп жатты. Күндөр закымдап учкан сайын Жума Исманкуловдун өз кесибине болгон сүймөнчүлүгү да артылып, тракторунун татаал тетиктерин чебер үйрөнүп, ремонт иштерин механиксиз эле өзү жасоого өттү. Кээ бир убактарда техника ишине Шахтар да аралашып, жубайы Жумага кол кабыш кыла коюп жүрдү.

— Карала-торала болуп эмне кыласың. Үй ишиң менен алек болсоңчу. Темир тулпарды өзүм эле жөндөп ремонттоп алам! — деп болбой көжөлөнгөн Жуманын жообуна Шахтар моюн толгоп:

— Жума, мен чынымды айтсам, трактор башкарууга аябай ынтызар болуп жүрөм. Биздин райондо аялдардан чыккан айрым механизаторлордун ысымдары даңазалуу болуп баратат — деди, көптөн берки ичтеги сырын ачыкка чыгарып...

— Сенде чоң сыр жатат окшойт. Кана айтчы, дагы угайын! — деди Жума чын ниетинен үлбүрөгөн жаш келинчегинин маңдайына түшкөн саамайынан эркелете сылай.

— Мен да механизаторлук кесипке ээ болуп, өзүң менен тең тайлаша иштесем дейм! Азыр аялдар бардык иштерге аралашып жатпайбы!

Шахтар бул сөздөрүн чечкиндүү айтты. Жума болсо буга бир аз ийиге калды. Баарынан да «Азыр аялдар бар-

дык иштерге аралашып жатпайбы!» деген сөз Жуманын жүрөгүнө уюй калды.

— Эрк өзүңдө алтыным! Эмгекке эркектерче шымаланып билек түрүнсөң, жолуң ачык,— деди Жума жайдары жылмайып, тракторунун бензин насосун тазалап жатып.

Аракет текке кетпеди. Кээ күндөрү Шахтар өмүрлүк жары Жуманын тракторунун рулуна олтура калып от алдырып, ордунан жылдырып, биринчи, экинчи ылдамдыктарга коюп, кош айдоо учурунда бирге жүргөн күндөрү да болду. Өмүрлүк жары Шахтардын жигиттердей шаңдуу, тыкан, айтканынан кайтпаган бекем эрки, сөзгө туруктуулугу, элпектиги, ыкчам аракети анын эмгекке болгон мүнөзүн да өзгөртүп, мезгил өткөн сайын максатын чыңады. Техникага дилгир кыз айылда ачылган СПТУдан да окуп практикалык иште теория менен айкалыштырып чыңады. Ошентип, арадан үч жыл өтпөй Шахтар өмүрлүк жары Жума менен жарыша болот тулпарга ээ болуп, жашоо тагдырын биротоло механизатор болууга байлады...

«Жакшыдан качпа, жаманды баспа» дегендей Шахтар механизатор жигит Жумага баш кошкону бактылуу өмүрдүн, жакшы иштердин чыйыры менен баратты. Чарбада жигердүүлүк менен иштеп, чоң тажрыйбаларга ээ боло баштады. Тулпар аттай болуп көнүгүп калган «Белорусуна» ар дайым аяр жана камкор мамиле жасап, кышкы ремонт жумуштарына активдүү катышып жүрдү. Ар жыл сайын келүүчү жазгы кош айдоо, жайкы чөп чабуу, малга тоют камдоо, күзгү оруп-жыюу, комбайн чабуу өнөктүгү Шахтар менен Жуманын катышуусу менен өтүп жатты...

Ал эми кыштын кычыраган суук күндөрүндө да Шахтар баар тапкан эмгегинен кол үзбөдү. «Эмгектүү жанда чарчоо жок» сыңары ал «Белорусун» тызылдата айдап, кыштоодогу сарайларга жем, чөп, туз, ошондой эле курулуш материалдарын жеткирип турду.

— Булардын баары коомдук иш, колхоздун кызыкчылыгы. Биз чарба жумушчулары, тажрыйбага ээ механизаторлор бир тууган колхозубуздун ар түркүн зарыл иштерине кыйыктанбай аралашсак, аны сүйө билип барктасак, кичинеден чоң нерсе жаралып, элибиздин байлыгы артыла бермекчи,— дейт Шахтар.

Тракторуна олтурганда башына бир байлам кызыл жоолук салынып, кайыңдай түз өскөн жарашыктуу ичке боюна комбинзон кийинип, моторун заркырата от алдырып, тележкасына толтура чиринди кыкты жүктөгөн кубакай жүз

Шахтар таң азандан талаага — Байтел боюна келатты. Айылдан эки километр узап калганда анын алдынан бирөө суроо салмайын көп сүйлөбөгөн, коңур мүнөз, кызгылт жүз, чарбанын алдыңкы тажрыйбалуу чабандарынын бири Мүсүй Жапаров карп-курп жолугуп калды.

— Шахтар, эр эмгегин эл баалайт деген ырас экен. Сенин ак ниет эмгегиң өз жемишин берип, КПСС-тин мүчөлүгүнө кабыл алынганың кечээ уктум. Эл, журтуна, айылдаштарына өз баркың менен көрүнүп, кадыр-сыйга ээ болуу кандай сонун! Кут болсун, ийгилигиң!

— Айтканыңыз келсин! Өзүңүздүн төлүңүз арбын болушун каалайм! Жума экөөбүз сиздин отордо сакмалчы болуп жүрүп көнүп калыптырбыз. Кабыл алсаңыз быйыл да барабыз — деди, Шахтар үнүн көңүлдүү чыгарып.

— Өзүңдөй үлгүлүү коммунисттерди кабыл алууга дайым даярмын. Жума экөөңөр келгенде ак жолтой болуп, улагама кут конуп, төлүм арбын болчу эле. Бул мендеги жакшы жышаан, — деди Мүсүй үмүттүү жооп кайтарып...

Бирөөлөргө «түнт» көрүнүп, кээде шашылбай, каалгый баскан орто бойлуу, кызгылт жүз Мүсүй бала кезинен өз колхозунда талыкпай иштеп, көбүнчө малчылык жагына ооду. Кийинки он жылдардын ичинде туут кой багып, милдеттенмесин ар жыл сайын ашыгы менен аткарат. Ар жыл сайын сыйлыктарга ээ болот. Өзүнө сакмалчы болуп баргандар менен таттуу мамиледе болуп, иштөө шартын түзүп берип турат. Ошол үчүн кээ бирөөлөр: «Мүсүйгө сакмалчы болуп барабыз!» деп ынтызар. Шахтар менен Жума да алты жыл удаасы менен сакмалчы болуп барышып, эрки бек чабандын козуларын ирдентип беришти. Козулардын бир башын да чыгымга учураткан жок. Мына ушундай жакшы мамиледен улам Мүсүй Шахтар менен Жуманы ичинен абдан жактырат.

Аял башы менен жигиттерче ыкчам кыймылдап, трактор башкарып, жер айдап, жер менен дос болуп, дыйканчылык ишин өнүктүрүп жатканы — колхоздун сыймыгы эмеспи. Анын өмүрлүк жары Жума да элпек, шайыр, үй-бүлө сырын түшүнгөн жигиттерден болуп өстү. Үрөн, бутагы жайылып, бала-чакалуу болушту. «Ырыс алды ынтымак» дегендей өндүрүштөн эч кол үзбөй балдарын да тарбиялап, короо-жайларын жашыл бакка бөлөп, зымылдата иретке келтирип, мөмө-жемиштерин жайнатып өз оокатына тың болушу башкалар үчүн өрнөк эмеспи» деп мактоого алып кобурап калчу Мүсүй Шахтар менен Жума жөнүндө сөз боло калганда. Мүсүй азыр да замандашта-

ры жөнүндө ушундай жакшы ойлордун толкунунда келатты.

Эмгекте эриш-аркак болуу — майда булак башаттары күрүлдөп аккан бир чоң дайраны түзгөндөй чарбанын экономикалык байлыгын көтөрүп, колхоз даңазасын арттырат эмеспи.

Ар жыл сайын эгин аянттарын азыктандырып, жер семирткичтерди төгүү ишинде Шахтар, Жума да кол кабыш кылбай калган күндөрү жок. Бул жылы да ал эки жүз тоннадан ашык жергиликтүү минералдык жер семирткичтерди өздөрү эгин айдоочу аянттарга төктү.

Натыйжа жаман болгон жок. Шахтар, Жума өздөрү бороз салып айдап, өздөрү сээп айдаган Байтел, Бабан участкаларынан күз жыйынында ар бир гектардан 56 центнерден, ал эми кайсы бир жерлерден гектарына айландырганда 74 центнерден түшүм алгандыгы дыйкандар арасында даңаза болуп, басма сөздөрдө да эчен ирет жарыяланды.

Колхоз кийинки жылдарда совхозго айландырылып, жумушчулардын бирдиктүү системада эмгек этүүсүнө чоң мүмкүндүктөр түзүлдү. Чарбада бирин бири сүрөп, атаандаш жасаган — аялдардан чыккан механизаторлордун саны көбөйө берди. Кызыл жоолугун артына жарашыктуу байланып, кыз-келиндер арасынан биринчи суурулуп чыккан механизатор, эмгек ветераны Жамыйла Кыдыралиеванын демилгеси менен «Кызыл жоолукчандар бригадасы» уюштурулду. «Кызыл жоолукчандардын» активдүү мүчөлөрү болуп Шахтар Исманкулова, Салкын Эсентаева, Сайна Сапаева, Мээрбүбү Өмүрова, Асанбүбү Байчороева, Токон Канатова, Сагыйпа Акматова, Гүлзина Дүйшөналиева, Сагын Тыналиева жана башка жолдоштор мурдагыдан активдүү иш жүргүздү. Көпчүлүгү орден, медалдар менен сыйланып, социалисттик мелдештин бир нече ирет жеңүүчүлөрү деп аталды. Райондук, областтык жана республикалык Советтерге депутат болуп көрсөтүлүп, «эл кызы» деп аталып атак-даңкка ээ болгондор да жок эмес. Алардын арасында бир нече медаль, ордендердин ээси, үй-бүлөсү менен механизаторлук кесипти уланткан Гүлзина Дүйшөналиева, Шахтар Исманкуловалардын ысмы алыска кеткен. Гүлзина менен Шахтар экөө тең Москва шаарында болуп, ВДНХга катышып, Паша Ангелина атындагы сыйлыктарга эки, үч ирет ээ болгон механизаторлордон. Шахтар Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездине, ошондой эле КПССтин XXVII съездине делегат болуп катышып, чарбанын, өндүрүштүн алдыңкыларынын арасында ысмы атал-

ды. Бул жакшы жөрөлгө совхоздун гана эмес, райондун эмгекчилерин сыймыкка бөлөп, үлгү ала турган, өзгөчө бөлүп айта турган өрнөктүү саамалыктарынан болуп калды.

Совхоздогу кыз-келиндерден түзүлгөн «Кызыл жоолукчандар» аттуу механизаторлук бригаданы аялдардан чыккан биринчи баатыр космонавт Валентина Терешкова да кызуу куттуктап, атайын кат менен кайрылып, алардын баатырдык эмгеги өчпөй алоолой берүүсүн каалаган. Буга зор шыктануу алган кыз-келиндер эки эселенген кайрат менен иштөөдө...

* * *

— Мен кийинки кездерде бош учурларымды туура пайдаланып, ар түрдүү саясий, өндүрүш, чарбага байланышкан адабияттарды, ошондой эле өз адистигиме ылайык келген механизаторлук иштерге тийиштүү китептерди көбүрөөк окуучу болдум,— дейт атактуу механизатор биз менен болгон аңгемесинде өзүнө-өзү ыраазы болгон түрдө,— ал мага дыйканчылыкты, механизаторлук адистикти тереӊ үйрөнүүгө, ошондой эле мехпарк боюнча партиялык топтун жетекчиси, партиялык бюронун мүчөсү катары көптү билип, көптү үйрөнүүгө чоң көмөк берип жатат. Мисалы үчүн Ж. Мойдуновдун «Жерге — камкордук», С. Карпев менен Т. Мусабаевдин «Жол жүрүү эрежеси жөнүндө», В. Г. Левенконун «Кыргыз кымызы», «Механизатор аялдар», З. Алиевдин, С. Орозалиевдин «Кочкор өрөөнү» сыяктуу китептерди окуп чыктым. Албетте, булар мага маяктай жол көрсөтүп, алгалап иштөөмө дем, күч берип, күзгүдөй максаттарга жарык нур чачууда.

— А көркөм адабият китептерде табитиңиз кандай?

— Аларга болгон кызыгуум да өзгөчө жакшы. Ысмы бүткүл дүйнөнү дүңгүрөткөн сүйүктүү жазуучубуз Ч. Айтматовдун чыгармалары мени өтө кызыктырат. Улуу жазуучунун «Биринчи мугалим» аттуу чыгармасын окуп олтуруп, өтө татаал кыйын күндөрдө, тап күрөшү кырчылдап турган мезгилдеринде Совет бийлигин жан дили менен жактап, кедей-кембагалдардын балдарын чогултуп, алгачкы «А» тамгасын окутуп, мугалим болгон Дүйшөндүн, биринчи окуучуларынан болгон Алтынайдын тагдырлары мени өзгөчө ойлонтту, толкутту. Дүйшөндүн мектебинен окуган, кийин академик болгон Алтынай Сулайманова биринчи мугалимин, анын жаркын эмгегин унутпай адамгерчилик менен баалаганы, тереӊ урматтап эскергени улуу гумандуулук, акылы жетиктик эмеспи.

Ушул жерде Шахтар кандайдыр өзүнө байланыштуу аянычтуу адамгерчиликти, таалайлуу тагдырды айткысы келдиби, сөздү башка жакка бурду.

— Мына мен азыр өз ишим менен аздыр-көптүр эл-журтума таанылып калдым дейин. Бирок, ушул иштин биринчи демилгечиси, колума биринчи желек берүүчү ким болду? Менин механизаторлук кесибимдин көкөлөп өсүшүн колдогон, намыстанбай күч берген, мекенибизде чоң, кичине ар кандай кесип ардактуу экендигин туйгузган өмүрлүк жолдошум, бир тууган совхозум «Теңдик» экендигин эч качан унутпаймын. Эгерде Жума экөөбүз алгачкы irет баш кошкон жылдары «Аял киши да кара май жыттанып тракторист болчу беле, үйдөгү идиш-аягың, жөжүрөгөн балдарың менен олтур. Механизаторлук кесипке мен эле бел байлап иштейин, сенин жолуң башка» деп кол шилтеп койсо эмне демек элем. Ошон үчүн «Биринчи мугалимди» окуп жатып Дүйшөн сыяктуу Жуманын алгачкы демилгеси менен ушул сыймыкка жеткенимди ойлоп өзүмчө кубандым. «Биринчи мугалим» менин жекече турмушума таасир бергендигин ыраазы болуу менен белгилегим келет...

Коммунист, активист Шахтар Исманкулова менен Жума Исманкулов өндүрүштө өрнөктүү эмгеги менен бирге он баланы тарбиялаган үлгүлүү ата-энелерден, Шахтардын көкүрөгүндө «Эмгекке даңк» «Элдердин достугу» ордендери, социалисттик мелдештин бир нече жолу жеңүүчүсүнүн белгилери жаркырайт. Баатыр Эне даңкын даңазалаган Алтын Жылдызы көз жоосун алат. Ал механизатор болуп иштегенден бери миңдеген литр күйүүчү майды үнөмдөп, беш жарым миң центнер дан эгиндерин оруп жыйнап берди.

Эртели-кеч трактору менен үйгө келип, кайрадан жумушка кетеринде ата-энесин аябай такымдап ээрчиген тун уулу Мурат бүгүн кара муруту жайнап өскөн, керилген азаматтардан болду.

— Апаке, талаага мен да барам. Тракторуңа сала кет!

— Атаке, мен да тракторист болуп, силерди багам! — дечү уулу ата-энесинин жолун улап, 10 жылдыкты бүтүп, аттестат менен кошо тракористтик күбөлүктү алды да айылда иштөөгө бел байлады. «Жаман кишиге миң сөз, жакшы кишиге бир сөз» дегендей Маратты ата-энесинин акыл-кеңеши уютту. Ал ата-эне сөзүн дароо сезимге түйүп совхоздо иштөөгө калды. СПТУдан да окуду. Эки жыл Советтик Армиянын катарында болуп, өз милдетин өтөп келгенден кийин кайрадан механизаторлук кесибин улады.

Ыр — бул өмүр күүлөрү дейт элибизде. Ал эмгектин

кайсы тармагында болбосун балбан билек эр-азаматтарыбыздын кужурмөн иштери менен бирге кадам шилтеп учкундан жалынга айланат. Ар бир адамдын сезиминде гүлдөй эгилип, бутактап өсүп, айланага ажарын төгүп, жыпарын чачат. Адамды кубаттуу илеби менен өзүнө тартып сыйкырдуу канаттуудай тээ түпкүрлөргө, алыстарга учурат. Жакшы иштерге, эмгекке, патриотизмге, жаштык махабатка, мекенди сүйүүгө, аны каректей сактап коргоого, ата журт келбетин гүлдөтүп, кайрадан курууга үндөйт. Марат да ыр-күүлөргө ынак уландардан болуп өстү.

Миздери күмүштөй жаркыраган, болот тиш соколорун, же үрөн сепкичин, же телешкасын чиркеп алып айлананы жаңыртып тракторун күрүлдөтө айдап бараткanda, ошондой эле океандай термелген эгин талаасына комбайн чаап, теребелдин коздугуна суктанып келатканда Жума менен Шахтардын өздөрүнө жакын, тааныш ырлары боло турган. Аны өз ичтеринен кайырып ырдап, убакыттын кандай өткөндүгүн, жумуштун кантип аяктаганын билбей калышар эле. Ата-энесиндеги бул адат кийинчерээк уулу Маратка өттү.

Жаңыдан айдалган жер жал-жал болуп, тилкеленет. Анда-санда топтошуп учкан кара чыйырчыктар канаттарын лепилдете жаңыдан коңторулган айдоо аянттарына коно калып, курч тумшуктары менен айдоону чокулап, кайрадан сапарын улап, пыркырап учушат. Агроном Конокбай бороздун аягына чыккан Маратты токтотот да:

— Эми ушул калыбыңдан жазбай айдай бер. Мунуң агроэрежеге эң туура келет — деп, жыйынтык чыгарат. Марат ичтен кайрыган ырын кайрадан улап, айлананы жаңыртып созот да темир тулпарын кыймылга келтирет.

Марат Исманкулов жаш механизатор. Бирок, ал биздеги кайра куруу, тездетүү жана сапат маселелерине терең аралашып, башкаларга өрнөк көрсөтүп жатат. Ал өзү айдап, өзү үрөн сээп, өзү комбайн менен чапкан жерлерден гектарына айландырганда 54—64 центнерден түшүм алгандыгы совхоз коллективин кубанычка бөлөдү. Ал эми Шамендин бойлоруна сепкен көп жылдык чөп, эспарцет, беден ар жыл сайын мол тоют камдалып, аны чаап үймөккө жеткирүүдө да ушул тыным албаган жаш жигит Мараттын рекорддук иштерине таандык болду. Ал «мурунку изди кийинки туяк басат» дегендей өз энеси, ардактуу механизатор Шахтардай, өз кесибин сүйгөн, атасы Жумадай ак ниет, шайыр болуп өстү. Өз келечегине азыртадан камкордук көрүп, Фрунзедеги автожол техникумунун сырттан окуу бөлүмүнөн билим алып жатат. Жакында

аны курбу-курдаштары, жакын санаалаштары коммунисттик партиянын катарына өткөндүгү менен кызуу куттуктап жатышты.

— Марат, ийгилигиң дагы артыла берсин!

— Өз ишин сүйгөндүк деген ушул!

— Ошентип, башкаларга өрнөк боло бер!

Совхоздун жумушчуларынын өндүрүштүк жалпы чогулуштарынын биринде чабан Мүсүй Жапаров мыкты иштеген сергек сакмалчылар жөнүндө, оторунда үлгүлүү иштеген коммунист Шахтар, анын жары Жума тууралуу мактоого алган алкыш сөздөрүн айтып калды.

— Ушундай сергек сезимдүү, өз иштерине жоопкерчилик менен караган мыкты сакмалчылардын жардамы аркасында өз милдеттенмемди ашыкча орундатып, оторумда багылган 613 соолук койдун ар биринен 117ден козу алдым. Рахмат, совхоз намысын көтөргөн ак ниет, иштерман адамдарыбызга — Шахтарга, Жумага жана башка жолдошторго!

Мындан соң өз айлында төрөлүп өскөн, он жылдыкты бүтөр менен мал чарба тармагында иштөөгө келген жаш чабандар ар жүз тубар койдон 112ден козу алган Аралбек Саманчиев, ар жүзүнөн 111ден төл алган Эсен Чүкүев да мыкты иштеген сакмалчылары Келдибек, Батыйна жөнүндө айтып өтүштү. Чогулушта бакылдап өз ойлорун ортого салган жаш чабан Тойчубек Алыбеков да мындай кызуу сөздөн четте калган жок. А Марат Исманкулов ар жыл сайын өзүнө сакмалчы болуп келерин, ага бекитилип берилген жаш козулардын бирөө да чыгашага учурабай, ооруга чалдыкпай мыкты торолуп кетерин айтып келип:

— Марат быйыл да менин оторума сакмалчы болуп келди. Ал келгенде мен да сүйүнүп калдым. Экөөбүздүн мамилебиз мурдатан жакшы. Жаңы туулган козуларга этиет мамиле жасап, алдын жумшактап, кургактап, жаш козуну энесине жеритпей эмизип, суукка үшүтпөй назик асыроодо эпчил, тажрыйбалуу экендигин өзгөчө белгилеп айткым келет. Жазгы туут мезгилинде сакмалчылардын ишке болгон сергек мамилеси көп утуш жасарын ар бир чабан жакшы билип калдык. Кыскасы, мага сакмалчы болуп келген совхоздун жумушчуларына, анын ичинде жаш механизатор Марат Исманкуловго өзгөчө ыракмат айткым келет.

Мындай алкоо сөздөр совхоздун чабандарына, сакмалчы болуп барган жолдоштордун жүрөгүнө кубаныч себелеп жүздөрүн жаркытып турду. Ак ниет эмгектин алкыштуу үзүрү ушул да!

Ошентип, совхоздогу жаш чабандар өздөрүнөн улуу аталарынан, агаларынан мал багуунун ыгын мыкты үйрөнүп, алардын ордун басып, алгачкы эмгек чыйырларын үлгүлүү баштап жатышса, Марат Исманкулов сыяктуу жаш коммунист механизаторлор ата салтын, эне өрнөгүн колдон чыгарбай, ыйык тутуп, ыйык санап улуулар баскан бактылуу жолдо өмүр сапарын жемиштүү улантууда.

*ДАЙЫНБАЙ АШЫРАКМАНОВ*

---

## ТАЛААНЫН СЫРДАШЫ

Быйыл жаз эмнегедир жылдагыдан кечендеп келди. Түндүк батыштан соккон шамал асманда булуттарды удургутуп айдап жүн сабагандай тытмалап ийгенде күндүн катуу күркүрөгөнүнөн жиктери чарт-чурт сөгүлүп, чакмагын чаккан чагылгандын ийри-буйру кызыл сызыктары пайда болуп, көз ирмемде жок болуп жатты. Мындай болгондо жаан кыйгай чаба, чака менен куйгандай нөшөрлөп төгүп, мөндүрлөп барып ачылса, кээде ошол чагылган булуттарды атайылап имерип таштап кеткендей айлана тынч дымыгып көпкө созулган ак жаандын арты кайра суук шамалдап карга айланып айлананы кейитип ийет. Өзгөчө малчыларга убал.

Мария Васильевна Гребенюкова өзү талаанын сырдашы, дыйкан болгон менен малчылардын бул учурда тарткан түйшүгүн абдан жакшы билет. Анткени, «Путь Ленина» колхозу Москва районундагы көп тармактуу чарбалардын бири. Мында кант кызылчасынан башка дагы жүгөрү, дан өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Анда негизинен малга туруктуу тоют базасын түзүү үчүн камкордук көрүү керек. Мария чейрек кылымдан ашык дыйканчылык менен алагды болсо да бул маанилүү милдетти аткарууда көп кол кабыш кылат. Бошой калган убактысын бүт ошол жакта өткөрүүгө туура келет.

Туут өнөктүгү башталганда чабандар анын келишин чыдамсыздык менен күтүшөт. Ансыз да ал сабагын өткөрүүгө келаткан мугалимдей кагаз, китептерин колтугуна кысып алып, ошол жакты карай шашат.

— Биздин Мария келе жатат,— дейт кимиси көрсө ку-

бана алдынан утурлай тосуп: — Кана, мархамат, үйгө кириңиз, эмне жаңылыгың болсо сүйлөй олтур,— дейт.

— Олтурганга убакыт жок,— деп ал кимисине болсун жакшы меймандостугуна ыраазы болуп жылмая жооп кайтарат. — Адегенде чабандарды бүт кыдырып алайын. Кайсы бир короодо төл алуу кызуу башталып калгандыр. Ишти мен ошол жерден башташым керек. Силерге да башка жардамчы эсепчилер, сакмалчылар келет.

— Ал жагынан кабатыр болбо,— дейт кабелтецинен келген чабан чычайган мурутун чыйратып,— азырынча бирин-серин эле жаңыдан башталды. Эми эки, үч күндөн кийин жамыратабы деп турабыз. Бүгүнчө биздикинде эле бол. Балдар да сагынып калыптыр. Баягы кызык жомокторуңду уккулары келип турушат...

Чабан Мария келээри менен тегеректеп калган тестиер балдарына айласыздан кыя албай макул болот. Деги ал кайда, кимдикинде болбосун жетишпей жаткан жумушчу күчүн толуктап жатканын өзү да байкабай калат. Мында негизги милдети алынган төлдүн эсеп-кысабын алып туруу болсо, иш кычаган кезде чабандын балдарына айланып-тегеренип, ыйлаганын сооротуп, оокатын берүүгө ашыгат. Бирде туут бөлмөсүнө кирип, улам биринен сала бири тууган койдун козусун өз колу менен кабыл алып, жөрөлгөсүн жасап чабалактап жүргөн чабандын жанында болот. Бирде сакмалчылардын арасында жетишпей жаткан нерсесин жалгаштырып, кетирилип жаткан кемчиликти оңдоого көмөктөшөт. Ошол эле учурда чарбалык, экономикалык жактан партия менен өкмөтүбүз алдыга койгон зор милдеттери жөнүндө баяндап, агитаторлук ишин да аткарат. Деги адам бири-бирине дем берип, кол кабыш кылгандан жакындап, боорлошуп кетет окшобойбу. Ошондойбу аны кайда болбосун өз үй-бүлөнүн мүчөсүндөй кабыл алышат.

Мария Васильевнанын өткөн жылдарга караганда ушул жылдан баштап улам жаны жай таппай ою-онго, санаасы-санга бөлүнгөнүнүн да жөнү бар эле. Анткени, айылдаштары ага зор ишеним көрсөтүшүп, Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат кылып шайлашпадыбы. Анын жупуну эмгегинин мынчалык жогору бааланышы толкундатуучу окуя болду. Мария өзүнүн басып өткөн турмуштук жолуна кылчайып карап, башкалардан айырмалангандай өзгөчө иш бүтүргөнүн өзү сезген жок. Чейрек кылымдан ашык убакыттан бери кант кызылчасын өстүрүүдө эмгектенип келе жатат. Эмне экен? Анчалык иштеп жүргөндөр аз беken? Ал өзү жөнүндө ушундай ойлоп уялгандан турарга жер таппагансып тынчсызданган. Мына эми мурдагыдан

бешбетер бардык ишке кийлигишип, бардыгына үлгүрүп иштөө, шайлоочулардын наказдарын аткаруу менен алардын ишеничтерин актоого аракетенүү керек. Алдыда турган бул кыйын, бирок, ардактуу милдетти аткара алаар бекенмин?! Ал өзүнчө ушундай суроолорду берип, кай бирине так жооп бере албай бушайман болот. Ой учугу ар нерсеге чарпылап, чубалып тээ алда кайда оболоп учуп барат да кайра ылдыйлап мейкин талаага каалгып түшөт. Мария эми кайсы бир суроолорго ушул жерден жооп таба тургансып байыр алып, сырдаша турган. Ал ойноо балалык кези менен эмгек жолуна биринчи кадамын ушул талаадан таштаган өмүрлүк жары Николай менен да кол кармашып баш кошуп жалындуу жаштык кезинин тунук сүйүүсүнүн лаззатын алган...

Мария таңдан кечки-кечке чейин, керек болсо уйкусуз түндө ушул куттуу талаанын түйшүгүн түйшөлө тартып, сырын алды. Ага канчалык аярлуу мамиле кылып, бапестеп багып турсаң, ошончолук берекесин чачып, жемишин бере турганын билди. Адам өзүнө бакытты жеңил-желпи, эт менен челдин ортосунда жүрүп бирөөнүн эсебинен олжолуу болуп оокат кылгандан эмес, ушул куттуу талааны кулпунтууга канча кыйын кезеңди башындан өткөргөндөн табылат тура. Жаз жарышындагы талыкпаган эмгектен кара кочкул жалбырактары үзүктөй калдайып, сап-сап болуп тизилип жайкалып өскөн кызылчанын татына көрүнүшү, акыры күрдөөлдүү күз күрөшүндө тарткан түйшүгүнөн алынган салмактуу түшүмү ага эч нерсе менен алмаштыргыс жан сергиткен ракатын алып келип жатты. Айткан сөздүн, берген убаданын өтөсүнө чыгууга чымырканып иштегендиги чаалыкпас эмгек такшалтты...

Табийгат кандай өзгөрмө. Анын сырткары күчкө баш ийбей турган өзүнчө закону бар. Бирде адамга мээрин төгүп, кай жагынан болсун кандайдыр кайталангыс кубаныч алып келсе, бирде күтпөгөн жерден каарын жанып канчалык машакатын артат. Башкасын кой, күн, ай эмес, бир жыл менен экинчи жыл жаанчыл же кургакчыл болуп да айырмаланат эмеспи...

Ошондо кышы менен кыламыктап кар түшпөй карандай суугу сөөк какшатып, жазы, жайы менен асмандан тамчы тамбай, арыктан аккан суу да тартыш болуп, күндүн аптабы жерди куйкалап ийгенсип турган. Звенонун мүчөлөрү үч топко бөлүнүшүп, бири сугат арыктарын тазалашып тартипке келтиришсе, экинчиси суу башындагы туктун түбүнө ташылып келине турган жер семирткич үчүн чуңкур казууга киришкен. Мария менен Женя дагы эки жардам-

чыны кошуп алышып, кызылча плантациясынын чет жагындагы акыркы тилкенин катар аралыктарын жумшартышып, суюлтуу менен отоо чөптөрдөн арылтып жүрүштү. Бул жерге үрөн адегенде эптеп эски арыктын нугу менен шашылыш сугарылып, экинчи жолу себилген. Мындайда отоо чөптөрдүн атайы айдагандай быжырап-жайнап өскөнүчү. Бул айдоо аянтынын жакшылап пландаштырылып, тегизделбегендиктен дөңсөөсүнө суу жетпей, ойдуцуна көлкүп-көлчүк болуп, эңкейиштерин жууп-чайып кеткен жерлери аптапта тез эле кургап каткакка айланып кеткен. Керилe чапкан кетмендин мизи ташка тийгендей чак этип кыртыш бойлобой кайкып өтөт. Отоо чөптөрдүн тамыры кыркылбай кала берет. Кайра эртең эле жабалактап чыга келет. Булчуң бошоңдоп, кол карышып, дене салмактанып, көңүлүнө кейиштүү көлөкө түшүп, жүрөгүң дүпөйүл тартат. Иш арбыбайт. Бирок, токтотууга акың жок. Улам күчөнүп аракеттенишет. Алар бири-бирин айттырбай түшүнүшөт. Мында табийгаттын каатчылыгынан да өсүмдүктү өстүрүүнүн агротехникалык эрежесинин бузулушуна ким күнөөлүү? Баарынан да аны башка бирөөгө оодара коюп, өзүң актанып, чыга бергенден жеңил нерсе барбы? Эмне кылуу керек экендигинен көзүң жетип турганда эң биринчи өзүңдөн, андан калса чарбанын айрым шалаакы жетекчилеринен катуу талап кыла билбесең кимге таарынасың? Уюштуруучулук менен иштин жүрүшүнө туура комплекстүү мамиле кылуу жетишпей жатканын Мария жакшы түшүндү. Бул жылы ал ийгиликке жетишпесе да оор сыноодон өтүп, кийин эмне иштөө керек экенин көкүрөгүнө бекем түйүп алды. Чынын айтуу керек. Мында адегенде кант кызылчасынын мол түшүмүн өстүрүп алуу жөнүндө оозду желге көптүрүп алган милдеттенме эмес, план да аткарылбай калган учурлар болбоду беле. Ошол жылы да канчалык далбас урган менен план толбой калды. Адегенде иштин башы кайсындан башталып, эмне менен бүтөрүн билбей туруп, жакшы натыйжага жетүү кыйын. Мария эмгекке бышыгып, ишке такшалып, талаанын сырын алган сайын мезгил да өзүнүн талабын коюп жатты...

Жерди которуштуруп айдоо, органикалык жана минералдык жер семиткичтерди өз өлчөмүндө колдонуу, катар аралыктарын иштетүү менен отоо чөптөрдөн арылтып, суудан өксүтпөй кыртышты дайыма бир калыпта нымдуулукта кармоо, түшүмдү топтоонун убактысын текке кетирбей туура пайдаланып калуу ийгиликтин негизи болот. Мында эч кандай деле жашырын сыр жок. Бир гана бул агротехникалык чараларды ырааттуулук менен иш жүзүнө

ашырууда жолуккан кыйынчылыктарды жеңип чыгууда канча түйшүктүү күндөр менен уйкусуз түндөрдү башыңдан өткөрүүгө туура келет...

Күн уясына жаңыдан кызарып кылкылдап батып бара жаткан. «Өзүм келип кабар берем» деген мураптан кабар жок болгондон кийин Мариянын чый-пыйы чыгып, түз эле бригадирдин үйүн карай бет алды. Аялы аны эртең менен талаага кеткен бойдон кайтып келе элегин айтты. Эми эмне кылыш керек? Башкарма болбосо да активдерден бирөө болуп калаар деген үмүт менен колхоздун кеңсесине келсе, бул жерде да жылан сыйпагандай жадаганда кароолчусу да көрүнбөйт. Эми Женяны аянттын башына калтырып, өзү суунун башына баруудан башка айла калбады. Ага чейин бир топ жер бар. Жанатан бери ары-бери жүгүрүп жүргөндүн ортосунда канча убакыт өтүп кетти?! Каш карая баштаганда какшыган арыктын жээгиндеги жол менен чалынып-чулунуп баратты. Жогору жактан үч адамдын караанын көрүндү. Бири атчан. Колун ары-бери шилтегилеп тигилерге бир нерселерди айтып, бак-бак эткен менен жаакташып жаткан экөө моюн бериште турган эмес. Кайра каяша кылып колуна өлүп бере тургансып кетмендерин кесешет. Жанын карч уруп, өпкө-өпкөсүнө батпай алардын жанына жете келген Мариянын деми кыстыгып буулуп бир азга аптыгып үнсүз туруп калды. Үрөң-баранда анын адегенде ант ичкендей кубарып, бир аздан соң каны кызып бетине тээп чыгып кызарып кубулган жүзүн тигилер элес алган да, көргөн да жок. Анын үстүнө алар бири-бирин кекетип күнөөлөө менен кайым айтышып жаткандардын аны менен иши жоктой кайдыгерликте көңүл бурушкан эмес. Бул абалга Мариянын ачуусу ого бетер келип мураптын атынын тизгининен алып, өзүн карай бура тартты да:

— Ээй, сиз бери караңызчы! — деп эртеден бери алкымдан чыга албай буулуп турган үнүн ачуу аралаш абаны жарып бийик кекээрдүү чыкты. — «Өзүм келип кабарлашам, суу жыгып берем» деген сөзүңүз кана?

— Ии, мына, ырас болбодубу Мария, өзүң келип калдың,— деп мурап көңүлү жайлангандай атынан түшө калып, берки экөөнө жакындай басты. — Мени тизгиндегенден көрө, тиги экөөнү жакаласаң болот. Колдон суу талашкан ушулар. Ой, деги айтып олтуруп түшүндүрө албадым. Кечээ башкарма менен бригадирде болдук беле? Болгонбуз. Сен эки күнгө толугу менен түнкү сугаттан сууну алып берүүнү суранды элең го. Буларың деле ишенишпейт. Сен аларга көңүл жакындык кылып берип жатасың дешет. Адам төлгөгө деле ишенет экен го. Тилим тешилгенче ай-

тын безилдеп да ынандыра албадым. Мен мында сууну бөлүштүрүп сууга ээ болуп турган мурап эмес эле бир макулук болуп калдым.

— Актанбай эле койгун, суу дайыма түнкүсүн беде сугарганга ыйгарылбады беле. Бүгүн, эртең сугарып калбасак кырк гектар аянттын чөбү күйүп кетсе сен жооп бермек белең? — деп сугатчы доо коё сүйлөдү.

— Ооба, тоют арбын топтолбой калды, мал арыктап эт, сүт планы орундалбады, анын өлүм-житими көп болуп, төл талапка ылайык алынбады,— деген дооматтар кимге коюлат,— деди экинчиси өз өнөгүнүн сөзүн кубаттап.

— Доомат сен экөөңө эле эмес, баарыбызга, биринчи болуп бшкармага коюлат. Эми суунун болгону ушул болсо эмне кылайын,— деди мурап эми катуулап эки алаканын жайып итатайы тутулуп. — Беде дагы бир эки күнгө эч нерсе болбойт. Тамыры тереңдеп калган өсүмдүк. Кызылчаны бөөдө кургатпай сактап калуу керек. Эртеңден калса кеч болуп калат. Ошон үчүн башкарма Марияга бергин деп олтурбайбы. Силер болсоңор аны өз оозунан укпай мени калпычы кылып олтурасыңар. Жакшы эмес. Мени да суунун башына бекер коюп олтурган жок. Ал үчүн жооп беришим керек.

— Туура айтат,— деп Мария чырдын түбү кайдан чыгып жатканын эми түшүнүп жандана сөзгө аралашты,— чын эле кызылча дегениң назик, анын бедеден асман менен жердей айырмасын өзүңөр деле жакшы билесиңер. Биз минтип чырлашып олтурганда канча алтын баалуу убактыбыз менен андан кымбат суу тамчыларынан кол жууп калып жатабыз. Сөзгө келели туугандар. Эки гана күнгө күтүп бергиле. Ар кимибиз ар башка иш аткарган менен бир кызыкчылыкты көздөйбүз го... Бай болгурлар, ашыкча сөздү токтотуп ишке киришеличи.

Мариянын жүйөөлүү айткан сөзүнө муюшуп, кеңседен чын эле ушундай көрсөтмө болгонуна ишеништи, сугатчылар. Эч нерсе дей алышпады. Ушул учурдан пайдаланып, Мария сөзүн улантты: кишилерге жайынча түшүндүрсөңүз болмок... Кана, эми биргелешип сууну бул арыкка жыгып жиберели. Урушта туруш жок...

Эки сугатчы Марияны ээрчип айтканын аткарып калышканын өздөрү да сезбей калышкансыды. Күүгүм талаш өзүнө шыдыр кеткен ойдуң жолду тандап алып, ийри жыландай шуудурап суу аккан арыкты бойлоп бараткан Мариянын үнү кысталбай эми кубанычтуу кечки салкын абаны жарып бийик чыкты:

— Жакшы кишилер сөздү айттырбай билишет ээ, аке-

лер, кааласаңыздар сиздер да суунун ээси катары бир түнгө ашарга келип кетиңиздер. Кезеги келгенде биз да ишиңиздерге жарап коёбуз...

Женя чыдамсыздык менен Марияны күтүп турган. Суунун агып келиши эмнегедир жан дүйнөсүн козгоп, көңүлүн куштар кылып сергиткен таасирин тийгизип, баятан берки түнт ээндикти бапыраган гүлзарга айландыргандай болуп кетти... Күндүз алдын ала суу жөөктөр боюнча жылжып аккандай кырк кулак кылып, бөлүштүрүп коюшкан. Адегенде бардыгы ойдогудай эле болуп жатты. Бир оокумда нуктан бери шакта биринчи байланган кулакты суу жаба берип кичинеден жемирип олтуруп жырып кетпедиби. Суунун ушундайда ээ-жаа бербей кетчү анты бар го. Анын үстүнө иштин күн муруптан ойлонуштурулбай чалакайым бүтүшү кесепетин тийгизбей койгон жок. Бул кызылча аянтын күтпөгөн жерден шашылыш түн ичинде сугарууга туура келгенде мурдагыдай эски арыктын бойлорунан же ары камыштуу ойдон ар бир кулакка суу байлаганга ыңгайлаштырып бир боодон чөп даярдап алууга үлгүрө албай калышкан. Жалаң топурактын сууга туруштук бериши ишенимсиз. Суу да кандайдыр күндүзгүдөн арбын. Эки кулактай бар. Атаганат, качан бир тамчысына зар болуп сурап турганда же күндүз болсочу! Ушундай кулакты суу алып кеткен шашылыш учурда колдонуу үчүн Мария чакан эки-үч тосмо жасатып алган.

— Ээ, койсоңчу жок шумдукту чыгарбай,— деп адегенде Николай Мариянын айтканын жактыра берген эмес. — Сенден мурда мындай жок жерден чыгарган сунушту эч ким киргизген эмес. Анын үстүнө тактай дегенди өзүнүн башка керек дегенине пайдалануу керек.

— Мурда бирөө сунуш киргизбесе, эми болбойт бекен? Азыраактан болсо да техникалык прогресс, өндүрүштө пайдалана турган резерв ушундай нерседен башталат эмеспи.

— Баракелде, тапкан экенсиң техникалык прогрессти,— деп Николай Мариянын бул баланын оюнчугундай оюна боору катып көзүнөн жаш чыкканча күлүп алган. Бирок, Мария ага териккен да жок. Акыры өзүнүн оюн далилдеп, айтканын жасап берүүгө мажбур кылды.

Мариянын звеносу улам барган сайын кызылча өстүрүүнүн агротехникалык эрежесин кынтыксыз пайдалануунун натыйжасында кийинки жылдарда ар гектардан мол түшүм алууга жетишти. Ийгиликке жетишүүнүн дагы бир башкы шарты оор кол эмгегин жеңилдеткен техниканы билгичтик менен пайдалануу болду. Өзгөчө, өсүмдүктүн катар аралыктарын иштетүү, сугарууда, шланга жана жаа-

дыргач агрегатты колдонуу, минералдык жана органикалык жер семирткичтер менен азыктандыруу иштерин Иван Остапенко, Николай Горбунов, Михаил Кондратюков сыяктуу алдыңкы механизаторлор аткарып калышты.

Кийинки жылдары чарба кызылчанын үрөнүн өстүрүүгө өткөн. Бул да өзгөчө камкордук менен багып өстүрүүнү талап кылгандыгы түшүнүктүү. Мында да Мария Гребенюкованын звеносу мыкты ийгиликтерди камсыз кылды. Мисалы өткөн жылы 130 гектар аянттын ар бир гектарынан 12,5 центнерден кызылчанын үрөн түшүмүн жыйнап алышкан.

Мария Гребенюкова айрыкча азыркы кезде Кыргыз ССР Жогорку Советининин депутаты катарында кызылчанын үрөнүнүн мол түшүмүн өстүрүү менен гана чектелбестен чарбалык иштин кайсы гана тармагы болбосун, ал эмес, жекече турмуштук маселелерге да кийлигишип, кемчиликтерди сындап, өндүрүштө артта калгандарды алга сүрөп, жетишкен ийгиликтерди чыңдоого, жаңыдан көтөрүлгөн демилге болсо колдоп турууга милдеттүү болуп калбадыбы. Башынан эле өзүнүн советтик жашоо турмушуна таандык кылып алган адаты — эмгекчилдиги, боорукерлиги, коомдун кызыкчылыгын өзүнүн жекече кызыкчылыгынан жогору коё билгендиги менен таанылган эмес беле.

Чүй өрөөнүнүн райондорунун сүт-товар фермалары менен тоют даярдоо кызматкерлеринин кеңешмесинен кийин Мария жакын замандаш саанчы курбулары Бурма менен Нинаны эриксизден эсине түшүрдү. Мурдатан эле күн алыс болсо да, бири-бири менен жолугушуп, өзүлөрүнүн иши боюнча пикир алышып, анан өткөн жалындуу жаштык күндөрүнө көз чаптырышып, кызыктуу эмгектик күндөрүн кайталап баштарынан өткөрүшкөндөй көңүлдөрү курсант болуша турган. Эми кантсе да алардын абалын көрүп-билип турууга өзүн мурдагыдан да башкача милдеттүү деп эсептеди...

Кечки саан жаңыдан эле аяктап, саанчылардын алды үйлөрүн карай кайта баштаган. Бурма менен Нина болсо адаттагыдай эле саанга эрте келип кеч кайтышчу. Бүгүн да бүтпөгөн майда-чүйдө жумуштары менен алагды болушуп, быйылкы аба ырайынын өзгөчөлүгү жөнүндө сөз козгоп жатышкан.

— Ботом ээй, мобуну карасаң Нина,— деп Бурма таң калгандай сарайдын эшигинин алдында экөөнү купт коё карап турган Марияны сөөмөйү менен көрсөттү,— кудайдын азабын тартып, бир нерседен куру калгансып шөмтүрөп келгенин карасаң. Ушундай жаан чачында жумушу

жок болсо Николайдын маңдайында ысык чайын ичип олтура берсечи. Же биз аны «конокко кел» деп чакырбасак. Конок деген эч убакта айттырып келбейт эмеспи.

— Болуптур, айттырбай келгениңе рахмат, деги адегенде учурашып алалычы.

Үчөө тең кол кармашып, бири-бирин кучакташып, каткыра күлүшө черлерин жазгандай боло түшүштү.

— Өгүнү силер «Республикалык баш ийүүдөгү райондордун сүт-товар фермаларынын жана тоют даярдоо кызматкерлеринин кеңешмесинин катышуучуларынын республиканын бардык айыл чарба эмгекчилерине «ҮНДӨӨ-СҮН» талкууга алган жыйыныңарга катыша албаганыма өкүнүп калдым. Мен да өзүмдүн көптөн бери ойлоп жүргөн пикиримди ортого салат элем.

— Эми деле болсо кеч эмес,— деп Бурма халатын чечип жатып Марияга сырдуу карады. — Бул мурунтан эле айтылбай ичинде катылып жүргөнбү же депутат болгондон бери ойлоп тапканыңбы?

— Мария,— деди Нина үнүн бийигирээк чыгарып Бурманын сөзүн бөлүп,— сен бизге эле келип ферманын башчысы же саанчы болуп алсаңчы. Азыр деги мурдагыдай кант кызылчасын өстүрбөй калдыңар да. Болгону үрөн экен. Аны казып, жалбырагын аарчып, заводдо ташып убара болбойсуңар. Бул жолу комбайн менен чаап-жыйнап өткөрүп бересиңер.

— Оо, анын да ошончолук түйшүгү бар экенин түшүнбөй жатпайсыңарбы. Сен биз менен иштесең минтип айтпас элең.

— Анда сен саанчы болгун, Нина экөөбүз кызылчанын үрөнүн өстүргөнгө баралык,— деп Бурма тамашага чаптырды.

— Болсо болом,— деди Мария тигил экөөнө алмак-салмак карап,— мелдешесиңерби? Мен ар саан уйдан бизде 3000 килограммдан сүт саап алуу үчүн чек эмес дейм, бери жагы бул цифраны беш миңге жеткирүүгө болот.

— Биз эмне чек деп, жатыптырбызбы?

— Аа, анда кеп башка, максатыңарга түшүндүм. Азырынча ар ким өз ордубузда болуп туралык да өсүмдүктөрдүн түшүмүн жогорулатуу, уйлардын саандуулугун арттыруу жөнүндө ойлонолук. Мына, быйыл күндүн жаанчылдыгы таш үстүнө да чөп чыгаргандай болду. Мындай учурда тоюттун бир жарым жылдык запасын түзүүгө болгон мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбоо жөнүндө эмне кылуу керек экенин өзүбүзчө кеңешип, анан колхоздун башкармасына сунуш кылгандай болсок. Макулсуңарбы?

— Макул болбогондочу. Биз дагы ушундай ойдо элек. Контордогулар деле бекер жатты дейсиңби. Өзүлөрүнчө чечиминен бери кабыл алып коюшкандыр.

— Анда ого бетер жакшы. Кептин баары бул маанилүү ишке жапа тырмак киришкенибизде турат. Ар бир мүнөт, адам күчү, техника толук пайдаланылып, бир тал чөптү талаага калтырбагандай уюшкандыкта иштейли...

*ЖУМАБЕК АЛЫКУЛОВ*

---

## ЖАНДУУ КЫЙМЫЛ, ЖАКШЫ НАТЫЙЖА

Сап-сап болгон жашылча жамынган талаа мелмилдеген деңиздей көйкөлүп көзгө сүйкүмдүү көрүнөт. Талаанын так ортосунда тасмадай созулган жол. Ары-бери өткөндөр көркөм талаага көңүл бөлбөй коё албайт. Татына талаа аргасыздан адамды өзүнө тартып, суктантат, кызыктырат.

Быйылкы жаз жаанчыл болуп, көгөргөн талаага көркөм боёк кошконсуп, бат-бат жаап, түркүн жашылчаларды тазартып, киринтип турду. Жаандан кийинки күндүн ачуу тийиши, жашылчаларды бат эле чаңкатып, жумшак жер кыртышы кайра жааган сан жеткис жамгыр тамчыларын сагынып калгансып, боюна бат сиңирип жатты. Жамгыр суусун жуткан сайын өсүмдүктөр жетилип, жанданып, жашарып, улам чоңоюп, улам өсүп, бой кере берди. Анда иштеген адамдар күндөлүк ишине кубанып, жадыраган жаркын маанайда ар бир өсүмдүктүн өсүп жетилүүсүнө шарт түзүп, түркүн жумуштарын иштешип, алардын ар бир түбүн көздүн карегиндей карап, сактап, асырап алардын жапырт чыгышына сергек мамиле жасап келечектеги мол түшүмдүн камын көрүштү.

Мына, борбор шаарыбыздын бир өңүрүн Аламедин районуна караштуу «Пригородный» совхозу ээлеп жатат. Совхоз жыл сайын миңдеген тонна жашылчалар менен шаардыктардын дасторконун камсыз кылып, үзүрүн байытат. Дасторкондо көзгө сүйкүм көрүнгөн кыпкызыл помидор, жапжашыл бадыраң, жашыл пияз жана түркүн тамакка кошула турган башка жашылчаларды, чынын айтсаң шаарыбыздагылардын көпчүлүгү анын кайсы жактан даяр болуп келерине анчалык кызыкпайт да маани бербейт. Бул татына байлыкты бизге тартуулаган «Эрдин

атын эмгек чыгарат» дегендей элге маалим, өз аймагында сыйга ээ болгон Рашидов Зейрали Осмонович менен аңгемелеше татына талаанын сулуулугуна тойбой ага суктана, кубана карап талаа кыдырып жүрдүк.

Улам алдыга жылып а кишинин өз ишине берилип, анан канчалык кылдат, канчалык этияттык менен мамиле кыларына ары кызыгып, ары кулак төшөп келе жаттым. Ар иштин өзүнчө тарыхы, өзүнчө адам уга турган купуя сырлары бар. Ал сырларды кунт коюп угуу, аны терең билүү, анын дүйнөсүнө сүңгүп кирүү бүт дитиңди жумшоо өзүнчө эле бир түркүм дүйнө. Улам кадам арбыган сайын а кишинин айткан кебине кулак кынык ала берди. Жер кыртышын иштетүү, азыктандыруу ишин жүргүзүү, жашылчаларды жыл сайын жер которуштуруп айдоо техниканы туура пайдалануу, түшүмдү этияттык менен коромжусуз жыйноо, социалисттик мелдештин кулачын кеңири жайып, элди эпкиндүүлүккө тартуу, материалдык, моралдык жактан сыйлоо жөнүндө кеп кылып жатты Зейралы Осмонович. Ал айрыкча жыл өткөн сайын жашылчаларды которуштуруп айдоо маселеси чоң роль ойнооруна өзгөчө токтолду. Анын сөзүнөн улам жерге камкордук көрүү — чыныгы адистин эмгек ээсинин, дыйкандын иши экенин баамдадым.

— Мен ушул совхоздо иштегениме кырк жылга таяп калды. Мага ар бир жердин кыртышы белгилүү. Аны изилдеп жазуу, тактоо өзүнчө эле бир илимий иш болот. Ата Мекендик согуштан кийинки мезгилдеги азапты айтпа, унаанын жоктугуна чыдап, кыйналып-кысталсак да, кабаккашым дебей кайраттанып иштегенибизди айтсам саал мактангандык болуп кетпес бекен. Ал мезгилдеги оор учурду адам көргүлүк кылбасын. Азыркы 25-30 минутта баруучу жерге күн жоготуп, түн жоготуп жетчүбүз. Эми ал мезгил өттү, кетти, артта калды. Ага атайы шашпай бир сүйлөшпөсөк, болжолдо өзүнчө эле бир чоң тарых го.

Адепки жылдары иштин баары алакандын отуна салгандай болгон жок. «Жакшы жаман аралаш» дегендей, иштин ачуу-татуусу, пикир келишпөөчүлүк, талаш-тартыштар болду. Антпесек иш оңолчудай эмес. Ошентип, чындыктын бети ачылып, иштин сапаты артыла берди. Азыр бригадабыздагы иштегендердин ийгилигине токтоло кетейин, антпесем болбойт. Жеке эле иштин баарын өзүм бүтүрүп жаткансып, баятан бери билимдүүсүнүп кеттим окшойт.

Ушул № 2-бригадага бригадир болуп 1956-жылдан бери иштей баштадым. Анда шыпылдаган жаш жигит элем. Иш менен алпурушуп жатып отуз жылдын кандай өтүп кет-

кени көз ирмемдей болуп, билинбей калды. Совхозго андан мурда, жөнөкөй жумушчу болуп 1948-жылы келдим. Бирде ток, бирде жок болуп, ач жылаңач нечен кыйынчылыктарды артта калтырдык. Кандай иш болсо да анын өйдө ылдыйы болбой койбойт экен. Бирок, ошонун ысыгына чыдап, суугуна тоңуп бел байладык. Күндү күндөр кубалап, жылды жылдар кубалап убакыт зымырай берди. Баса, бригадир болдум дебедим беле. Бригадир болуу мурдагы иштен түйшүктүү, саал жооптуу жана убакытты ыгы менен пайдаланып, бардыгына жетишүүнү талап кылат экен. «Коркок түштөн коркот, чоркок иштен коркот» болбоюн деп жооптуу милдетти мойнума алдым. Адегенде нечен ирет тил угуп, план толбой, көңүл ордунда болбой келген жаштар ишке чыдабай жалакайланып, жакын турган шаарга жылт коюп кетип калышчу болду. Ишти оңоо үчүн оболу ишке чын дили менен берилип иштей тургандарды жана дайыма иштей турган туруктуу, мыкты механизаторлорду топтоого, алар менен кылдат сүйлөшүп мамиле кылууга туура келди.

Ошол учурда ары жактан зыпылдап келе жаткан бортовой машина Зейралынын жанына келип тык токтоп калды.

— Жеткирдиңби? — Зейралы айдоочудан сурап калды.

— Ооба,— деди жигит.

— Дагы барасыңбы?

— Барбай.

— Төкпөй-чачпай жакшылап жеткиргиле жолдо, абайлап жүр балам. Машинаны этияттап айдасаң.

— Макул.

— Азыр кайсы жашылча жетилип калды? Мен суроо берип калдым.

— Эрте бышкан бадыраңды шаардыктарга берип жатабыз.

— Жакшы, жакшы,— дедим мен тиги кишинин сөзүн коштоп.

— Кайсы жерге келдим эле, ии-и, жанагы машина айдаган жигит оюмду бөлүп кетпедиби.

— Механизаторлор жөнүндө айтып жатпадыңыз беле.

— Ооба, ошондой эмес беле. — Айткандай эле эң оболу ишти оңош үчүн тартипти оңдоп, элди ишке кызыктыруу болду. Бир күнү бригадада иштегендердин баарын чогулттум да, болгон абалды ары катуу, ары түшүндүрө айттым. Ошондон тартып бир-эки жыл мыкты иштедик эле жашылчанын түшүмү арта берди. Баса, мурда күн сайын кечкисин жашылчанын түшүмүнөн чака, челектерге тандап-тан-

дап толтуруп, жашылчалардан алып кете беришчү экен. Ага таптакыр тыюу салып, контролдукту күчөттүм.

— Ошого ынаныштыбы?

— Адегенде макул болбой, кабак чытып жактырбай жүрүштү.

— Күн сайын ушунча киши бир чакадан алып кетсе канча болот? — дедим бир аялга. Менин сөзүм жагып калдыбы, макул болгонсуп оюмду туура көрүп унчукпай калды. Ал тургай кайсы бир дем алыш күнү бир курдай жумуш менен шаарга базарга барып калдым. Барсам, бригадамда иштегендердин бир катары базарда жашылчалардын түркүн түрүн сатып, базарлап олтурат.

— Мүмкүн алар өз огородунан сатып жаткандыр?

— Жок, алардын ар биринин үйүндө эмне бары мага белгилүү да. Анан аларга байкатканым жок да баарын билгизбей кагазга каттап алдым. Кийин дагы бир жыйналышта алардын бетин ачтым. Ошентип, эмне кемчилик болсун ортого салып уяткарып олтуруп, бригадада иштегендерди акырындык менен жолго сала бердим. Жаман болгон жок. Ошондой аракеттин баары кичинеден болсо да үзүрүн бере баштады. Мына, кийинки мезгилде талапты мурдагыдан да катуу коюп, ишти жакшыртуу үчүн иштерибизди кайрадан иштеп чыктык, көбүнөсе алдуу-күчтүү, ишке кызыккан жөндөмдүү жаштарды топтоп, алардын эмгекке кызыгуусун арттырып, партия талап кылган кайра куруу маселесине кириштик. Жаштарды жерди сүйүүгө жер менен достошууга чакырдык. Биздин сүйлөшүп келе жаткан кепти ары жактан шыпылдай келе жаткан аялдын:

— Зейралы, жанагы машинаны бизге бербесеңиз болбой калды,— деген үнү бузуп кетти.

— Мен алиги казылган жерге таш төктүрөйүн дебедим беле.

— Зейралы, күн көтөрүлө электе бадыраңды жеткирбесек соолуп кетчүдөй. Көрдүңүзбү, күн ачуу тийип жатканын. Азыр бир саатта эле ящиктеги бадырандар соолуп калып жатат. Бериңиз. Түштөн кийин болбой калат. Жаш бадыраңдарды терери менен шаардыктарга жөнөтпөсөк болбойт.

— Макул анда, ал, менин атыман айт,— деди Зейралы.

— Бул аял ким? — дедим ал аял кеткенден кийин.

Менин жардамчым, Смоленцева Лидия Александровна. Мыкты иштейт. Жаны тынбайт, байкуштун. Сөзүмдү улантайын.

— Бригадада 855 гектар эгин эгүүчү аянт жана 196 гектар жашылча эгүүчү аянт бар. Эгин эгилген жакта өзүнчө

чарбак, техника жайма-жай, иштей турган кишилер да мыкты. План ар дайым аткарылат. План демекчи планды 1963-жылдан бери көздөй жыл сайын аткарчу болдук. Мактангандык эмес. Чын айтууну жакшы көрөм. Жыл сайын аткарабыз. Совхоз аткарбай калса да биздин бригада ар дайым аткарат.

Саал тапталып калган бир таман жол менен биз кашкайып чыгып, гүлдөп, көпчүлүгү түйүлдүк алып, кайсы бир ала бөйрөк болуп калган жыттуу помидор аңызда келе бердик. Аңыздын жыты адамга ушундай бир жагымдуу, дагы аралап дагы жүргүң келет. Мына, үч-төрт күндө жанагы ала бөйрөк-помидорлор жарыштан озуп тургандай кызарганы турат. Азга унчукпай Зейралы ойлонгондой мен да унчукпай баса бердик. Биздин кадамыбыздын болорболбос дабышы угулуп жатты. Булардын ишинин ийгилигин дагы терең билүүгө кызыгып:

— Бригадаңызга канча жашылча сатуу белгиленген?

— Помидордун планы гектарына 250 центнерден, а биз 350 центнерден беребиз деп турабыз.

— А, капустачы?

— Пландагы 260 центнердин ордуна 400 центнерден тапшырабыз. Кызыл кызылча деген бар. Анын планы 320 центнер, иш жүзүндө 500 центнерден өткөрөбүз. Айтор жашылчалардын план милдеттенмеси баарыбызга ашыгы менен берилген. Аны аткарууга толук мүмкүнчүлүк бар.

— Пландан ашыкча тапшырылган түшүм бааланып жатабы?

— Бааланбай. Дайыма бааланат. Акчалай сыйлык. Өкмөт менен партиянын жогорку сыйлыгын алгандар да көп. Жашылчаны болсо каалаганча сатып алышат. Баягыдай чакалап ташыгандар такыр токтолду. Ага эл өзү да көнүп калды. Ал тургай шаардан жардамчылар келсе, аларга да: «албагыла, жей турган болсоңор каалашыңарча жегиле, солдорду этияттап баскыла бадыраң менен помидорду басып албагыла, абайлагыла» деп өз эмгектеринин кымбат экенин сезип, өтө кылдат мамиле кылышчу болду. А ойлоп көрсөк ошондой мамиле гана мол түшүмдү камсыз кылат экен. Антпесе болбойбу деп калдым.

Калп айткан менен болобу иштн жакшыртуу мына өзүбүздүн колубузда экен. Сиз билесизби, билбейсизби? Жанагы окумуштуулардын бир гектар жерге болжолдошкон уругу аздык кылат деп ойлойм. Маселен, аларын гектар жерге болгону үч-төрт килограмм помидордун уругун септирет, ушул кантип болсун мен аны эки эсе көбөйтүп жиберем. Болбосо бири өсөт, бири өспөйт. Урукту өтө коюу

сеппесе өсүп чыгышы начар болуп калат да түшүм анча болбойт. Эгерде чыгышы өтө эле калың болуп калса аны суюлтуп коюу арзан иш. Сизге бир кеп айтайын. Мынабу колхоз договор түзүп пыяз айдагандар бар го. Бир гектар жерге колхоз план боюнча эки килограммдан пыяздын уругун берет экен. Алар алты килограммдан себишет.

— Эгер, алар калың чыгып калса анын отоо иштерин татаалдатат ко — дедим.

— Алар куулук кылат. Пыяздар түп байлагыча жакшылап сугарат экен да, жаш пыязды өстүрүп анан аларды суюлтуп, суюлтулган пыязды боо-боо кылып базарга сатышат экен.

— Түшкөн каражат колхозго төгүлөр?

— Таштыбы, алардын чөтөгүнө түшөт. А колхозго договор түзгөндө анын түшүмү гана жазылат, көк пыяз жөнүндө кеп да жок. Түшүндүңүзбү? Менимче жанагы уруктун бөлүнүшү жердин шартына жараша болуу керек. Кайсы бир жер суулуу келет, кайсы бир жери таштак, кээ бири шорлуу мына ушуга жараша уруктун бөлүнүшү туурабы дейм.

— Туура, туура ошондой болсо да жанагы бир гектар жерге бөлүнгөн урук аздык кылат.

— Бул арыктын ары жагындагы капустабы?

— Ооба, аз күндө кырка баштайбыз.

— Капустанын калган тамырлары эмне болот?

— Калат, кийин жер айдалганда жер семирткич болот. Капустанын түптөрү бат эле чирип кетет. Азга сүйлөбөй баса бердик.

Мына, бул жерде биздин бригаданын конторасы деп сөзүн улады Зейралы Осмонович. Эртең менен баарыбыз ушул жерден жумушка чыгабыз. Бул жер биздин бардык ишти бөлүштүрө жүргөн жер. Биз конторага кирип бардык. Чакан бөлмө. Бөлмөнүн төр жагында стол, катар коюлган стулдар. Стол үстүндө журнал.

— Бул эмне болгон журнал, Зейралы Осмонович?

— Бул журналга ким кайда кетти. Ким келди. Кайсы жерде шашылыш иштер бар. Ким кайсы жерде иштеп жаткандыгы жазыла турган журнал. Антпесек бизде байланыш жок. Ким керек болсо, журналдан карап дайнын билип алабыз.

— А тиги журналчы?

— Ал журнал болсо, мына бул жазгандарды окуңузчу? Зейралы Осмонович журналды мага сунду.

Мен журналга жазылган нерселерди көз жүгүртүп окуй баштадым:

«Мен Фазылов Исмаил тракторист болуп иштейм. Ишимди өтө жакшы көрөм. Кесипке ээ болгонума аз эле болду. Иштеген эмгегим эл үчүн. Ак иштеп, ак эмгектенсең эл эмгегиңди баалайт» деп жазылган. Мен журналды барактап бригададагы иштегендердин жазгандарына кызыгып, дагы окуй баштадым.

— Мен Исмаилов Жапар бир канча жылдан бери суу сугарам. Менин жаадырып сугаруучу машинам бизге бөлүнгөн жердин эң бир керектүү машинасыбы деймм. Ошондуктан ар дайым аны жакшы урунуп, сезон убагында эч бир иштен чыгарбай, сындырбай-булдүрбөй иштетем. Мен ар дайым чын дитим менен иштеп, кыпындай эмгегим менен элге жаксам деймм».

Эшиктин «шарт» этип ачылганынан улам көңүлүм бөлүнүп кетти. Жапалдаш бойлуу, чымыр жигит кирип келди. Сүйлөгөн сөзүнөн жана Зейралы менен сүйлөшкөнүнөн баамдасам совхоздун парторгу болуп чыкты. Аңгыча порторг кубангандай:

— Зейралы Осмонович, бүгүн газетаны окудуңузбу?

— Жок, эмне экен?

— Биздин совхоз 1986—87-жылдардын кыш мезгилинде мал кыштатууну ийгиликтүү өткөргөндүгү, мал чарба азык түлүктөрүн алууну жана сатып алууну көбөйткөндүгү үчүн Бүткүл Союздук социалисттик мелдештин жыйынтыктары боюнча КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин жана ВЛКСМ Борбордук Комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланыптыр.

— Жакшы, жакшы кабарың бар экен.

Биз кол алышып, тааныштык. Абдымусаев Чырмаш бир нече жылдан бери совхоздун парторгу экен.

— Парторг менен таанышып алдыңыз. Совхоз жөнүндө, Биздин бригада жөнүндө ушул жигит да жакшы билет. Аздан кийин келем бир аз жумуш бар эле — деп Рашидов Зейралы Осмонович эшикке чыгып кетти. Биз совхоздун парторгу менен совхоз эмес, районго, кала берсе республикага жашылчаны өстүрүү боюнча таанымал адамдын бригадасын дагы кеп кылып жаттык.

Кыргыз элинде бир татынакай кеп бар. «Эгиндин жайын эккен билет, арабанын жайын чеккен билет» дейт. Анысы кандай Зейралы бу биздин совхоздогу жер сырын билген мыкты киши. Бул адамдын ийгиликтери көп. Жалаң өзү мыкты иштебестен бригададагылардын баарын эмгекке тарбиялады. Мындагы иштеген жаштар үчүн Зейралынын жетекчилиги өзүнчө эле бир мектеп. Зейралы Осмонович райкомдун мүчөсү, райсоветтин депутаты. Эки жолу Эмгек Кы-

зыл Туу орденине татыктуу болду. Ал эми 1979-жылы болсо «Ардак белгиси» ордени менен сыйланды. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасына, Ардак Грамотасына да татыктуу болгон.

Айта берсе бул адамдын ийгиликтери көп. Сыйлыкка жалаң өзү ээ болбостон, мында иштегендер ээ. Мисалы, Лидия Александровна Смоленцева, II жана III даражадагы «Эмгек Даңкы» оренине ээ. Тракторист — Урушанов Паша болсо Эмгек Кызыл Туу ордени жана бир канча медалдары бар. Ал эми бригадада болсо алдыңкылардын саны арбын. Нафия Аскарова, Надия Родерева, Хакки Балабеков, Хусайин Башкиров, Александр Михайленко жана башкалар. Он биринчи, он экинчи беш жылдыкта бригада планды 125тен 163 кө чейин аткарышууда. Кандай гана иш болбосун бригаданын Совети чечет. Ар ай сайын айдын аягында жыйынтыгы тууралу кеңешме өткөрүлөт.

Рашидов Зейралы бала-бакыралуу. Камал улуу уулу. Айыл чарба институтун бүтүп, кой чарба өндүрүшүндө иштейт. Апсер болсо Афганистанда службасын өтөп келип, бригадага иштей баштады. Канттагы айыл чарба техникумунда сырттан окуйт, Алипаша болсо күндүзү совхоздо иштейт да кечкисин мектепте окуйт, «Эрдин даңкын эл билет, дыйкандын даңкын жер билет» дегендей Зейралыны эл да, жер да билет. Быйыл жашылчалардын түшүмү жылдагыдан да мыкты болобу деп турабыз. Аянттарды аралап көрсөң мөмөлөрдүн көптүгүнө көз кубанат. Бадыраңды бир сыйра терип койдук. Эми дагы сугарабыз дагы теребиз. Экиүч күндөн кийин помидор теребиз, андан соң капуста, сабиз казабыз. Иши кылып кеч күзгө чейин жумуш кекиртектен. Максат жашылчадан туруктуу мол түшүмдү камсыз кылуу. Зейралы Осмоновичтин бригадасы аны аткара алат. Ага зор ишеним бар. «Эмгек кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан» дейт. Анысы кандай бригаданын дөөлөтү мол түшүм алуу. Эл менен иштөө. Ал дөөлөттү ар дайым асырап, жашоо туткасы катары алып жүрүү керек. Ийгилик бригаданын ийгилиги эмес совхоздун ийгилиги. Ишке берилип иштесең жыл сайын мол түшүмдүн элеси көрүнүп турат. Ал ийгилик мындан ары да жыл сайын кайталана беререне ишенебиз. Анткени, план чейрек кылымдан бери аткарылып келе жатпайбы. Мындай ынтымак, мындай демилге, кайра куруунун жетектөөсү — мол түшүмдүн булагы. Мол түшүм жашоо булагы.

## ТОКТОБЕК БОЛЧУРОВ

# КҮЗГҮ СУГАТ

«Сугат — мол түшүмдүн булагы» деген сөздү уккан сайын менин жан-дүйнөмдү козгогон кандайдыр бир сезим алып учуп, өз айылыма, балалык чагым өткөн өрөөнгө алып барып койгонсуйт. Бул сезим, балким, мен бала кезимде талаада иштеп, сугатка аралашып калганданбы, же суунун касиетине башкача туюп калгандан болсо керек. Ал эми шылдырап аккан суунун шарына кулак моокумун кандыра албайм. Аны сүрөттөп жазууга чамам келбейт.

Суу жөнүндө көп жазууну максат кылып келем жана колумдан келишинче жазып да жүргөнсүйм. Эмесе, азыркы сөз кылайын деп жаткан аңгемем, жогоруда айткан өз айылымдын карапайым, жайдары мүнөз, ачык-айрым, эмгекчил, айылда биринчилерден болуп сугатка аралашкан каарман келин Эркин жөнүндө болмокчу...

* * *

— Буюрса, быйылкы жыл жакшы болчудай,— деди үйгө кирип келе жаткан кара-тору, чымыр денелүү келин.

— Баракелде, дегеле көз ачык болуп кетесиң да,— деп тамашалай сүйлөдү, чоң күзгүнүн алдында сакал-мурутун кырынып жаткан күйөөсү Алым.

— Мени шылдыңдабай эле кой, андан көрө сыртты кара. Майдалап жааган жамгырды көрсөң боло. Бул май жаан...

— Эми быйылкы кар менен жазгы жамгырга таң калбай калбадыкпы. —Анан терезеден сыртты карай. —Тап-такыр чүмкөнүп алган тура. Азыр чыгам, кырынып алайын. Суу чабыштырып койсоң...

— Айтты-койду дебе, быйылкы суу жетиштүү болот, ным да жакшы, демек биз мол түшүм алабыз. Сени эле карап тур...

— Ии, кимди карап тур деп жатасың? Менибы? Анда мына карадым,— деген Алым тигиге тикирейип карап калды.

— Карап тур, быйыл рекорд койбосом элеби...

Алым каткырып күлүп калды.

Күйөөсүнүн күлкүсү ага шылдыңдай угулуп кеттиби,

айтор, ыңгайсыздана түшкөн келин манаттай кызарып кетти. Анан бир азга Алымды карап туруп тултуң эте калып, босогодо турган чаканы ала сыртка жөнөдү.

«Каап, капа кылып койдум көрүнөт»,— деген өзүнүн ыңгайсыз тамашасына бушайман колуп чыккан Алым, жолдун жээгиндеги суу чоргосунан суу алып келаткан аялын утурлай анчейин күнөкөр жылмайды.

— Алыке, алдагы үйгө суу даярдап койгом,— деп келин да жылмая карады күйөөсүн.

— Кайсы үйгө? Үйдө жок го суу...

— Бакыт жуунган үйдө.

— Мен анчалык муздак сууга чыдай албайм го.

— Чыдайсың, чабыштырып койдум.

Аялынын мээримине магдырай түшкөн Алым бир демге сүйлөй албай туруп калды.

— Бол эми, кирбейсиңби,— деп аялы кайталаган соң уулу Бакыт өзү жуунуш үчүн атайылап жасаган үйгө карай жөнөдү.

Алым уста. Ал өзү совхоздун курулуш бригадасынын бригадири гана эмес, ушул айылдын колунан көөрү төгүлгөн устасы деп айтсак да болот. Алым деп атынан айткандын ордуна, көпчүлүк адамдар Акиштин уста баласы, ал эми жеңелери «уста бала» дешсе, келиндери «уста аке» дешип тергешет. Атасын тартып уулу Бакыттын да колу жөндөмдүү. «Алма сабагынан алыс түшпөйт» деген кептин калети жок эмеспи, чоңойгондон колунан балта түшпөй узанганы узанган. Короо-жайы кадимки усталардыкындай ирети менен.

* * *

Бул жогоруда «рекорд» жөнүндө сөз кылып жаткан келин Ак-Суу районундагы малды бордоп семиртүүчү атайын адистештирилген чарбада он жылдан ашуун мезгилден бери сугатчылык кесипте эмгектенип келе жаткан Эркин Акишова жана анын өмүрлүк жолдошу Алым Акишов.

Совхоздо, ушул айылда биринчи болуп сугатчылыкка өткөн Эркин менен талаада, сугат башында кезигишүүнү абдан самап жүрчүмүн. Ооба, айылдагы биринчи сугатчы келин, аны мен айыл ичинде көрүп жүрсөм да, иш үстүндө бир да жолу жолуктурган эмесмин. Бул мүмкүнчүлүк биринчи жолу 1985-жылдын сентябрь айынын ысык күндөрүнүн биринде болду. Ал кезде ошол сугатчылык боюнча түзүлгөн звенонун мүчөлөрү көп жылдык чөптүн аянтына суу коюп, жан аябай иштеп жатышкан маал эле.

Ал жолу көпчүлүк журналисттердин адатынан сырткары чарбанын жетекчилерине кайрылбастан, аларды өнөктүк убакытта алагды кылгым келген жок. Сугат башына өзүм жалгыз бардым. Мына чабыктан кийин жаңыдан чыга баштаган беде. Аянттын ортосунан тилинген арыктын ар кайсы жеринде байланган кулактан жылжып аккан суу жылт-жулт этип ар кайсы жеринен көрүнө калат.

Күркүрөп аккан Ак-Суудан бөлүнгөн бул башаттын суусу дагы эле болсо аппак, эч түсүн өзгөртпөстөн көбүктөнүп келип жатканына таң каласың. Тээ акыр-аягына чейин өзүнүн өңүн өзгөртпөй ак көбүктөрүн чачыратып акканы аккан. Ошондон улам Ак-Суу аталган да.

Сууга карап келе жатып, кулак байлап келе жаткан эки келинге туш келдим.

— Иш илгери болсун! — дедим тигилерге.

— Илгерилетмек сенден болсун. Кел, кел... Бу шаардыктардын сугат башына келгенин биринчи көрүшүм. Кудай берет го... — деген Жаңыл күлүп жайдары карады.

— Саламатсыңарбы. Жакшы турасыңарбы. — деди Эркин.

— Ушунча жердин баарын силер сугарасыңарбы?

— Анан эмне кылабыз. Эркектерибиздин баары эле бапке көтөрүп шаарга кетип калышса... — Жаңыл кыйытып өттү.

— Ошолорду кармап кала албаган өзүңөр жамансыңар.

Баарыбыз күлүп калдык. Тигилерге кол кабыш кылып, улам жырып кетип жаткан кулакты мыктап бекиттик.

— Өх, деги ушул кулактын азабы өттү бүгүн. Улам бекитсек, улам алып кетет. Эми бир азга дем алсак болот. — Жаңыл чекесиндеги терин жеңи менен аарчып алды.

— Анда жүргүлө тиги чоң суунун жээгине барып отуралы. Эки иштен бир иш, чогуу эс алып, сүйлөшүп да алабыз. — Мен аларга өз оюмду сунуш кылдым. — Тигилерди да чакырып койгула.

— Аманатка кыйкырып койчу, Жаңыл,— деди Эркин колун сууга чайып жатып.

Көп өтпөй баарыбыз тең суунун жээгиндеги көк майсанда сүйлөшүп отурдук. Сугатчылар өздөрү ала барган жармаларын, тамак-аштарын жайнатып салышты.

— Аманат аба, силер бу жерде өзүнчө эле бир үй бүлөдөй жашайт турбайсыңарбы. Ал эми үйдөгү балдарды ким карайт, жеңем экөөң тең бу жерде экенсиңер? — деп Аманат Акуновдон сурап калдым.

— Балдарды үйгө камап коюп, Аманатымды бирөө ала качып кетпесин деген ниетте жанында жүрөм,— деген Жаңылдын сөзүнө баарыбыз күлүп алдык.

— Бу жеңең сүйлөй берет. Бала-чака чоңоюп калды. Мынабу ар кайсыны сүйлөп отурган жеңеңе ыракмат — он бала төрөп берди. Чоңдору кичинелерин багып, ал тургай биздин тамагыбызды да даярдап коюшат. Көп бала тартиптүү да болот экен.

— Балдарыңар ыймандуу болсун, аба. Силердин баарыңарга эле ошону каалайм.

Андан соң Сүйүн Эликбаевага кайрылдым.

— Сүйүн эже, ахыбалыңыз кандай?

— Биздин да балдар чоңоюп калды. Келин алдым. Турмуш да жаман эмес...

— Келин кут болсун, эже.

— Ыракмат, айланайын. Мына ошолордун баарын көрбөй кеткен Зарылдык куурабадыбы. Бир кезде чиедей алты бала калды эле, мына алды аял алып отурат. — Сүйүн Эликбаева бир аз жашып кетти.

— Зарылдыгыңыз жок болсо, анын балдары турбайбы, ошолор аман болсун, кейибеңиз.

— Ыракмат, айланайын,— деген Сүйүн эже кашкая күлдү.

— Жанатан бери тууганчылык кепке өтүп кеттик көрүнөт. Кана эми, ишиңер, звеноңор тууралу сүйлөп берсеңер. Иштеги жакшы-жаманын да айта кетсеңер. Ишиңер жаман деле көрүнбөйт, себеби звено башчыңар Эркин областык Советтин депутаты болуп шайланыптыр. Ар бириң кошумча эмгек, сыйлыктан куру эмес экенсиңер. Мына ушулар тууралу сүйлөп отурсаңар,— деп отургандарды айландыра карадым.

Бир аз өкүм сүргөн тынчтыкты Аманат Акунов бузду.

— Сөздү звено башчыбыз Эркин айтып берсин. Ал эми биз сугатты бир сыйра текшерип чыкпасак болбойт. Ала калып калат, же кулакты жырып кетиши да мүмкүн. Силер шашпай сүйлөшө бергиле, биз деле көпкө кармалбайбыз,— деди.

— Ооба, ошентели, Эркин сен сүйлөй бер,— дешкен звено мүчөлөрү жапырт ордундарынан турду.

Сугатка кетип бараткандарды карап, булардын ушунчалык ынтымагына ичимден ыраазы болуп отурдум.

— Жети жылдан бери,— деп сөзүн баштады Эркин Акишова,— мына ушул адамдар менен сугатта иштеп келе жатамын. Ошондон бери алган милдеттенмебизди аткарбай калган учурубуз боло элек. Ал эми быйылкы жыл —

бизге бир топ түйшүктү алып келди. Эмне дегенде кыш абдан катаал болду да, жаздын мойну узарып кетти. Май айынын аяк ченине чейин сууктун илеби кеткен жок. Анткени, ошол айдын кап ортосунда кар жаап салбадыбы. Ошондон улам үшүк жүрдү. Мынабу сугарып жаткан бедебиз ошол кезде 20—25 сантиметрдей болуп, ыргалып турган болчу. Биз биринчи сугаттан өткөрүп койгонбуз. Беден жаман үшүйт экен. Шалбырап эле бүрүшүп калды. Жаман ичибиз күйдү... Анан совхоздун адистери менен чогуу келген райондук, областтык адистер, бул боюнча калтырганда болбойт, кийинки өсүмүнө тоскоол кылат дешип, бүт аянтты тоютка чаптырып салышты. Ошондуктан, быйыл биринчи чабык өз убагынан абдан кеч чабылды. Болбосо бул кезде, мына бу жердин үчүнчү чабыгы ушундан жогору болуп калмак. Анан жайлата ысык аптап уруп туруп алды. Ошондой ысыкта суудан өксүттүң — бүттү. Өтүп кеткен соң он жолу сугарсаң да пайдасы жок болот. Демек, түшүмдөн куру каласың. Биздин айдоо жерлерди өзүң билесиң го — кара топурактуу болуп, жумшак келет эмеспи. Канча сугарсаң да соруп ала берет.

— Эркин, сөзүңө аралжы, силерге жерди кайсыл маалда бөлүп беришет, же суу кайсы аянтка керек болсо, ошол жерди сугара бересиңерби? Андай болгондо канча звено барсыңар?

— Жок, антпейбиз. Ар бир звеного кеч күздө жер бөлүнүп берилет. Быйыл бизге 160 гектар ар кыл өсүмдүктөр бөлүнгөн. Биз ушул бөлүнгөн жерди кеч күздөн баштап иштете баштайбыз. Кайсы өсүмдүк кайсы аянтка эгиле тургандыгы жана аларга кандай жер семирткичтер керек экендиги тууралу совхоздун адистери белгилеп беришет. Ошого жараша кыштата органикалык жер семирткичтерди чачабыз. Кеч күздө тоңдурма айдайбыз. Мындайча айтканда, жайдыр-кыштыр талаада болобуз. Ал эми жаздын келиши менен тоңдурма болгон жерлерди малалап, көп жылдык чөптөргө жазгы сугат коёбуз. Анан үрөн себилет.

— Силерден башка эч ким катышпайбы?

— Бизден башка да механизаторлордон убактылуу катышышат. Калган жумуштардын баарын ушу бешөөбүз аткарабыз. Тигине, тигилер да кайтып келатышат. Механизаторлор айдаган жердин сапатына да өзүбүз көз салып турабыз. Антпесек болбойт. Жайкысын сугат, отоо иштери биздин мойнубузда. Мени айылдаштарым областтык Советтин депутаты кылып шайлашкан. Звенобуз бригадалык подрядка өтүп, совхоздогу алдыңкы бригада деп аталды. Чарбадан 76 гектар күздүк буудай жана 96 гектар көп

жылдык чөптүн аянты бекитилип берилген. Мынабу сугарып жатканыбыз көп жылдык чөп, азыркы сугатыбыз төртүнчү жолкусу. Үшүк уруп кеткенде чабылганын эсепке албаганда биринчи чабыгынан жашыл масса түрүндө 145 центнерден, ал эми экинчи чабыгынан кургак чөп түрүндө 56 центнерден түшүм алдык. Ар гектар күздүк буудайдан 41,7 центнерден айланды, бул бизге жаңы эле белгилүү болду. Азыр милдеттенмебизди ашык аткарганыбызга кубанып турган кезибиз.

— Бул аянттан дагы чөп аласыңарбы?

— Жок. Бу аянтты азыркы сугарганыбыз, бизче айтканда күздүк сугат деп аталат. Мына көрүп тургандай, ушу сугаттан кийин бат эле көрпө боло түшөт, бирок андан ары өсүмү жайлап, гүл ачканга жете албай калат. Ошондуктан, бул жерлерде он чакты күндөн кийин асыл тукум койлорду жасалма уруктандыруу башталат. А көрпө болгон бедеге тубар кой баккан чабандар отуруктащат да, куут бүткөнчө ушул жерде болушат. Бул да болсо биздин эмгегибиз, бир гана өкүнүчтүү нерсе — кой жеген көрпөнүн түшүмү бизге эсеп болбой кала берет. Анан кеч күздө, куут пункттары кеткенден кийин эски кулактар менен дагы бир жолу суу жайып таштайбыз. Бул жазгы ным топтоого пайда келтирет.

— Эми өз курбуларыңа кандай баа бересиң, Эркин?

— Мен бая эле айтпадымбы, булардын эмгегине баа жок. Баарыбыз көп балалуу энебиз. Менин оюмча, жеке эле мен эмес — ушулардын бардыгы депутат! Акунов Аманат — биздин звенодогу жалгыз эркек. Жубайы Жаңыл. Эликбаева Сүйүн, ал эми Жолочиева Зыйнат бүгүн дем алып жатат. Бешөөбүз ынтымактуубуз, эмгекти бирдей жасайбыз, кезектешип дем алабыз, кезек менен түнкү сугатка чыгабыз, иши кылып, тапкан-ташыганыбыз ортодо.

— Эркин, дагы бир суроо — бул өзүңө тиешелүү. Ушул сугатчылык кесипте иштегенден берки тоскоолдуктар, кыйынчылыктар жөнүндө кеп салсаңар. Өз башыңдан өткөн кыйынчылык жөнүндө, же баары эле ойдогудай болдубу?

— Кантип эле бардыгы ойдогудай болсун,— деп ойлоно калды Эркин. — Адегенде абдан эле кыйын болгон. Ал эмес кээ бир адамдар атайылап эле тоскоол кылышат экен. Бирок жакшы адамдар көп эмеспи, ошолордун жардамы мени ушул даражага жеткирди. Алгачкы жылдары бул иштен кетип калгым келип жүрдү, бирок намыс, уят кое берген жок.

Анда комсомолдун мүчөсү болчумун. Колхоз эле. Комсомол уюмунун отчеттук кайра шайлоо чогулушу болуп,

райондук комсомол комитетинин биринчи секретары сөз сүйлөдү. Райондун жаштары жана комсомолдору звено, бригада түзүшүп, чарбанын ар кыл тармактарында эмгектенип жаткандыгын айтты. Алардын аты-жөнүн да атап кетти. Ал эми «Ысык-Көл» совхозунун кыз-келиндеринен турган талаачылык бригадасы жөнүндө баса белгилеп, кайра-кайра үлгү катары алардын атын атай берди.

Чынында мага ушул абдан таасир берди. Чоң трибунадан атыңды мактап айтыш кимге жаман угулсун. Мен да өзүмдүн атымдын ушинтип аталышын кааладым. Деги ошондон баштап бассам-турсам жанагы ой башымдан кетпейт. Бирөөгө айтуудан уялам. Балким, ошол боюнча унутулуп да кетет беле, ким билет. Бирок, жазындагы баягы сөз кайра жаңырып, бизде да бригада, звенолорду уюштура башташты. Тажрыйбалуу адамдардан жетекчи койду. Мен да бригадага мүчө болуп кирдим. Иштеп калдык. Кызык ушундан кийин башталды. Менин сугатчы болгонумду өмүрлүк жарым Алым туура түшүндү, кайын энем чыны жактырган жок.

Жолдошум каршы болгондо иштебей деле калмакмын.

Бир күнү өзүмдүн энем келиптир. Ал менин сугатчы болуп иштеп жатканымды угуп, атайын келгенин билдим. «Кызымды бага албай сугатчы кылып, таптакыр жиниктирип өлтүрөт турбайсыңарбы? — деп чатак сала баштады. Менин айткан сөздөрүмдү да уга турган эмес. Анысына караган жокмун, эмчектеги баламды өзүнө бактырып коюп, талаага кетип калдым. Эки-үч күн чамынды «алып кетем» деп, бирок акыры менин кетпесимди түшүндү көрүнөт, унчукпай калды. Андан кийин менин ден соолугума көңүл бөлүшчү болушту. Алым мени түшүнөт, азыркa чейин эле көп жардам берет. Кичине эле бошой калса мага жардамга келет. Дем алыш күндөрү мени үйгө калтырып, өзү барып жүрдү. Азыр болсо эч кимден калышпайт эмесминби.

Эркиндин кашкайган күлкүсүнөн адал эмгеги менен баркка ээ болгон кадимки карапайым эмгекчинин өзүн көрүп турдум.

— Келечекке кандай карайсың, Эркин? Кандай пландарың, ойлогон ойлоруң бар? Ойлогон ойлор көп, алдыга койгон максатка жетсек кана... Азыр айыл чарбасында өзгөрүүлөр көп болуп жатпайбы. Балким, келечекте үй-бүлөлүк подряд менен иштесекпи деген оюбуз бар. Бул ойду жолдошум Алым айтып жүрөт. Ушуга чейин эчен жолу аны чогуу иштейли деп үгүттөгөн күндөрүм болгон, бирок ал балта-чотун таштагысы келбейт. Бир эсептен анысы да жакшы. Эмдиги жылдан биздин чарбада да үй-

бүлөлүк подряд ачылат дейт, эгерде ошондой болсо, анда сөзсүз биз өзүбүздүн үй-бүлө менен иштейбиз. Алым кыш-кысын курулушунда иштей берсе да болот. Ошентип, Алым экөөбүз ушул чарбада бирге эмгектенип келатабыз. Үй-жайлуу, сегиз баланын ата-энеси болдук. Үй-бүлөбүз менен китеп окуганды жакшы көрөбүз. Дагы бир силерге айта кете турган нерсе — кыргыз тилинде чыккан китеп-тер аз, жакшылары бизге жетпей калат экен. Айылдык дүкөндөргө жакшы китептер келбейт. Газета-журнал окуп турабыз. Өзүм айылдык кесипчилик окуу жайынын фи-лиалынан окуп, тракторист-машинист деген кесипке ээ болдум. Азыр керек болсо трактордун тизгинин да башка-ра коёбуз,— деп жадырай күлдү.

— Оо, бул тилегиңер жакшы экен...

— Сөзүмдүн акырында, жеке эле өзүмдүн эмес, жалпы эле энелердин тилеги — балдарды тарбиялаш. Ошол бал-дардын келечеги үчүн күрөш. Андыктан дүйнөдө эч качан согуш болбосун. Биздин балдарга берген тарбиябыз со-гушка эмес, эмгекке арналсын деп тилейбиз.

— Рахмат, Эркин. Тилегиңер ар дайым кабыл болсун. Ден-соолугуңар чың болуп, ушинтип, талбай эмгек кыла бергиле!

Мен талаанын перилерине өз каалоомду айтып, алар менен жылуу коштошуп, айылды карай бастым.

...Мына ошол кезден бери бир жылдан ашык убакыт өттү. Азыр Эркин Акишова үй-бүлөлүк подряд түзүп, дагы да болсо сугатчылык кесибин улантууда.

Улуу Октябрь революциясынын 70 жылдык майрамы-нын урматына кабыл алышкан милдеттенмесин аткаруу-да ат салышып мыкты ийгиликтерди жаратышты.

Өздөрүнө бөлүнгөн күздүк эгиндин ар гектарынан 44,5 центнерден түшүм алууга жетишти.

«Эмгек адамды жаратат» деген турмуштук тажрый-бадан чыккан улуу сөздүн эч калети жок тура. Ак ниети менен эмгектенген адам жарык маанайлуу, ак дидарлуу болот. Өзүнө, жолдошторуна, үй-бүлөсүнө, өзү эмгектенген коллективине жоопкерчилик менен мамиле кылат. Жеке керт башынын эмес, элдин кызыкчылыгын көздөйт. Мына ушундай замандаштарыбыздын бири жогоруда сөз кылып өткөн Эркин Акишова эмей ким? Буга ким каршы боло алат.

Эркин бактылуу энелерден. Өмүрлүк жолдошу Алым Акишов чарбадагы белдүү азаматтардын гана бири эмес, Эркиндин иштеги кеңешчиси, үй-бүлөнүн ээси. Алар көп балалуу ата-эне. Эркин али жаш. Күчү толуп, кайраты

ашып турган чагы. Биз андан дагы-дагы албан эмгектик ийгиликтерди жарата беришин күтөбүз. Бул чыныгы эмгекчинин, кыргыз кызынын келечектеги асыл иши эмей, эмне?

*ЗУЛАЙКА ИМАНАЛИЕВА*

---

## МАКСАТ МАРАСЫ

Күн мээрими кучагына алган көл кылаасы демейдегиден да кооз, сүйкүмдүү. Анткени, үшүтүп калтыратпай, ысытып куйкалабай бир калыпта жаркыраган учур мээрман тоолуктардын пейилинен бүткөндөй жагымдуу. Тээ, алыста бой тирешкен кабат-кабат жаңы үйлөр көл жээгинин көркүнө шайкеш келип турат. Мына, ушул доорубуздун учурун кабардаган бул шаарча менен тээ жогорудагы ак селдечен тоолорду этектей конуш алган малчылардын короо-сарайларын алыстан караган адам сөзсүз ойго батат. Мына, ошол Ата Журтунун күч-кубатын чыңдоого кычыраган кышкы суукка, мээ кайнаткан ысыкка чыдап, мал багуунун көп кырын ашкан Совет Иманалиевдин түйшүктүү иши анын азабы жана ийгилиги, жетишкендиги айтууга арзыйт.

Бир кездерде эч пайдасыз бозоруп жаткан Ак-Шыбак, Берекелүү-Дөбө, боз талааны коён, кекилик, суур мекендесе азыр мал чарбалуу өрөөнгө айланган. Бул жерлердин мал-жанга ыңгайлуу экенин туйган эл ушул кокту-колотторду көптөн бери малга жайыт катары пайдаланып келатышат. Ал жердин пайдалуу экенин эл билбесе ага катылбайт эле да. Билген үчүн, малга чөбү мол үчүн, ар бир кокту-колоттун, мезгилдин ар бир учуруна ылайык пайдаланып жүрүшкөнү да ошол. Өзгөчө, Советтин кой короосу турган жер малга ыктуу жер. Ыктуулугу ушул. Төр жактагы сүрдүү аскаларды жаздана жаткан жашыл жайлоону жирей өткөн капчыгай. Капчыгай ичиндеги таштан ташка урунган көк кашка суу көргөндүн көңүлүн тазартат. Жаратылыштын кооздугу менен көккө суналган карагай, кайыңдардын, тирелишип сүйкүм көрүнгөн арчанын жыты өзүнчө ырахат. Мына, ушундай жаратылыш байлыгы — эл байлыгы экенин Советтин мөлтүр суудай балалык таза сезими тээ алда качан эле сезген экен.

Советтин советтик армиянын катарында өз милдетин аткарып кайтканына аз эле болду. Жаңы келген бала эркиирээк жүрө турсун дештиби, ата-энеси бир топко унчугушкан жок. Бир күнү жолдошторуна жолукканда мектепти бүткөндөрдүн кээси борборго билим алууну көздөсө, кээси чарбада калып жатканын уккан. Сөз арасында мектепти бүтүп айылда калып жаткан жолдоштору Советти өздөрүнө кошуп алгылары келип, айылда иштөөнүн кызыктуу жактарын айтып безилдешти. Ооба, жолдоштору айткандай кандай иш болбосун аны жан-дилин коюп иштесе андан натыйжа чыкпай койбойт эмеспи. Айлында иштеп жүргөн жолдошторунун куунак көрүнүшү, алардын сөзү, алардын айыл ишине кызыккан сөздөрү аны туулуп өскөн жерине ого бетер жипсиз чырмады. Ал кайсы бир балдарга окшоп минтем-тигинтем деген да жок. Тек гана ичинен алардын турмушундагы үлүшү ушу элде, ушул жерде экенин туйду.

Жолдошторунан бөлүнүп үйүн көздөй баскан Совет кечкуруп соккон көлдүн абасына төшүн тосо кере жутуп, куунак келатты. Оюна жанагы балдардан уккан Фрунзеге окууга кеткен жолдоштору кылт этти. «...Окуп билимге ээ болсоң да, иштеп эмгекке ээ болсоң да бардыгы эл үчүн экен го. Эл эмгегиңди баалайт. Акыйкат иштесең алдыга алып чыгат. Армиядан келгениме да бир топ болуп калды, иштейин эми бош жүрбөй». — Ал оюн ачык айтпаганы менен өзү бойлоп өскөн көлүнүн суусундай тунук акыл сезиминде ошол жердин дагы гүлдөп өсүшү үчүн элдин күркүрөтө кошкон салымына ал да өз маңдай теринен бүткөн эмгек үлүшүн кошуу турду көкүрөгүндө. Ал ошондон көп өтпөй бир короо кысыр калдыны бөлдүрүп алды.

1961-жыл... Жерде кар жатпаган менен бетти-колду каарып, батыш тараптан соккон кара шамал өтмө катарыңа өтөт. Жүдөмүш кыштоосун кыштаган Советтин кой короосу. Аты айтып тургандай ошондогу өз мезгилине жараша кыштоонун жүдөмүш кези. Үстү ачык таш короо. Койлору да биринчи туут кысыр калдылар. Күн да жаркырап тийип берсе канакей. Таарынган кишидей чечилбей, чытыйып туруп алды. Короо четиндеги бир үймөк чөптү сактоо керек. Кокус кар калың түшүп, жут болуп калса, чоң жардам болот.

Таң куланөөк салгандан баштап койлор жаагын жанып маарап тынчтыкты буза баштайт. Дагы чыдады булар. Канча кылса да жайында жакшы эттенгендики. Болбосо эмдигиче кырылып калмак катуу суукта.

Койлорун жайытка чыгарып жатып эсебин алды. Кө-

зүнө койлордун кабыргасы саналып, ичи-ичине тартып сүлдөрү калгандай суук көрүнүп кетти. Чочуп кетип Советтин санаасы санга бөлүндү...

Ак-Шыбак тарапка кеткен жалгыз аяк жол. Тээ, ары жакта бир караан көрүнөт. Бир караса жылгансыйт, бир караса кыймылсыз тургансыйт. Атчан кишинин караанына окшобойт. Үстүнө үрпөйтө чөп үйгөн бир ат кошкон арабага да окшоп кетет. Караан улам берилген сайын бир түп калың бактын башындай дүпүйүп да көрүндү. Жакындай келгенде чөп жүктөгөн төөнү жетелеген Совет экен.

Короосундагы бири-биринин жүнүн жеген арык-торуктарды ойлогондо тынч жата албайт. Минген аттын алы жок, арык, чамасы да белгилүү. Ителей берсе өлүп калаары да ырас. Анда койдун артынан жөө чуркап, өзүнө түшкөн азап болот. Төө болсо кээ бир чабанда гана бар. Коңшу чабандан атынын күчүн сурап алмай болду. Антпесе айла калбай калды. Ызгардуу суук урса арык-торуктардан эчтеме калбай турган, анча-мынча болсо да койлорун сеп алдырып турбаса болобу.

Бир топ күндөн бери атына чөп жүктөй берип, аны да каржалтты. Кечээ алай-дүлөй түшкөн кар аралаш жаанда чөп арткан аты кечмеликтен өтөөрдө мүдүрүлүп жыгылып аз жерден өлбөй калды.

— Чү! Чү! — Камчы менен сооруга чып басып алганда улам обдулган ат туралбай жатты. Таңылган чөбүнүн таңгагы жылышып, чөп чачылып, теңи сууга акты, теңи кечмеликте калды. Ат улам обдула берди. Тобокелге салып, сууну кечип дагы «чү-чүлөп» жатты Совет. Дагы обдулду, туралбады. «Чү-чүлөп» карылуу колу менен санынан жөлөй тартканда аты ордунан козголду. Жээкке чыга силкинип-силкинип койду эле шыргалаң суунун тоңголоктору шылдырттай ыргыды. Атын суудан чыгарып жатып, өтүгүнүн кончуна суу толгон.

Күн ансайын борошолоп көз ачырбайт. Шөлбүрөгөн ат ого бетер арбайып, аянычтуу көрүндү. Ээр токумун оңдоп, чөптү кайра таңганча төрт аягы бүрүшүп титирей баштады.

— Чү, жаныбарым, сени да жиниктирдим. Чөптү жонума көтөрсөм да эми сага жүктөбөйм. Эркин оттоп жүрө бер. Анын сөзүн түшүнүп жаткандай ээсинин сылаган колу тумшугуна тийгенде кулагын жапырып, көзүн жалтыратып жалооругансыйт тору ат. Атын жетелеп алып ылдамдай басып кашарды көздөй бет алды. Суу болгон аттын үстү кар аралаш жаанда мончоктой тоңуп, шалдырап

баратты. Тизеден суу кечкен ээсинин буту какшап, мээге жетет. Күүгүм кирип калган. Аңгыча койлорунун маарагап үнү угулду. Үшүгөнү кайда калганын билбей, куру аштоолорду жалап, ызы-чуу болгон койлорун көздөй ылдамдай келатты. Бүгүнчө запас чөптөн сеп алышат. Эртең таң заардан төө менен жөнөйм чөпкө...

Жанында тепейген үйү бар чабандын короо жайы. Чындыгында чабандын жашаган турак жайы көргөн адамдын купулуна толбойт. Азыр бардык чарбаларда жаңы типте курулган ыңгайлуу короо-сарайлары, көп бөлмөлүү үйлөрү көзгө жат. Бирок, ошол көнүмүштөн айырмаланып, жупуну короо-сарайды кыштаганынын да сыры бар... Ошол кезде көл аймагынын күзү Советтин чарбагынын тегерегине назарын салгансып өзгөчө мемирейт.

— Совет, сени менен кеңешели деп зоотехниктер келди,— деди эшикте үн. — Үн чыккан жакты адатынча үнсөзсүз ормоюп карап коюп тим болду. Азыр башкы ветврач эмес башкасы келсе бастыра албайсың. Аны ал өзү билет. Күтө турушаар. Кечке тоюнган койлорду таштап кетүүгө болбойт. Тойгон койлор ал кетээр менен суупу көздөй күргүштөп жөнөсө таң эртенден тартып откозгон мээнети текке кетет. Сууга айдоонун, сугаруунун да ыгы бар. Ал коюн таштап жылалбасын, койлорун баласындай асыраган мүнөзүн билип туруп, жаш балача калдастай чакырган кишинин сөзүн жоопсуз калтырганы да ошондон.

Күүгүм талаш короодо малын киргизип жатканда: — Сени жаңы короого көчүрөлү, деп келдик. Жаш балдарлуусуң, жашаган үйүңөр да жаңы болсо, жылуу болсо оңуп каласыңар.

— Макул, жаңы үйгө кирип жыргайлы дейли. Ал жерде койлор эртели кеч таш жалайбы? — Ал зоотехникке сүрдүү бир карады да тим болду. Ошондон көп өтпөй эле мурдагы директор өзү келди. Анын келген жайы ага түшүнүктүү.

— Заңгыраган үйдө жашап, жандын тынчына карасак анда кыштакка барып өз тамыбызда деле жашамакпыз. Бул жер малга жакшы. Күндүн көзү жылт этти болду, кар ээрийт да койду айдап чыгууга болот. Жазында да башка кашаттарга караганда күн нуру жетип-жетпей жер баг көтөрүлүп, көк кылтыя баштайт, койлор эски жаңы чөп оттон жазгы учурдан тың чыгып кетишет.

— Аның туура. Бирок, короо жайың эскирип баратат. Шартыңар дурус болбосо кыйналып каласыңар го. Ар кандай учур болот. Дайыма эле тоют жетиштүү боло бербейт да.

— Чөп жетиштүү болгон күндө да аны үнөмдөөгө бул жерден өтөөрү жок.

— Ырас айтат Совет. Малдын тумшугу жерге тиймейинче тоюнбайт. — Жанында турган койчу жигит анын сөзүн кубаттап койду.

...Күн борошолоп кардап келип айлана заматта ак жака жамынды. Жааган күн көз ачырбайт. Алчыланган аттын туягы таштуу жолдо такылдайт. Үстүндөгү кийи ичигинин эки өңүрүн кымтыланып, жакасындагы карды камчысы менен силкип койду. Анын бул көрүнүшүндө мындай алай-дүлөй бороон күндөрдүн далайын өткөргөн чымыркайлык бар болчу. Түрсүлдөгөн дабыштан улам сыртка чыккан Майрам Советти көрө коюп, отун алып кирип мешке жагып үйдү жылытып жиберди. Малчынын түйшүктүү күндөрүндө аларга эки үйдүн бири болуп, жеңилин жерден, оорун колдон алган ага-жеңеси. Какен аларга энеси да, жеңеси да. Жаш балдарлуу болуп, ары кой багууга берилген инисине кол кабыш кылуу алардын милдети. Жалгыз дарак токой болбойт. Майраш болсо балдардын түйшүгүнөн бошобойт. Анын үстүнө алардын ага-инилик турмушун жипсиз байлап турган жакшы салт бар. Ата-энелери тирүү кезинде эле сеники-меники жок ынтымактуу бир үй-бүлө болушчу. Кийин өздөрүнчө түтүн чыгаргандары болбосо жайдыр-кыштыр тарткан түйшүгү, тапкан табылгасы ортодо. Эл бар жерде баары болот тура. Жаман-жакшы аралаш. Ошонун ичинен мындай ынтымактуу эки бир тууганды үй-бүлөсүндөй бүлөнү табуу ар дайым эле боло бербейт. Болбосо чарбада тармак көп, иш көп. Кайсы ишти беттесең, аракеттенсең кийин үзүрүн көрөөрүң шексиз.

Совет бүгүн совхоздун ачык партиялык чогулушуна катышты. Чогулушта ар түркүн сөздөр сүйлөндү. Сүйлөгөндөрдүн көпчүлүгүнүн сөзү туут өнөктүгүн ийгиликтүү өткөрүү болду. Советке да кезек келди. «Биздин шартыбыз көпчүлүк чабандардыкындай эле. Тоют да күн мурунтан жетиштүү даярдалат. Жайкысын да өзүбүзгө бөлүнгөн жайытты туура пайдаланабыз. Негизги ишибиз мал багуу болгондон кийин бардык аракетибиз малдын туягын аман сактоо. Бир топ эле чабандардын иш тажрыйбасын көрүп, билип республикадагы алдыңкы чабандардын иш тажрыйбасы жазылган китептерди деле окуп жүрөм. Бирок, биринин ыкмасы бирине окшобойт. Ар кимисиники өзүнчө кызык да, пайдалуу да. Мына, ошондой ар кандай ыкмалардай эле мен да көзүм жеткен өз ыкмамды колдоном.

Малчынын сыналчу мезгили кыш. Бул учурда райондо

белгиленгенден башка кошумча тоют берилет. Кургак чөп, беде, сенаж, аралаш тоют жана башка. Начар койлорду, өзгөчө, желини жеткен койлорду өзүнчө клеткаларда кармап, табитине карата жем, туз, суудан өксү кылбайм. Биздин короо-сарайыбыз бир топ ыктоо жерге салынган. Жайык жерлердегидей шамал башталды дегиче жер катмарынан бери какшытып кургатып кетпейт. Шамал биз турган адырдын далдоосунан окчун өтөт. Кокту-колоттордо дайыма ным сакталат. Ным бар жерде чөп мол болору белгилүү. Ал жердеги чөптөр жайлоонун бетегесинен кем калышпайт. Суу жээгиндеги бадал арасында шиберлүү тулаң чөп арбын. Суу да жанында. Ошондуктан, жаңы короо жайга көчүрүүнүн ордуна убагында ремонттоп турсак болду» — деп сөзүн аяктагансыды. — Залда бир саамга күбүр-шыбыр боло түштү.

— Канча сакмалчы керек, бул жагын айтчы. — Директор суроолуу карады. Сакмалчыларды козу багууга үйрөтүп отургуча козулар майып болуп бүтөт. Андан көрө малды билген ага-жеңем, койчум аялы менен, өзүмүн үйбүлөм жетет. — Айтканынан кайтпаган анын мүнөзүн билген директор: — Иш кызыган мезгилде анча-мынча жиберебиз, деди да жанындагыларга карап, анын короосуна беш сакмалчы жаз,— деди.

Чабандын короосунда кызуу кыймыл учуру. Күн-түн тыным жок. Туут мезгили небак башталган. Энесин жоктоп, козусун жоктоп мекирене маараган кой-козулардын ызы-чуусу.

Күрүлдөгөн Газик чукул келип токтоду. Машинадан түшөөр менен короого кирген директордун эки көзү клеткадагы жаш козуларга тартылды. Кээси чөп жалмаласа, кээси энесинин ууз сүтүн эңсеп маарайт. Муун ала элек темтеңдеген жаш козулар.

— Салоом, алейким, кыйналган жоксуңарбы? Эгиз, жалкысы бөлүнгөн эки жактагы клеткалардагыларга көз жүгүрткөн соң:

— Ох-о Совет, жалкысынан эгизи көп го? Буюрса милдеттенмеңди орундатат экенсиң.

— Ооба, теңме-теңи эгиз төлдөп жатат,— деп колундагы козуну жерге койду.

— Эгиз тууган койго жалкыны, жалкы тууганына эгиз козуларды телип жатабыз. Антпесек эгиз туулган начар козулар көпкө чейин ирденбейт. Эгиз тууган козуларын асырап кетүүгө күчү жеткен койлор өз козулары менен эле болот. Өтө начарларына упчу менен сүт берип жатабыз.

— Сүт жетиштүүбү?

— Бар.

— Кээ бир чабандар бир эгиз, бир жалкы кылып телип жүрүшпөйбү?

— Ал да жакшы. Бирок, тың козу жаңы телинген начар козуну түртүп эмизбей коёт. Начарын өзүнчө эле телиген жакшы.

Директордун газиги жөнөп кеткенден көп узабай дагы бир машина келип токтоду. Караса төрт-беш сакмалчы алып келишиптир. Алар мал арасында жүргөн, ыгын билген кишилер экенин көргөндө Совет унчукпай саламдашып, ар кимдин аткарчу милдетин тактады.

* * *

Арбайган аскалуу тоонун капчыгайын таянган бөксө тоолордун бетиндеги кыя жол. Мына, ошол өңгүл-дөңгүл кыя жолдон нары жакта келаткан атчан жалгыз аяк жолдо илкийт. Бер жактан баамдаган киши болду болбоду бул Советтин өзү болуу керек деген ойго келет. Короого жакын жаткан төшкө койлорун таштап коюп, үйүп көргөндө атын темине жөнөмөй чабандардын адаты. Кээси итин айдактап, дыргаяктатып, имертип алат. Бирок, Совет антпеди. Отко тоюп ыксыраган койлорун сүрдүктүрбөй имерип жүрүп отурду. Тоодон ылдый карай энтендетип кубалоо тоюнган малды күйүктүрүп, этинен түшүрөөрүн билет. Андыктан шаштырбай жай имерип келатат.

Туут мезгилинде ар бир он күндүктүн жыйынтыгы чыгарылып, сакмалчылардын кимиси алдыда болсо, анын эмгегине кошумча акчалай сыйлык берилип, алардын урматына жеңип алуучулар катары кызыл желекчелер илинет. Ошону менен бирге 54-жылкы заводунун чабандарынын арасында өз ара социалисттик мелдеш кеңири кулач жайган. Кыдыралиев Өскөлөң менен Иманалиев Совет мелдешке чыккан. Өскөлөң жөнүндө сөз боло калганда Совет аны кесиптеши жана насаатчысы катары урматтайт. «Аганы көрүп ини өсөт»,— деп бекеринен айтылган эмес экен. Көп жылдардан бери ар жүзүнөн 156—157ден төл алып райондо алдыңкылардан болуп келген Өскөлөң бул жылдары Советке окшогон чаалыкпас чабандарга чындыгында насаатчы. «Устатынан шакирти өтүптүр» дегендей Советтин жараткан ийгилигин укканда ал кубангандай куттук айтканча шашып калат.

Он биринчи беш жылдыктын алгачкы жылдарынан

тартып чарба боюнча Совет Иманалиев алдыда келатат. Эмгегине жараша үзүрүн көрүп, социалисттик мелдештин жыйынтыгы боюнча ар жылы кошумча эмгек акы алат. Өзүнүн өрнөгүн кесиптештерине үйрөтүү, алардын жолун ачуу ар бир кишинин колунан келе бербейт. Аны ички дүйнөсү терең, табиятындагы таза нерсени сактай билген адам иштейт эмеспи. Аны да кесиптештери ошондой адам катары сыйлашып, урматташат, Ал урмат, сый чабандын талыкпаган эмгеги, маңдай тери.

Чарбада төлдүн, жүндүн жыйынтыгы чыгарылып, өз ара ат салышта чабандар бири-биринен озду. Алардын мындай күрдөөлдүү иши улуу-кичүүнүн баарын кубантып, былтыр Өскөлөң озсо, быйыл Совет озуптур. — Эр экен, кайран көк жал,— дешип, алардын ар кимисинин чамасын электен эчен жолу өткөрүштү.

— Салоом алекилер! — Ат үстүнөн ыргып түшүп, тизгинин колуна кармай бери басып, күтүп тургандар менен кол алышып, аларды суроолуу карады.

— Быйылкы жылдын милдеттенмеңди ашыгы менен аткаргандыгың үчүн сага кезексиз «Волга» автомашинасы ыйгарылды. Анын колун кысып, алакандай кагаз тапшырды. Кубанычтан бажактап да кетпей, баягы калыбында салмактуу жылмайып: Рахмат,— деди.

Советтин мындай мээнеттүү күндөрүнүн ийгилигин он биринчи беш жылдыкты жана он экинчи беш жылдыктын алгачкы жылдарында жараткан көрсөткүчтөрү айгинелеп турат. Ал партиянын XXVII съезди болуп өткөн 1986-жылы ар жүз тубардан 156 козу, 4,7 килограммдан жүн кыркып алса, 1987-жылы 160 козу, 5 килограммдан жибек жүн алып, чарбада гана эмес райондо алдыңкы орунга татыктуу болду. Он экинчи беш жылдыктын алгачкы жылдарынын план милдеттенмелерин ийгиликтүү аткаруу менен Улуу Октябрдын 70 жылдык юбилейин татыктуу тосуп алды.

***ЭСЕН ЧЫЛАБАЕВ***

---

## УСТАТТЫКТЫН ӨРНӨГҮ

Ал күнү Батима үйүнө адаттагыдан кеч кайтты. Негедир шаабайы сууңку, иреңи суз. Малчылардын барагындагы эки бөлмө үйү кыштын ызгаарында да жып-жылуу.

Күйөөсү Осмон үйдөгү балдарды тойгузуп, небак уктатып, колуна эки айлык Дилбарды алып таптап олтурган экен. Батиманын өңүнөн бир нерсеге кабатырланганын дароо байкады Осмон.

— Байбиче, сага эмне болду?

Батима үнсүз үстү-башын чечип, улаганын тушундагы кийим илгичке иле салды. Анан күйөөсүнө жакындап барып, колунан кызын алып, мемиреп ысып турган мешке ыктай кетти.

— Табың жокпу?

— Андай деле эмес. — Чукуранып ойгонгон кызын эмизе баштады Батима.

— Кайдан-жайдан балакет жабышканын билбейм. Эртең менен бир уй жем жебей, тынчы кетип, саадырбай койгон. Эми дагы экөө ошентип калыптыр. Ветврачка көрсөтсөм, уйлар илдетке чалдыгыптыр дейт. Тилдери тим эле ак барсак болуп шишиген, эч нерсе чайнай алышпайт.

— Ой, байбиче, ошого да кейийсиңби? — Осмон жайдары унчукту. — Аны ветврач менен биригип «сен көр, мен көр» кылабыз. Деги азыр дарттын дабасын таппаган дарыгер барбы? Деле түндүгүң түшкөндөй түнөрөсүң да. Андан көрө, тамакты ысыгында ичип ал.

Күйөөсүнүн минтип жубатып олтурганына ичинен ыраазы болуп, көңүлү жайлана түштү биртике. Бирок, дале санаасы уйларында, канча жылдан бери үйүр алышкан мал эмеспи. Эми алар кайра калыбына келгиче сүтү качып, сапаты начарлаары ага белгилүү.

— Бакен, баланы бешикке бөлөп кой, малканага барып уйларыңа бир ирет көз салып келели. — Осмон шырмалын кийди. Батима баланы заматта бөлөй койду. Жубайлар караңгыда ферманы көздөй бет алышты жетелешип. Кароолчу буларды алыстан эле таанып, токтоткон жок. Балким иштин чоо-жайын жанатан бери билсе керек. Аларды ээрчий келип мындай деди:

— Батима, сен кеткенден кийин мал догдур жигит өзүнчө бөлүп койду уйларыңды. Ар бирине укол атып, оозуна дары куюп кетти. Буларга кесек тоют бербей, суюк жарма жуткурат, экенбиз. «Эртең эртерээк келалбайм, № 1 фермада да ушундай ooру менен ооруган уйлар бар, ошоякка барам»,— дейт.

Изоляторго үчөө баш бакканда, уйлар үлүрөйүп турушуптур. Капталдары бөксөрүп, кабыргалары көрүнө түшкөн экен.

— Карап турганда эмне, «урушта туруш жок», үйгө тезинен барып жарма жасайлы,— деди Осмон чечкин-

дүү. — Эртеден бери наар алышпаса, дарты оңолмок беле.

Ошол түнү жубайлар чакага жарма жасап келишип, тээ далайга чейин ылаңдуу уйлар менен алектеништи. Үйүнөн бир-эки чырм эте коюп фермага кайрадан камынышты. Батима күндөгү саанына, Осмон болсо бадачылык ишине шашты.

Алиги уйларды булар ветврач менен биригип, туура бир жума дарылашты. Малдын кадимкидей ирденип, оңолгонун көрүп, Батиманын кубанганын айтпа. Анткени, асылтукум уйлардын сүттүүлүгүнө таасир болбоду.

— Батима, бу уйларың, бир апта керектен чыгып калды эле, тиги биринчи фермадагы атаандашың Каухар Осмонова сенден ат чабымча алыстап кетти го,— деп тамашалады бир күнү ферма башчысы Рамазан Койгелдиев. — Мөөрөйүңдү алдыра көрбө.

Батима буга үн катпады. Ал азыркы ферма башчы айткан ишенимди алда канча кеңири ойлоду. Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездине, КПССтин XXVII съездине делегат болуп көрсөткөн Ысык-Көл областынын, республиканын коммунисттеринин чоң үмүт менен ыйгарган ишенимин кантип унутсун. Анын үстүнө Ак-Суу районунун эмгекчилери аны Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат кылып шайлашпадыбы.

Ооба, бул ишенимди, милдетти «Жыргалаң» совхозунун № 2 фермасынын саанчысы Батима Кембаева эч качан эсинен чыгарбайт. Жумушуна карата болгон жоопкерчилигин жогору коюп, олтурса оюнан, турса санаасынан кетпейт. Антпегендечи, ал ушул кесибинен баар таап, дал ушул фермадан бадачы Осмон менен баш кошуп, бактылуу турмушту курбадыбы. Кыйла жыл жашап, кырктын кырына келишсе да бири-биринен ысыгы тарабай, ырашкердүү, ынтымактуу үй-бүлө күтүштү. Азыр Осмон менен Батима очор-бачар болуп жети баланын ата-энеси. Булар менен сыймыктанып, айыл-апа ооздорунан түшүрүшпөйт. Жубайлар жыйырма жылдан бери «Жылдыз» айылынан тиги кырдагы фермага ээрчишип келип, адегенде чыйыр салып, эми аны даңгыр жолго айландырып олтурушат...

Баса, Батима Кембаеванын саанчылык кесипте эмгектенгенине быйыл туура 25 жыл толот. Өз убагында анын фермага барып, энеси Койбалага жардамдашып жүргөнүн эч ким деле элес алган эмес. Чындыгында ата-энесине жардамдашкан кыздар айылда азбы. Батима менен кошо саанга бир топтору келип жүрүшчү, бирок алардын баары эле саанчы боло алышпады. Батима гана мектепти бүткөндөн кийин энесинин ордун басып, өз алдынча уйларды бөлдү-

рүп алды. Дээринен мээнеткеч кыз алгачкы күндөн баштап эле далалаттанып иштеди.

Бирок, канчалык тырышкан менен уйлардын сүтү көбөйбөй койду ошол жылдары. Батима өзүнчө кыжалаттанып, ары толгонуп, бери толгонду. Ал энеси жана анын замандаштары эмгектенген деңгээлге ыраазы болбоду. Кантип да болсо сүттү көбөйтүү керек. Ортозаарлардын катарында калууну каалабады.

Кээде жалгыз калганда Батима күдүктөнө да түшчү: «Балким малдын багуусунан мүчүлүштүк кетирип жүргөндүрбүз, антейин десең, айрым учурда ар бир уйдун рациону ашык берилип жүрөт. Анда деле баягы көрсөткүч». Ичинен бушайман болуп, акыры кеп-кеңеш суроого райондогу атактуу саанчы, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты Т. Довгальга кайрылды. Тажрыйбалуу саанчы менен баарлашып олтуруп, ийгиликке жетишүүнүн сырларын үйрөндү. Көрсө, селекциялык жумуштардан, асыл-тукум уйларды тандоодон тышкары да, малды тоюттандырууда, багууда ишти талаптагыдай жүргүзүү керек экен.

Т. Довгаль ынтызар кызды фермасына алып барып, иш процесси менен да кеңири тааныштырып чыкты. Батима бардыгына кызыкты. Өндүрүштү уюштурууда устатынын кыймыл-аракетине чейин байкап, анын алдыңкы ыкмаларын өздөштүрүүгө далалаттанды. Мурдатан майда-чүйдө деп эсептеген нерселердин мааниси зор экенин түшүндү.

Үйүнө келип, Батима өзүнүн алган таасирлерин ой учугунан өткөрүп, мүмкүнчүлүктөрүн салмактап көрүп анан энеси менен кеңешип көрдү.

— Эне, эл жасаган иш менин колумдан келбейби?

— Келет кызым, кантип келбесин. Эл катары эле эмгектенип жүрбөйсүңбү,— деди энеси жубатып.

— Мен Довгальды айтып жатам, эне.

— Өмүрүң узун болсо, ага деле жетесиң кызым.

Эртеси Батима ошол кездеги ферма башчысы Өмуракунов менен өзүнчө сүйлөшүп, көздөгөн максатын, ойлогон оюн ортого салды. Жаш кызды ал киши кунт коюп угуп, ар тараптан колдоо көрсөтөрүн айтты ошол замат. «Сүттү көп саап алып, жакшы иштейм»— деген сөз кимге жакпасын. Бирок, Батиманын мындай умтулуусунун жүзөгө ашышына ишене бербеди.

Ал жылы Батима ар бир уйдан 2,5—3 миң кг дан сүт саап алууну эңседи. Ферманын, чарбанын көрсөткүчү болсо андан алда канча төмөн эле. Ар бир малга байкоо жүргүзүп, дептерине суткалык рационун түзүп чыкты. Тоют-

тандыруунун өлчөмү менен суттун өндурулушун салыштырып да көрдү. Мурдагыга караганда жылыш бар сыяктанды. «Демек эмгекти дал ушундай жол менен уюштуруп, өркүндөтүү керек экен да», — деген бүтүмгө келди Батима.

Айткандай эле ошол жылы үч миңдик чектен ашып, кесиптештерин бир эсе таңгалдырса, бир эсе суктандырды. Чарбанын, ферманын жыйналыштарында макталып, эл оозуна кирип, сыйлыктын да, сыймыктын да ээси боло баштады. Батима ошол арымынан жазбай, андан кийин да алга умтулуунун гана жолу менен көрсөткүчтөрүн улам жогорулатып турду.

...Кайсы маал эле? Батима бир топко чейин эстей албай койду. Айтор февраль айынын башталышы, теребел тегиз аппак кар жамынып, кыш ызгаары күчүндө. Фермада демейки эле түйшүк, таң заардан туруп, уйларга саанчылар жем салып жүрүшкөн. Анан ар бири саан аппараттарын колдоруна алышып, кадыресе көнүмүш жумуштары менен алектенишет. Мындайда таразасын тартипке келтирип, күзгүдөй таза флягаларга анда-санда көз кырын таштаган Акман Байсынов гана убактылуу бош. Көп узабай сүт да чакаларга көбүрүп, четинен келе баштайт. Анткен менен бүгүнкү көрсөткүчтүн жакшы-жаманын саанчылар анын жүзүнөн байкап коюшат.

— И-и, Акман аба, төмөндөп калдымбы, кечөөкүдөн. — Адеп Батиманын тынчы кетип. — Айтыңыз, канча литр кемиди. Азыр кол менен саап толуктайын.

— Үч килограмм,— дейт Акман күлө багып. — Мына, аракеттенип иштесе эле жаман болбойт. Максатты бийик коюп, умтулуу керек кыздар.

Андайда саанчылардын көңүлү оболойт. Ансайын жанталашып, мээнетин аянбай төгүп калышат. Эпкиндүү иштеп жүрүп, өткөн жылы үч жаш саанчы 3,5 миңдик чекти багындырып, биринчи иретте өздөрүнүн насаатчысы Батима Кембаеваны абдан кубандырышты. Божокоева, Алымбаева, Орозмолдоевалардын ысымдарын атап, устаты ыраазы болот. Башынан бери ал ушундай саанчылардан он үчтү кесипке такшалдырып чыкты. Азыркы тапта алар сүт-товар фермасынын продуктуулугун көтөрүү боюнча үзүрлүү эмгек этишүүдө.

Арадан саан да аяктап, саанчылар уйларды чыгарышып, малкананы тазалай башташты. Малды сырттан бадачылар өткөрүп алышып, талааны көздөй айдашат. Ары-бери карагыча малкананын ичи зымылдай түшөт. Анын соңунан тоют даярдоо цехинен келген жем аштоолорго бөлүнүп, ар бир саанчы өздөрүнүн өлчөмү менен салышат.

Ошентип, эртең мененки жумуштун санаасын тындырып, шам-шум этүүгө үйлөрүнө камданып жатышкан алар. Кыздардын бирөөсү төмөндөгү айыл тараптан орто бойлуу, бир жигиттин келаткаиын көрүп:

— Кыздар, тигини карасаңар! — деп калды. Жапырт жардана карашты аны.

— Жаш жигит экен, биздин айылдыктарга окшобойт. — Батима кыздарга жакындай басып. — Мүмкүн бирөөңөргө күйөөлөп келгендерден болуп жүрбөсүн.

— Ай-ий эже, кантип эле,— деди Анар Садыкова. — Менин мындай тааныш жигитим жок. Эгер Элмира менен Салтанаттыкы болбосо:

— Жок, жок, андай эмес. — Берки кыздар жарыша жооп кайтарышты.

Антип-минтип тамашалашып турган саанчыларга алиги жигит да жакындап келди. Ири алды жалпы саламдашып:

— Мен Фрунзеденмин, кабарчымын,— деди эле баары бири-бирин таңдана карашып калышты. — Мага Батима эже керек.

— Мен болом, садагасы. — Саанчы жоон топтон бөлүнүп чыкты.

— Анда сиз менен аңгемелешсек кантет, эгер убактыңыз болсо,— деди кабарчы жигит сылык-сыпаа.

— Болбой анан, кантип болбосун. Мына, азыр деле бошпуз, эртең мененки жумушту бүттүк. Эми тамактануу-га барабыз үйүбүзгө. — Кабарчыга кайрылып. — Жүрөгой, эшик-төрдү көрүп, чай ичип кет, айланайын. Дасторкондун үстүндө баарлашканга эмне жетсин.

Батима менен кабарчы жигит фермадан бута атымча аралыкта жайгашкан баракты көздөй басышты. Балдары үйдүн ичин иретке келтирип, чай-чамегин даярдашып, жумуштан келчү ата-энесин күтүп отурушкан экен.

— Бир аздан соң кожоюнубуз да келип калат. — Батима боркулдап кайнаган самоордон чай куйду. Кабарчы даам сызып, маекти эмнеден баштарын билбей, суроолорун ичинен жөндөйт, бышыктайт. Канетсе да салмактуу материал жазуу максатын көздөп келген өңдөнөт. Ортодогу түнжуроону саанчы өзү бузду. — И-и, Осмон да келди. — Сырттан шырмалын чечип, үйдүн ээси кирди учурашып.

Үчөө маңдай-тескей чайдан шашпай уурташып, кеп уруп олтурушту. Адатта кабарчыларды мындайда эмне кызыктырат? Баарынан да адамдын жүзүн ачып турган анын улуу касиети бар окшобойбу.

Көрсө ал эмгек тура. Аны бурмалап да, көрбөй да коё албайсың. Ал качан болсо да элдин адилеттүү баа-

сына арзыбай койбойт. Кабарчы адеп ушул жөнүндө ойлонду.

— Эже, сиздин мурдагы жасаган иштериңиз, өткөн эмгек жолуңуз туурасында мезгилдүү басма сөзгө жазышкан кесиптештеримдин материалдары менен аздыр-көптүр кабардармын. Мен учурдагыларын билсем дейм.

Кабарчы жигит калемин, чөнтөк дептерин камдап, атактуу саанчыга суроолуу тигилди. Батима жылмайып койду ууртунан. Мүмкүн ушул сыяктуу суроолор тээ топ бузуп, өз алдынча чыйыр сала баштаган жылдан бери берилип келатканын эстегендир. Ооба, ал өрдүү чокуга умтулуп, көрсөткүчтөрү улам жогорулаган сайын бул суроолордагы эчен жолу кайталанарын, ошол эле учурда ийгиликке жараша жооптор жаңырып турарын, кала берсе жылдагы салмактуу салымдары анын өмүр баянына даңазалуу саптарды кошорун кадиксиз баамдады.

— Карамагымдагы саан уйлардын ар биринен өткөн жылы 5390 килограммдан сүт саат алдым. — Быйыл бул чектен ашууга бардык күч-аракеттеримди жумшайм. Көздөгөн максаттын, ойлогон тилектин өтөөсүнө чыгуу үчүн биздин фермада шарт дээрлик түзүлгөн. Негизгиси мал тоюттан өксүбөйт. Кышкысын малкананын ичи жылуу. Айрым кол күчү талап кылынган жумуштар азыр механикалаштырылып жатат. Чарба тарабынан моралдык, материалдык жактан кызыктыруучу сыйлыктар белгиленген. Мисалы, ар бир он күндүктүн жыйынтыгы боюнча планын ашыра орундаткан саанчы, бадачыларга 100—150 сом акчалай сыйлык ыйгарылат. Менимче, мындай шартта ал адил эмгек этүү гана керек,— деп жооп берди.

— Калетсиз кеп,— деди Осмон колдоп жубайын. «Эмнени сепсең, ошону аласың» дегендей, уйлардын сүттүүлүгү бизге, бадачыларга да байланыштуу. Малды өз маалы менен откоруп, чөбү бар, оту көп жерлерге жайып туруу — бул күндөлүк милдетибиз. Албетте, муну бардык бадачылар эстерине тута беришпейт. Кээ бирөө эптеп эле убакытты өткөрүүнү көздөп, жанынын тынчына карап, уйларды туюктан чыгарышпайт. Натыйжада сүт кемийт. Мындан бадачы да, саанчы да уттурат. Ал гана эмес, ферма, чарбанын көрсөткүчүнө салакасын тийгизет.

Жубайлар саамга тыныи алышты. Кабарчы чөнтөк дептерине бир нерселерди чиймелейт. Акыры даам сызуу да аяктап ферманы көздөй жөнөштү. Жолдон маек улантылды.

— Эмеле ишке кедерги болгон кемчиликтердин четин козгоп кеттиңер окшойт, ошолор жөнүндө кеңирирээк токтолсоңор? — деди кабарчы беркилерди сөзгө тартып.

— Бардыгы эле каалагандай аткарылып жатат дегенден алыспыз. — Тизгинди Батима өзү алды. — Аз болсо да арабызда жумушка шалаакы мамиле кылып, илең-салаң иштеген саанчылар, бадачылар жок эмес. Алар менен партиялык топтун жетекчиси катары жекече иш жүргүзүп, коллективдүү түрдө тарбиялоону унутпайбыз. Кийинки убакта тарбиялык ишибиз таасирин тийгиздиби, же өздөрү жоопкерчилигин сезе башташтыбы, айтор артта келаткан саанчылар алдыңкылардын катарына теңеле башташты.

Батима буларды кандайдыр канааттануу менен сүйлөдү. Анан фермага жакындап, кайрадан чогула калган кыз-келиндерди көрүп, кабарчыга ар бирин тааныштырып чыкты. Ийгилигине жараша А. Кадырованы, Г. Бейшенованы, Э. Айтбосунованы, Р. Абдылдаеваны өзгөчө белгилеп, аларга бир кезде насаатчы болгонун сөз арасында кыстара кетти.

— Биздин фермада 22 саанчы, 12 бадачы эмгектенет,— деди андан ары Батима. — Алардын көбү комсомолецтер. Бүгүнкү күндө ферманын карамагында 4600 саан уй бар. Малды зоотехникалык эрежении негизинде тейлөө менен коллективибиз ар уйдан 3—3,5 миң килограммдан сүт саап алуу максатын коюп жатат. Бул көрсөткүчтөр мурда айрым гана саанчылардын жетишкен ийгилиги болсо, кийин ал бүтүндөй ферманын жылдык тапшырмасына айланарына күмөн санабайбыз.

Муну совхоздун өткөн беш жылдыктын тапшырмаларын мөөнөтүнөн мурда орундатуу боюнча жетишкен жогорку көрсөткүчтөрү толук ырастайт. Тактап айтканда чарба пландан тышкары мамлекетке 3450 центнер сүт, 2000 центнер эт өткөргөн. Ушунун өзү эле жандануу кыймыл эмей, эмне? Албетте, бул сандарды айтып коюу оңой, бирок анын артында канчалык кайрат-күч, түмөн түйшүк турарын элестетүү кыйын. Андан калса, жылдыз өчүп, жерге жарык түшкөндөн баштап каш карайганга чейинки күндөлүк кужурмөндүүлүгүң жыйынтыктап келгенде бир-эки ооз сөз.

Кабарчы менен саанчы бири-бирин тиктешип, саамга тунжурай түшүштү. Балким экөө тең ушуну ойлоп жатышкандыр, же өлкөбүз боюнча эл чарбасын жаңы нукка салуу, өркүндөтүлгөн ыкманы кеңири жайылтуу маселелери көңүлгө тык орной калдыбы, айтор сөз ошол багытта жүрүп отурду.

Аңгыча ферманын короосуна чиркегич сүйрөгөн трактор кирип келди. Сыягы тоют цехинен болуу керек. Чиркегич малкананын оозуна токтоору менен саанчылар козголо башташты ордунан.

Трактордун кабинасынан ыргып түшүп, кабарчы менен саламдашкан жигит тоют цехинин начальниги О. Ашымбаев болуп чыкты.

— Мал кыштатуу өнөктүгүнө даярдык көрүүдө биздин чарба колдон келген аракеттердин бардыгын жасады,— деди ал сөз арасында. — Короо, сарайларды ремонттоп тартипке келтирүүдөн баштап, жетиштүү өлчөмдөгү тоют камдоо иши, тээ ала-шарбырт жаздан бери көңүлдүн борборунда турду. Совхоздун карамагындагы 8 миң гектар айдоо аянты бар. Быйыл чарбабыз күзгө жакын 15490 тонна кесек тоют, 8750 тонна чыктуу тоют жыйнап алды. Бул көрсөткүч өткөн жылдардагыга караганда алда канча көптүк кылат. Үч жерде тоют цехибиз бар. Тоюттун эсеби так алынып, тийиштүү жерлерге үзгүлтүксүз жеткирилет. Малдын күндөлүк рациону да жылдагыга салыштырмалуу көбөйдү десек жаңылышпайбыз. Мисалы, уйлардыкын эле алып көрөлү. Бир сутканын ичинде ар бир уйга 20 килограммдан атала, анын жарымындай сенаж, саман, 15 килограммдан кызылча, бир килограммдан аралаш жем берилет. Малчылардын да, тоют цехинин жумушчуларынын да ортосунда социалисттик мелдештин шарттары иштетилип, анын жыйынтыгы ар бир он күндүктө чыгарылып турат. Жеңүүчүлөргө акчалай жана баалуу сыйлыктар берилет. Кыскасы, мал кыштатууну ийгиликтүү жүргүзүүгө толук шарттарыбыз бар.

*АСАНБЕК ТЕЗЕКБАЕВ*

---

## АТА КЕСИБИН УЛАП

Эркин учурунда КПССтин XXVI съездине, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын XVII, XVIII съездине делегат болуп шайланган. Ушунчалык ийгиликтин жогорку бийиктигине жеткирген анын өзүнүн жупуну, ардактуу эмгеги.

— Ар качан ак эмгек, адал мээнет текке кетпейт. Качан да болсо эмгегиңерден баар табасыңар. Таман акы, маңдай терден ашкан эмгек жолу, чекенин тери гана эресеге жеткирет. Адам экениңерди билдирет — деп, атасы Нуркалый көп айта турган.

Эркиндин атасы Нуркалый, трактордун «тизгинин» кыргыздардан биринчи кармаган, техниканын тетигин билген,

өз мезгилинин түшүнүктүү, ары сабаттуу адамы болгон. Анын балдарынын көпчүлүгү атасын тартып, техникага жакын өсүштү. Өзгөчө Эркинге атасынын трактор айдаганы жагуучу. Анын жанынан калбай, күн-түн жүрө берүүчү. Атасы да кызынын бул кызыгуусун арттырып, тракторду башкарууну Эркинге берип, өзү жанына отуруп алчу. Ошентип, Эркин каз тамандуу, дөңгөлөктүү тракторлордун баарын өтө кичине кезинен айдап көнүктү.

Тоо-түзгө атасы менен чогуу барчу, жазгы айдоо себүүдө талаага биринчилерден болуп бороз салчу. Ушуга атасы жетине албай,— Эркиним азыр өз жолума түштү, кийин бир катаалыраак немеге баш кошуп эле трактордон ажырап калбаса, эч качан ажырабас болду,— деп жүрдү. Эркин онунчуну бүтүрүп, Чаектеги № 26 училищадан окуду. Билимин бышыктады. Тракторлорду башкарууга келгенде окуучулардын бирөө да ага жетпейт. Кандай шартта бурууну, кантип өтүүнү, көчөдө айдоону Эркин атасындай эле өздөштүрүп алган.

Окуу жылы аяктап, Эркин Таш-Дөбө колхозуна тракористтик ишке бөлүндү. Ушул жерден жаш болсо да техниканын тетигин беш колдой билген Кумарбек Жайлымышов менен таанышып калды. Кумарбек Эркиндин элпектигине, аял затына тийиштүү назиктигине кара-борчо тыңдыгына аябай суктанды.

Талаа станына ашпозчу болуп барган Мария Жумабекова эже, колхоздогу эң тың аялдардын бири. Ал эр жигиттен кем калышпай суу сугарып, чөп чаап, областтык Советке депутат болуп шайланган, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган.

— Ай Кумарбек,—деди бир күнү ал. — Сен бир нерсени байкайсыңбы? Мобу кызды көрдүңбү? Колу-колуна тийбейт. Төтөндөн бышыктыгычы. Сенин арамдарың тоону томкоруп коюшкансып чарчап-чаалыгып сулк жыгылышат. А бул бечара ушулардай эле трактор айдаса да мага жардамдашып, нан жаап, тамак бышырышат. Арамзалыгы жок ак көңул, өтө кичи пейил. Бөөдөсүнөн үн чыгарганын көрбөйм. Колуңдан келсе колуктуң болоор жөнү бар. Колуңа бир жакшы куш конуп турат балам. Сүйлөш. Сен сөз чыгарсаң мен дагы кошумча болоюн. Антпесе тээтиги айылдан бир бала келип жүрөт.

Кумарбек бир аз ойлонуп туруп,— макул болоор бекен — деп, күңк этти.

— Кыздын жүрөгүн жибитүү жигиттин иши. Кантип колуңдан келбесин — деп ардантып койду Мария эже. Ошондон тартып Кумарбек Эркиндин жанына отуруп, өзү

менен кошо жүрүп, анын сырын тартып, ички дүйнөсүнө сүңгүп кире баштады.

Эркелетип, кубантып, тамашалап уялтып көрдү. Кыз ушул сыноолордон шар өтүп, Кумарбекке ичи жылып, жакшы көрүп кетти. Экөө эми басса-турса бир басып, ой бөлүшүп баш кошууга макул болушту. Эркин Кумарбекке турмушка чыкканда Нуркалыйдын санаасы басылды. — Буюрса тилегим орундалды, Эркин кесибин таштабай калды. Өзүнүн теңин, бактысын тапты.

— Ак жолуңар ачылып, көшөгөңөр көгөрсүн — деп угаар замат ичинен бата кылды. Атасынын Эркинге болгон бул жакшы тилеги, анын өмүр жолун коштоп, сүрөөнгө алып жүрүп олтурду. Эркин ошол кезде Кремлдин съезддер дворецинде олтуруп, өзүнүн бактысы жөнүндө ойлой атам келбеген жайга атамдын жолу, анын ак тилеги, ак пейили алып келди,— деп ичинен өзүнүн бактысына каниет кылды. Ленинди, Кремлди көрүп, Ленинге, белгисиз жоокерге таазим этип, гүл койгон. Айылдаштары Эркинди съездден кайтып келгенде укмуштай тосушкан.

Эркиндин урматына райондун партия комитети, аткаруу комитети, заводго атайы бир тракторго заказ беришкен. Завод алардын суроолорун канааттандырып, «КПССтин XXVI съездинин делегаты Эркин Нуркалиевага», — деп жазып райондук партия комитетине аткаруу комитетине МТЗ—80 маркасындагы тракторун жибергенде райондук партия, аткаруу комитеттери райондун профсоюз уюму, ал келгиче анын наамына куттуктоо жазылган папканы даярдашкан. Тракторду жүктөп келген КамАЗ машинасынын үстүнөн түшүрбөй, Эркиндин талаасына, эспарцеттин үрөнүн сээп жаткан Ой-Талаа айдоо аянтына жиберишкен.

Эркин тракторунун түтүнүн брукуратып, себүү ишин уланта берди. Совхоз өткөн жылдардан сабак алып калышкан. Сеялкага отургандар уруктун кандайча куюлуп түшүп, себилип жатканын байкабай калышып, суюк өскөн аянттар болгон. Быйыл андан жыйынтык чыгарышып, сеялкага башкы агроном Каныбек Мойноков отурду. Анын көзү ар бир сепкичтин түтүгүнөн куюлуп жаткан урукта, уруктун көмүлүшүндө болуп жатты. Аянттын башына чыгып, кайра тартып келатышты. Келгендерди, КамАЗдын үстүндөгү жаңы тракторду Эркин эми көрдү. Тракторду мага беришеби же жөн эле жүктөп жүрүшөбү? — деген ой акылын аралап өттү. Токто деген белги берип, Арзымбай кызыл желекчени эки үч булгалады. Жакын келгенде да токто дегендей кол шилтеди.

Эркин тракторун өчүрбөй кара түтүнүн буркуратып ток-

тотту. Өчүп калса эскилиги жеткен МТЗ—50 кайра от албайт. Моторунан кылдыраган үн чыгып, ички дарты улам көбөйүп, өпкөсү ооруган жандыктай күрт-күрт жөтөлүп калат. Бир кол менен бапестеп айдаган үчүн чыдап жатат да. Болбосо муну менен тең келген тракторлор нечак таштандыга кетти. Же таланып жоголду.

Тоого да жана сарайларга да жем-чөп жалаң ушу менен ташылды. Фермадагылар «Эркиндин Сары дулдулу» дешет. Сары дулдулду от алдырып койсоң болду «жоргосунан» жазбай иштей берет, иштей берет. Эркинди Эркин кылган ушул сары дулдулу. Кайсы күнү ушуга отурду ошондон баштап иши оңолду, талбаган дулдул, такшалган тулпар болду.

Башкы агроном сеялкадан түшүп, айдоонун четине чыгышты.

— Саламатсыздарбы? —деди Эркин жадырай салам берип.

— Саламатчылык. Ишиңер илгери болсун.

— Айтканыңар келсин. —Кол алышып, саламдашып, жай сурашты.

— Эми, Эркин Нуркалиевна —деди совхоздун директору Намазбек Жумакадыров, сизге бере турган аргымагыбыз бар. Ал мобул сары аргымак, өзүңүздүкүнө окшош маркасы башка. Бул заводдон чыкканда атайы сизге арналган.

— Ашыкча айттыңыз го Намазбек Жумакадырович.

— Жо, жок, Намазбек ашыкча айткан жок. Туура айтты. Бул сизге арналган,— деди Арзымбай Кубатов.

— Өзүмдүкү эле жакшы. Ага үйүр алып көнүп алгам. Бири-бирибиздин сырыбызды билишебиз. Жөн эле койбойсуздарбы. Дагы эки жылга чыдайт бул трактор.

— Атайы өзүңүзгө арналып заводдон чыкса, бул да сый урмат. —Эркин унчукпай калды. Трактордун ачкычын берди Арзымбай.

— Өзүң айдап түш. Эркин от алдырды да, КамАЗдан айдап түштү. Жолго бир аз айдап көрүп, тигилердин алдына токтотту. Көп узабай талаа станындагы механизаторлор, совхоздун жумушчулары, окуучулар атайы автобустар менен чогулуп келишти. Трактордун кернейи гана чыгат. Каалаган моторлук бөлүгү аппак чүпүрөк менен жабылган. Эмне үчүн жабылганын көргөн киши жок, чогулгандардын да капарына эч нерсе келбей жөн гана туруп турушту. Керней-сурнай тартышып, музыка ойношту.

— Жолдоштор! —деди Арзымбай Кубатов чогулгандарга кайрылып.

— Бүгүн биз КПССтин XXVI съездинин делегаты, Паша Ангелина атындагы Бүткүл союздук сыйлыктын лауреаты, республикабызга, ал түгүл союзубузга таанымал механизатор, өзүңөрдүн кызыңар Эркин Нуркалиевага атайы арналып жиберилген тракторду тапшыруу салтанатына чогулдук. Ошол салтанатты ачык деп жарыялоого уруксаат этиңиздер. Музыканын жагымдуу үнү жаңырып, оркестр куттуктоо маршын ойноду.

— Жолдоштор! Жумгал райондук партия комитетинин, аткаруу комитетинин, профсоюз, комсомол уюмдарынын атынан Эркин Нуркалиевага КПССтин XXVI съездинин делегатынын наамына жиберилген трактордун ачкычын тапшырууга уруксаат этиңиздер. Арзымбай ачкычты Эркин Нуркалиевага тапшырды. Эл кол чаап жиберди, оркестр ойноду.

Арзымбай, Намазбектер тракторду жаап турган ак жабууну сыйрып алганда трактордогу «КПССтин XXVI съездинин делегаты Эркин Нуркалиевага»— деген жазууну окушуп, чогулган эл кубанычка бөлөндү. «Азамат, Эркин! Азамат! — деген сөздөрүнө удаа, «Эмгегиңден баар таап, дайыма ийгиликке жет», — деп алкашты. Сүйүнгөндөн улам тердеп кетти Эркин.

— Эл журттан айланса болот. Анчалык чоң эмес, жупуну эмгегимди баалап жаткан партияма, өкүмөтүмө терең ыраазымын. Баарыңа ыраазымын! — деп Эркин кубанганынан көзүнө жаш алды. — Бул мен үчүн чоң сыймык жолдоштор. Чоң ишенич. Ал ишеничиңерди актайм. Сөзсүз! — деп кубанычтан мукактанып сөз таба албай турду. Эл кол чабышты. Окуучулар Эркиндин мойнуна гүлдөн венок кийгизип колуна гүлдесте карматышты. Чогулгандар куттуктап сөздөрдү сүйлөштү.

— Жолдоштор! Эркин ата жолун жолдоду,— деди Өзүбек Жарашбаев. Атасы Нуркалый колхозубуздагы эң алгачкы тракторист болгон. Ооба, жолдоштор ал учурда биздин колхоз Таш-Дөбө болучу. Анда трактирди ким көрүптүр. Бир окуя эсиме түшөт. Дал ушул Ой-Талаага көчүп келгенбиз. Жазгы кош айдоонун учуру эле. Колхозубузга Мамыр Тойгонбай уулу башкарма болучу. Тезекбай Байбоосун уулу бригадир эле. Баары Ой-Талаага үй-бүлөсү менен көчүп келишкен. Ракыя эже ошол элге тамак жасап берүүчү. Биз ат соко айдоочубуз.

Нуркалый жезде ХТЗ деген арсайган тиштүү дөңгөлөгү бар тракторду айдап келди. Анын артынан Ракмолдоев, Сокубашевтер да ЧТЗ, ХТЗ тракторлорун айдап келишти. Колхоз областтагы үрөн даярдоочу чарба болуп бекиген.

Мына мен, Карагул, Акматаалы, Ажын, Түкбай дагы он чактыбыз сугатчы болуп бекитилгенбиз. Оо, андагы сугатчынын көргөн күнү курусун. Жыланаяк суу сугарчубуз. Бутубуздун, балтырларыбыздын кесилгенин айтпагыла. Кичинекей каймак сыйпап койсок ачыштырганда, кудайга үнүбүз жетүүчү. Ошентсе да эмгектен баш тартпай, биротоло башыбыз менен кирчүбүз. Сугарылган аянттарды ат соко, трактир менен бат эле айдап салышчу. Трактир келгендеги элибиздин сүйүнүчүн айтпагыла. Аттар оор жүктөн кутулушту. Сокону трактор менен айдап, эгинди трактир менен сээп, жыйнап оруп калдык.

«Кезегиң келди кедейим. Ушул ырыс-кешигиңерди бекем туткула, бекем кармагыла, ушул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып окугула, өнөр үйрөнгүлө, азыркы замандын эң сонун өнөрү трактир айдоо, аны үйрөнүү» дечү Нуркалый жезде — Эркиндин атасы кийин келинчеги Тойтого да трактир айдаганды үйрөткөн. Эже бизди таң калтырып, трактору менен эгинди айдап-себүүчү болду. Мына, азыр Эркинди ким билбейт. Ошол атасы баштаган ишти улантып совхозубуз эмес районубузда, областыбызда эң мыкты механизатор болуп, эркектер менен тең жарышып иштеп жатат. Эркинге ийгилик каалайм — деди. Чогулушту жыйынтыктап, совхоздун директору Эркин Нуркалиеванын жеке өзүнө, бала-бакырасына ийгилик каалады. Эркин жаңы МТЗ—80 тракторун сеялкага чиркеди. Эскисин өзү окутуп, такшалтып, жүргөн Алмакүл Жаманкуловага тапшырды. Жаңы трактор сеялканы сүйрөп, Каныбек экөө эспарцеттин уругун сээп кетишти. Жаңынын иши жаңы да, эртеңкиге калуучу ишти кызыл күүгүмгө чейин эле бүтүп коюшту.

Эркиндин үйүндө бош олтурган бир да күнү жок. Ал дайыма трактордун тизгининде, дайыма иште. Бош убагы боло калса, ата-энелер комитетинин председатели катары мектепке келет. Окуучуларды окутуу жана тарбиялоо жумуштарына катышат. Жолдошу Кумарбек Жайлымышов да өз жумушуна берилип иштеген, сый урматка ээ жигит. Үй түйшүгү деген эмне? Баланы тарбиялоо да оңой-олтоңго турбайт. Эркин беш баланын бактылуу энеси. Улуу кызы Элмира Жайлымышова СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетинин студенти, уулу Замир Таш-Дөбө орто мектебин бүткөрдү. Гүлназ 8-класста, Гүлзат 4-класста, эң кенжеси Күкү үч жашта. Элде «Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат»— деген кеп бар. Эркиндин коомдук иштерге активдүү катышуусу балдарына да таасирин тийгизди. Замир

мектептеги футбол, волейбол командасынын алдыңкы оюнчусу, өздүк-көркөм чыгармачылык ийриминде куудулдардын ролун ойнойт. Жаңы жылда даталуу күндөрдөгү концертерде күлдүрүп жатып, боорду эзип таштайт. Мектептеги эмгек жумушунда Замир кадик механизатор болчу. Жыл сайын мектепте окуу жылынын аягында тогузунчу, онунчу классты бүтүрүүчүлөр тракторду айдоо боюнча кароодон өтүшөт. Акыркы кароодо Замир сыноону жалаң «бешке» тапшырды. Кээде Эркин айрым жумуштар менен алаксып калса, тракторду Замир айдап, жумушту бүтүрүп коюучу. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок, «Жеңилди жерден, оорду колдон алат»— деп, илгертен элибиз балдарына каниет кылып, алардын кол арага жараганына сүйүнүшчү. Эркин да өз балдарына ошондой кубанычта.

Эркин механизатор эле эмес, ал насаатчы да. Ал бул кесиптерге бир топ кыз-келиндерди тартты. Андан таалим-тарбия алгандар Упан Аккабакова, Күкүш Шаршенова бүгүн совхозубузда белдүү механизаторлор болуп калышты. Мектептин окуучу кыздарынан да өзүнчө звено түзүп, тракторду, айыл чарба машиналарын башкарууну үйрөтүп келет. Алар онунчу классты бүткөндөн кийин совхоздо калышып эмгектенип жатышат. Эркин механизатор, эне эле эмес, партиялык, советтик иштерге да активдүү катышкан коомдук ишмер. Ал Таш-Дөбө баштапкы партиялык уюмунун секретары, райондук Советтин депутаты. Партиялык уюмдун секретарынын милдетин аткаруу менен ал ферма жумушчуларынын арасында партиябыздын жүргүзүп жаткан, кайра куруу жана эл чарбасынын экономикасын тездетүү чараларын турмушка ашырууда көп иш-аракеттерди жүргүзөт.

Азыр ферма жумушчулары, мейли мал чарбасында, талаачылыкта, курулушта, механизацияда коллективдүү подрядка өтүшкөн. Анын мазмунунун маңызын жакшы түшүнүп, коммунисттер менен кошо ишти жөнгө салууда. Чарбадагы баш аламандык экономикага чоң зыянды алып келгенин Эркин коммунисттерге, жумушчуларга кеңири түшүндүрүп, практикалык иш жүргүзүп жатат. Мал чарбасында, талаачылыкта деги эле чарбанын ар кыл тармагындагы экономикалык окууга кеңири көңүл бөлөт.

Ар бир жумушчунун күндөлүк, жумалык, айлык, кварталдык, жылдык ишинин жыйынтыгы чыгарылып, коммунисттерди, жумушчуларды чогултуп маалымдалып турулат. Бул болсо иштин оңго жылышына түзүлгөн өбөлгө. Талаачылыкта, механизацияда, курулушта да иштеп жаткан ар бир адам, жыл бою кандай көлөмдөгү жумушту аткараа-

ры, кандай киреше табаары күн мурун эсептелип, чарбалык эсеп түзүлгөн. Ушундай эсеп менен ферманын жумушчуларын Эркин Нуркалиева жетектеген партиялык уюм куралдандырып келе жатат.

Бул болсо иштин башталышы гана. Эркин Нуркалиева эл арасында кадыр-баркка ээ болду. Эркиндин мындай ишмердиги партия менен өкмөтүбүз тарабынан жогору бааланды. Ал «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, «Элдердин Достугу» орденинин ээси, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү Эркин Нуркалиеванын баскан жолунун бир үзүмү. Бул болсо ата жолунун ар-намыстуу жолу, анын уланышы, анын өрүшү.

***СҮЙҮНАЛЫ МАМЫТКАНОВ***

---

## ЭМГЕКЧИЛ АДАМ

Жокен Намазбеков бир көргөн адамга арийне жөнөкөй адамдай таасир калтырат. Бирок, тамашакөй сүйлөгөн сөздөрүнөн туруктуулуктун, ишкердүүлүктүн, турмуштук бай тажрыйбанын жышааны ачык көрүнөт. Бассам-турсам анын ушул турпаты көз алдыма тартылып, ички дүйнөмдүн козголгонун айтпаңыздар! Көзмө-көз пикир алышпасам көөнүмдө болгондун баары ачыкка чыкчудай эмес.

Ал быйыл элүү үчкө чыкты. Ушул жашынын отуз жылын кыргыз элинин керемети болгон Ысык-Көлдүн күңгөй тарабында жайгашкан Чоң-Сары-Ой кыштагында суу сугарып, эгин айдоо менен өткөрдү. Дыйканчылыкка жеринен бышыкты. Эмгеги бааланып: «Ардак белгиси» ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы жана дыйканчылыктын ыкмаларын өркүндөтүүдө сиңирген эмгеги үчүн КПССтин, СССР Министрлер Советинин жана ВЦСПСтин диплому менен сыйланган.

Бул чарбада күздүк буудай үчүн алты жүз алтымыш гектар айдоо аянты бөлүнгөнүн колхоздун башкы агроному Исмаилов Калдыбайга кезиккенибизде айткан. Ушул жерлерди кандыра сугарып, айдап, үрөн сээп, бапестеп өстүрүшкөн Ысык-Көл районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун колхозчуларынын эмгектерин жазса узун сабак, дастан болор эле.

1986-жылы колхоз күздүк буудайдын ар гектарынан

кырк алты центнерден түшүм алышты. Бул Карл Маркс атындагы колхоздун тарыхында биринчи болгон окуя. Мурун эч качан мындай түшүм алышкан эмес. Эми ушул көрсөткүчтү бекемдеп калуу үчүн күрөшүү керек.

Ошентип, көптөн бери дилде сакталган, жанга тынчтык бербеген Жокен менен пикир алышууга жагдай түзүлгөнүнөн эртең менен эрте жөнөдүк. Жолдо колхоз уюшулганы, колхозчулар канча иштешпесин айтарга татыктуу түшүмгө марышпагандарын ойлоого мажбур болдук. Кыскасы тегирмен канча айланбасын, күзүндө дандын түшүмү жыйырма-жыйырма бештен ашпачу. Быйыл болсо колхоз боюнча алынган бул түшүмдүүлүк кандайча жаралды? Бул суроо аң-сезимибизди бийлеп алды.

— Жокендин үйүнө кайрылганыбызда: — Ал жумушка кеткен. Үйгө кирип чай ичиңиздер! — деп Закиш жайдары тосту. Жапалдаш бойлуу, беш баланын энеси Закиш күлүмсүрөй эшик ачты. Тээ эзелтен укумдан-тукумга насаат катары өтүп келаткан меймандостук жүрөктү элжиретти. Зайыптын жайнаган кабак-кашы тиричиликтери өз жайында экенин айтып турат.

— Кеч күздө талаада кандай жумуш?

— Суу сугарып жүрөт.

— Тоңдурмабы?

— Билбейм, айтор сугарып атат!

«Алтын албай — алкыш ал» деген эл макалын эстедим. Кеч күздө резинка өтүктөн жандан өткөн суукка карабай жерин тоңдуруу үчүн аракеттенип жүргөн баба дыйкандын даңкын зайыбынан укпай, ошо талаага жанына барып, эмне иштеп атканын көзүбүз менен көрүүнү эңсеп, тынч отуралбадык. Бир-эки чыны чайдан кийин бата тилеп жөнөп кеттик.

Азыркы учур талап кылып жаткан кайра куруу, тездетүү маселесин туура түшүнгөн Жокен өз ишинин камын жеп, отуз жылдык тажрыйбасынын ширесин колдонуп атканынан күмөн санабадык.

Жолдо Жокендин жайдары күлүмсүрөгөнү элестеди. Ошентсе да көңүлүм бир жерде эмес. Бүгүнкү күнгө чейин дыйканчылыкта болуп келген аламандык, өзүм билемчилик ичтейимди ачыктырып ийди. Мындай бүтүмгө келүүмө эмне түрткү болду? Биринчиден өз тажрыйбамдан, анан көп жылдык байкоомдон келип чыкты. Азыр өткөндөрдү эске түшүрүү канча өкүнүчтүү. Колхоздун мүмкүнчүлүгүнө айкалышпаган план берип, кандай да болсо аткарууга мажбурлашчу. Бул аракет чарбага канча зыян келтирди? Аны менен эсептешкен эч ким болбогон. Азыр болсо

коюлган талап алардын мүмкүнчүлүгүнө жараша чечилет.

Алдыда айдоо аңыздары агарып жатты. Тээ адырга чыксаң — бул кең ойдуң алаканында турат. Демек, күзүндө бул аймакты сары өзөнгө айландырары бышык. Андыктан бу жердин аты Чоң-Сары-Ой делинип аталганы бекеринен эмес. Ойдуң көл жээгинен башталып, тиги какыраган адырга барып такалат.

Көз сала тынымга турдук. Мектептин жемиш багынын тушунда бирөө жүрөт. Ал биз көздөгөн Жокен экенин туйдук. Таман астында суу болгон маялар жерге батып жатты. Сугарылган жерлер былкылдайт. Тоң али түшө элек.

Бир кулакка жакын суу мөлтүрөп, аңызга жайылып жаткан кулак башына келдик. Жокен экинчи арыкка суу байлап жүрүптүр. Бул кулакка сууну жаңы которуп, кырк кулактан атканы көрүнүп турат. Эски нук менен жайылып жаткан суу күн нуруна чагылышып, жай жылжыйт. Тонолек жерге суу кана сиңгенде ным май-июнга чейин сакталат. Андыктан кеч күздө ушинтип тоңдурма иштери жүргүзүлөт.

Жаратылыш байлыгын ыгы менен колдонуу канчалык пайдалуураак экенин күнүмдүк тиричилик далилдеди. Бирок, ошого карабай айрымдарыбыз: «Суу түгөнчү беле, кандай пайдалансаң да жетишет. Анын эмнесине башты оорутасың?» деп коюшат. Бул туура пикир эмес. Ар нерсенин пайдалануунун да ыгы бар. Мисалы бир килограмм буудайды өстүрүп алууга жети жүз элүү килограмм литр суу чыгымдаларын башкы агроном. Калдыбай Исмаиловдон укканбыз. Ансыз дан жок. Мына ушуну туура түшүнгөн Жокен кеч күздө суунун боштугунан пайдаланып калууну максат койгонун ичибизден туура көрүп ыраазы болдук. «Жаз жарыш, күз күрөш» деп коюшат. Жазында бул жерди сугарбай эле айдап, үрөнүн себишет. Анан калса жазгысын суу ансыз деле тартыш болору айтпаса да белгилүү. Мына, ушу Жокенге тынчтык бербесе керек?

Кең талаада азыр Жокенден башка иштеп аткан адам жоктой туюлуп кетти. Бурула артыма көз салдым. Чыны менен эч ким көрүнбөдү. Тиги үстүңкү аңызда бир короо кой жайылып жүрөт. Тигиле тынымга турдум. Кайра Жокенди карасам, ал дүйнө капарсыз иштеп жатат. Кетменин көтөргөн Жокен тээ тынымдан кийин шашпай келди.

— Ат-салоо-маа-лейкум, баатыр! Кайдан, жол болсун! — деп кетменин таштап, кош колдой учурашты.

— Көптөн бери көрүшөлекбиз. Ал-жайыңды билейин деп келдим.

— Ыракмат, ыракмат! — Күлүмсүрөй чылым түтөттү.

Тиричилик жагдайыбызды сурашып тынымга турдук. Бир кадам артка жылып, тулку боюна көз жүгүрттүм. «Дени сактын, деми сак» дегендей ден соолугу өз жайында экени көрүнүп турду. Барбагай жоон колунда, катуу туурулган алаканында ырыскынын ширеси таамп жатты. Ысык-суукка бышкан колго кунт кое карадым. Таштай чымыр, барбагай, туурулган, чор алаканы сыймык туудуруп, урмат көрсөткөндөй сезилди. Бул кол чыныгы дыйкандын, тагыраак айтсам — баба дыйкандын колу.

Жокен имериле жайылып жаткан сууга көз салды. Оозундагы чылымын алып, кара көк түтүндү сызылта үйлөдү. Кумары кандыбы, жайдары күлүмсүрөдү. Орто бойлуу, арыкчырай Жокендин көп сүйлөбөгөн адаты маалим. Сөздү улам-улам козгобосок, мүмкүн кайра кур кол кайтарыбыз ажеп эмес. Суу сугарып аткан жерине келишибиз да кандайдыр бир суроону туудурганын айтпаса да, суроолуу көз караштарынан түшүндүк. Кандай себеп менен келгенибизди ачык айтып, ак сүйлөбөсөк болбостугу түшүнүктүү болду. Ачык чечилбесең Жокен да сөздөрүн ачык-айкын айтпашы мүмкүн. Бирок, азыр талап да, мамиле да өзгөрдүбү? Эмгекчил ар бир адам оюн ачык айтууга мүмкүнчүлүк алышпадыбы? Демек, мурункудай артына карап кылчактабай, жагдайдын болгонун болгондой алдыбызга коёрунан күнөм санабадык.

— Сугатты жалгыз сугарганың кандай?

— Шериктеримдин шашылыш иштери бар экен.

— Кимдер?

— Билесиң, же эсиңен чыгып кетти бекен? Жаңы айылдык Касымбеков Зарылбек менен өз иним Болотов Оторчу.

— Аа, жаман иштешпейт.

— Жаман эмес,— деп кабагын бүркөдү.

— Шериктерине көөнү ток эмеспи? Чогуу иштешкен адамдар өзүндөй иштешпесе, иш темпи күткөнүндөй жүрбөстүгү маалим. «Араларында кандайдыр бир шынаа барбы?» деген ой кылт эске түштү.

— Ии, Жокеш! Эмне болду, кабагың бүркөлө түштү?

Ал үн катпады. Кой көзүн ойноктото тиктеди. Анан чылымын ыргытты да, кетменин уңгусуна чейин жерге матырып, үстүнө маядан чогултуп таштады.

— Жүр, түштөн кийин келсем болот, жыйылсын.

Басып баратып токтой калды. Асманга тигиле көз жүгүрттү. Жакынкы күндөрдө күн түрү бузулбасына көзү жеттиби, жайдары сапарын улантты. Күнгө күйүп, шамалга тотугуп, тынымсыз иштеген неменин басышы тың, өзүн жеңил сезгени байкалды.

— Жокеш! — дедим, тике кайрылып. Ал жалт бурулду. — Эмне шериктериң менен мамилең келишпей атабы?
— Жок, кеп башкада. Тагайдай иштешпей атышат.
— Ал бөлүнүп кеттиби?
— Уга элексиңби? — деген Жокен токтой калды.
— Эмнени?
— Байкуш, каза болгон. — Экөөбүз бириккени ишибиз оңолгон. Ал подряддын сырын толук билчү. Өткөн жылы да, быйыл да анын жолунан кыя баспай иштедик. Ийгилик жаман болгон жок. Кырк алтыдан айланды.
— Колхоз боюнча да ошондой дейби?
— Ооба,— деп тунжурай түштү.
— Биринчиликти кимдер ээлешти?
— Жумапалиев Алетин менен Алыбаев Баркалбас. Элүүдөн алышты.
— Демек, силер биринчиликти жеңип алыпсыңар?
— Ооба. Жаңылбасам отуз үч миң сом таза кирешe алдык. — деген Жокен мыйыгынан күлүмсүрөп, сөзүн улантты. — Подряддын артыкчылыгына көз жетти. Көрсө, бул ыкма адам намысын чыңайт белем, чиркин! Алган милдеттенмеңдин тагдыры тынчтык бербей, ой толкунуна батканыңды айтпа! Айтаар элем адам кайра тарбияланып, эмгек тартиби чыңдалат экен. Мына, подряддын эң башкы күчү ушунда тура!
— Ички эсеп-кысап — бул эң алдыңкы ыкма. Ар бир адам так иштөөгө тырышат. Демек, өзүлөрүн жердин ээси катары туюшаары бышык.
— Сөзүңдө калет жок. — Ойлоно калган Жокен жай басты. Сөзүм көптөн бери жүрөгүн өйүгөнгө дал тийгендей болду. — Азырынча сиз айткандардан алыспыз,— деп кайра сөзүнө кирди. — Ырас, подряд колхоз турмушуна кулачын кенен жайды. Кагаз жүзүндө десем жаңылышкан болом. Бирок, так тапшырма, чыныгы ички эсеп-кысап, адам эмгегине жараша акы төлөө азырынча жакшы жолго коюла элек.
— Түшүнүксүз суроолорду чечүү керек да!
— Ананчы? — деп Жокен жаш балача башын ийкеди. Сөз кызыгына батканда токтолбостон сөзүн улантты. — Чынын айтсам биз, өзүбүз иштебейт экенбиз. Аны ырамatылык Тагай далилдеп кетти.
— Кандайча?
— Төрт-Күлдү билесиңби? Ошонун жанында жерибиз бар эле. Ал жер таштактуу экени өзүңө маалим. Тагай жер сугатынан баштап, акыр аягына чейин тикесинен тик турду.

— Ал жер канчадан берди?

— Сөз уксаң. Кырктан. — Таарындыбы Жокен олурая карады. — Мында агроном Калдыбайдын эмгеги зор. Анын кеңешин сая кетирбедик. Убагында айдап-септик, сугардык. Баарынан тийиштүү өлчөмүндө азыктандырдык.

— Элүүгө неге жетпедиңер?

— Кептин баары сууда. Суу жетиштүү болгондо элүүдөн да ашмакбыз. Кээ бир жерлерибиз андан да ашты.

— Бул эмнеге байланыштуу?

— Биринчиден болгон сууну үнөмдүү пайдалана албадык. Экинчиден суунун жетишсиздиги. Баса, өз жерлерибизди толук бир сугаттан өткөрүп, экинчисин жарымдап калдык.

— Суу сактагычтыкы жетишпейби?

— Ал ырас курулуптур. Болбосо такыр отуруп калмакбыз.

Жаңы ыкмада иштегендер, иштей турган иштерин, ала турган түшүмүн билүүлөрү зарыл. Сапатсыз иштерге, кырсыктан же башка бир себептен кеткен чыгымдарды тогоштуруу маселеси, үнөмдөлгөн акчалай, материалдык каражаттарды бөлүштүрүүнүн жолдору да белгилүү болушу керек? Кыскасы, так жүргүзүлгөн эсеп-кысап эмгек акынын болжолдуу суммасы чоң роль ойнойт. Мындай алдын ала эсептөө жыл аягында эмнелерди берерин подрядка өтүшүп иштешкен бригадалардын тажрыйбалары көрсөтүштү.

«Эл ичи кенч» деп бекеринен айтылбаган чыгаар. Ар бир башталган жаңы иштин жакшы жагын да, жаман жагын да көпчүлүк бат эле айтышат. Элден өткөн мыкты экономист жок го. Андыктан адамдын ишке болгон кызыгуусун арттыруу бардык иш чарадан артык. Адам мүнөзүнүн бул өзгөчөлүгүн биринчи планга коюп, жакшы ишке эмгегине жараша акы төлөө кетип аткан мүчүлүштөрдү акырындык менен өз жолуна коёру да иш жүзүндө аныкталган.

Бригада, үй-бүлөлүк звенодо иштеген адамдардын арасында кандайча иштеп, кандайча жашоо керектигин ички эсеп-кысап бат эле көрсөтөт. Бул келечектеги ийгиликтин башаты.

Кыштакка кире бергенибизде Султан Исаков менен Арыкбай Султанов бетме-бет чыгышты.

— Ии, ээрчишип кайдан? — Султан кош колдой учурашты. — Качан келдиң? — деп анан мага суроолуу тигилди.

— Кечээ. Жокенде иштер бар эле.

— Иши экөөбүздүн подряд экен,— Жокен озуна жооп берди.

«Ооба!» дегендей Жокен баш ийкеди. Султан жалт карап, мыйыгынан жылмайды. «Чынбы, же тамашалап атышабы?» деп ишенбегени ойноктогон көзүнөн байкалды.

Султан да белсемдүү сугатчылардын бири. Отуз жылдан бери дыйканчылыктан кол үзөлек. Колхоз менен келишим түзүшүп, шериги Жокендин үйүндө маектешүүдөбүз. Сөз чырмалыша тереңдеп, көп мааниде экчелип, акыры жаңы ыкмага барып такалды. Маңдайымда олтурушкан сугатчылардын кээ бири ички чарбалык эсептин сыры менен караманча кабарсыз экендиги белгилүү болду. Бирин-бир карашып, эмне айтышаарын билишпеди. Чарбалык эсептин тартибин айтпасам арманда калышаары ички дүйнөмдү козгоду. Шашпай отуруп, мүмкүн болушунча коллективдүү подряддын натыйжалуулугун түшүндүрдүм.

— Айтканыңыз туура,— деп ойго чөмүлгөн Жокен кобурады.

— Кайдан туура. Ал эсеп иштерин уккан эмесмин. Мына, азыр гана угуп атам! — Арыкбай Жокендин сөзүн жактырбады.

— Өркүндөтүлгөн технологияны колдонуп атасыңарбы?

— Агрономдун көрсөтмөсүн сыя кетиргенибиз жок,— деди Жокен.

— Ашык да эмес, кем да эмес, так эсептелген план беришсе түзүк болчудай. Буюрса ошондо түшүм сөзсүз болот,— деген Арыкбай кабагын түйдү.

— Мурун мындай эмес эле. Эми такыр башка болду.

— Жокен туура айтты. — Султан сөзгө аралашты. Баертең ал чечилген эмес. Сөз ыңгайын күтүп атканбы же ичиндегиси козголбогонго ыза көөдөнүн тээп чыктыбы,— оор дем алып,— биз аны-муну дейбиз. Кээде турун колхоз жетекчилерине да асылабыз. Көрсө баары өзүбүздө жаткан тура. Карачы? — деп сөөмөйү менен эки теңтушун кеседи. — Кана, айткылачы? Быйыл жаман болдукбу? Менимче жок. Жокен жылдыкта бир жарымды алды. Арыкбай экөөбүз миңден...

— Бардыгыңар азыр адистерден кем ой жүгүртпөйсүңөр ар тармак боюнча. Кээде адистерден иштин ыгын силер мыкты билесиңер. Ар бир тармакта талаа станында тийиштүү технологиялык картанын илинип турушу бекеринен эмес. Аны туура колдонгон дыйкан өркүндөтүлгөн технологияны өздөштүргөнү ошол. Анда эмне иштөө керектиги баары ачык-айкын көрсөтүлөт. Жаңылбасам өзүнчө китепче да болуп чыккан. Ал Калдыбайда канчин бол

босун. Башкы агроном катары анда сөзсүз бар. Сурап кеңири таанышкыла.

— Республикада жана бул көл аймагындагы жерлердин көпчүлүгү топурак таануу боюнча илимий иштерин жүргүзүү менен жердин азыктуулугу кайсы өсүмдүктү өстүрүүгө болору эбак далилденип чыкканын да билесиңер. Дегиңкиси өзүңөргө жердин сыры маалым. Андыктан жетекчилерге түртө сал кылбай чечкиндүү киришүү гана керек.

Жанатан берки аңгемеге ыраазы экендерин туйдум. Өркүндөтүлгөн технологияга, ички подрядка билим, тажрыйба, уюштуруучулук, жөндөмдүүлүк зарылдыгын сезишкен түрлөрү бар. Ушул артыкчылык кимде болсо да ал акыры ийгиликке алып келээри белгилүү. Карап туруп, бир нерсе оюма түштү. Ал дагы орчундуу маселенин бири. Билишимче колхоздо дан өстүрүүчүлөр экинчи бригадада саналуу гана. Жокен, Султан, Арыкбай, Ыдырыс, Өскөнбай, Келдибек жана Эсенбайлар. Булардын арты кырк бештен өтүшүп, алды элүүнүн жоон ортосуна келишти. Беш-он жылдан кийин булардын ордун кимдер ээлешет? Бул суроо аларды кызыктырбайбы? Бирок, сөз арасында бул багытта ой-пикир козголбоду. Жаштардан данчылык ишине тартылбай атканы өкүнүчтүү эмеспи. Акыры чыдамым түгөндү.

— Жаштар эмне кылып атышат?

— Сөз козгобой эле кой. — Жокен суроомду жактыра бербеди.

— Азыртадан ишке тартып көндүрүш керек да!

— Аны уюштурган ким? Ар кайсы жумушта жүрүшөт. Ишенишип иш беришсе сөзсүз өзүлөрүн көрсөтүшөөр эле — деген Арыкбай сөздүн ток этээр жерин айтты.

Жокен менен Султан макул болгондой үн катышпады. Үңкүйүшүп отуруп калышты. Бул түрлөрү аянычтуу көрүнүп кетишти. Жаштардын тагдырлары ички сезимдерин козгогонун туйдум.

Аңгыча бака-шака түшүшкөн Жокендин уул-келини балдарын ээрчитишип кирип келишти. Небересин жыттаган Жокендин жарпы жазылып, бизди көңүл изгисинен чыгарып ийди. Небереси менен жытташып олтуруп, ой бөлүшкүсү келгенин баамдадым.

Жолдо келатып: «Жазгы дыйканчылык жумушту баштаганымда себүү убактысын өткөрүп жибердиң дешип, башкарма да, район жетекчилери да айта беришет. Күүндө убагында оруп-жыйнап алганыбызда баары кайра мактайшат» деп колхоздун агроному Калдыбай Исмаилов-

дуп айтканын эстедим. «Убагында айдап, сээп, өлчөмүнөн ашып-кемибей азыктандырып, суудан өксүтпөсөң түшүм мол болот!» деген Жокендин сөзүнүн төркүнү Калдыбайдын сөзүнө дал келип атканына ой жорудум.

Өлкөбүздө жүрүп жаткан жаңылануууну туура түшүнүп, иштиктүү жыйынтыкка келишкен сугатчыларга сыймыктандым. Дыйканчылык иштерин дагы терең окутуп, анан тажрыйба алмаштыруу иретинде алдыңкы чарбаларга алып барып, алардын иштери менен тааныштырса булардан сөзсүз майнап чыкпай койбойт.

*АЛИМБАЙ АБЖАПАРОВ*

---

## МЫРЗА-АКЕЛИК КААРМАН

Менимче ар бир кесиптин өз алдынча кыйынчылыгы, башка бирөөлөргө түшүнүксүз татаал жактары болот эмеспи. Бирок, бир нерсени айтып коёюн, адам баласы кандайдыр бир ишке бел байлап, ага бет алган соң ал ишке чын ыкласы, таза дити, бүтүндөй арзуу кылган дүйнөсү менен берилиши керек. Ошондо гана ал ойлогон максатына, каалаган тилегине жете алат. Алгач мен деле «чабан болуу кыйын го» деп жүрчүмүн. Көрсө, «көз коркок, кол баатыр» турбайбы. Бара-бара үйрөнүп алгандан кийин, мындан артык иш жоктой болуп калды мага. Мүмкүн, баштан өткөндөн кийин ошондой болуп жатса керек.

Бирок, мен эмнегедир, Курманалы аке айткан анын чабандык кесибинин оңой-жеңилин көрө албадым. Мейли, жайдын мээ кайнаткан ысыгы, кыштын кычыраган суугу, жаздын жай алдырбаган жамгыры, күздүн боз кыроо чыкыроону болсун кой артында жүрүп, короого сак болушуң эп. Ушуларды ойлогонумда, бала чагымда болуп өткөн бир окуяны дайыма эсиме салам. Ырас, ал адам азыр арабызда жок. Бирок, ал адамдын ошондогу жасаган иши, бир түнкү мээнети али күнчө көз алдымда. Ошондонбу, айтор, чабан дегенде, алгач ошол күрөң чепкен кийин, сыдытый баскан сары чийкил адамды көз алдыма келтирем.

Жаздын аяк чени. Бир күнү калдайган кара булут заматта түнөрүп келди да, борошолуу мөндүр аралаш жаанга айланды. Күүгүм кирип, көз байлана баштаган. Биз чатырдын түркүгүн кучактап, баш калкалаган үйбүлөү

шамал учуруп кетпегей эле деп, сыртка чыкпай үрөйүбүз учат. Мөндүр сабаган сайын адам зээнин оорута мөөрөгөн музоолор ноктолоруна тартылып, борошо соккон жакка кетенчиктей тыбырчылашат. Ушул учурда бир гана ошол раматылык Арстанбек жан калтыраткан суукка карабай, мылтыкчан, койлорун ылдый колотко айдап түшүп кеткен. Ошол түнкү жамгыр таң ата карга айланып барып басылыптыр. Биз коркконубуздан бөжүрөп отуруп, кийин эч нерсени туйбай уктап калыптырбыз. Ал суу болгонуна карабай, кой артында кыйкырып жүрүп таң атырыптыр. Эртеси өзүнүн суу болуп үшүгөнүн, чаалыгып-чарчап уйкудан калганын билдирбей «бир-эки жолу үрккөндө мылтык атып араң токтоттум, чамасы карышкырлар келген көрүнөт» деп гана койду бизге. Кийин мен таянемден: — Койлорду эмнеге колотко айдап кетти? деп сурасам, «Антпесе өрүп кетип, карышкырларга жем болмок» деп түшүндүргөн. Азыр андай окуяларды, түйшүктү башынан көп өткөргөн Курманалы акенин атагын студент кезден бери угуп, билип жүрсөм да, эмнегедир чыгынып жолуга албай жүргөм. Анда ал иштеген бөлүм «Алга» совхозунун карамагында болчу. Кийин, «Ак-Жар» совхозу уюшулгандан тартып, ошол чарбага өткөн. Ошол студент учурда аны бир көргөнүм бар. Күздүн күнү, кыязы, 1978-жыл болсо керек эле. Ошондо анын атасы менен бирге «Алга» совхозунун борбору Мырза-Аке айылынын клубунун жанынан жолуктуруп калдым. Атасы экөө чогулуштан кийин сыйлыкка берилген кырк жети козуну бөлүп алып, жыгач торчого камап турушкан экен. Анда мен алар менен түзүктөп да сүйлөшө алганым жок. Бирок, кубанычка алдырган жүздөрүнөн мээнеттеринин акыбетин көрүп, турмуштарына ыраазы экенин байкадым. Кенен-кесири отуруп, чечиле сүйлөшпөсөк да алар атактуу чабан, Социалисттик Эмгектин Баатыры Шарап Санжаровдон кийинки экинчи сыйлыкты алышканын билдим.

Адам баласы эмгектеги бактысына ар кандай жолугат экен. Ошол сыңары, Курманалы аке да жаш чагында бул кесипке кечиге келди.

Ошентип, анын чабандык жолу 1973-жылдан башталган. Буга чейин атасы Суранов Момунбек чарбанын уйларын багып, апасы Касиет саан саап келишкен. Ал эми өзү болсо 1970-жылы шоферлук курсту бүтүрүп, бир жыл шофер, андан кийин тоюттук жүгөрү өстүрүүдө иштеди.

— Балам, мына, биз канча жылдан бери уй багып, саан саап мал артында жүрөбүз. Карап көрсөм, сен деле бир туруп шофер, бир туруп жүгөрүгө иштеп, өз ордуңду тап-

нагансып жүрөсүң. Жаш адамдын мындай болгону жакшы эмес, ал жалакайлыкка үйрөтөт. Азыртадан минтип жүрсөң, кийин иш жакпай коңкулдап каласың. Андан көрө үй ичибиз менен биригип, бир короо кой алсак мүмкүн, мээнетибиз кайтаар. Жакшылап иштесек ишибиз элге көрүнөөр,— деп атасы өз кеңешин ортого салды.

Көрсө, атасы ошондо эле баласынын ишке тыкан, бир ишти баштаса аны аягына чейин жасай турганына көзү жеткен экен. Айткандай ошол ишти баштаган жылы эле ийгилик жаралып, иш илгерилей берди. Бул саамалык бир чети аларды кубандырып койсо, экинчи чети төлгө катары келечектен көптү үмүттөндүрүп койду. Ооба, үмүт, ишеним, арзуу булар жакшылыктын белгиси. Бирок, эмгексиз булардын баары куру кыялга тете эмеспи.

«Малды карагандан, тезекти калагандан»,— дейт атасы бул ойлорду бекемдегендей. Ырас, малды кандай карасаң, ошондой ыраатын көрөсүң. Жалкоонун шылтоосу даяр дегендей, көпчүлүк учурда биз өзүбүз жалкоолукка жеңдирип, шылтоону башка жактан издейбиз. Чыгынып мал баккандан кийин зеригүү дегенди коюш керек. Зериккен адам мал бага албайт. Ошон үчүн дайыма малды өз убагында сугарып, өз убагында откоруп, кыштын күнү алдын кургактап, андан оолак болбош керек. Кыскасы, ага кандай мамиле жасасаң ошондой кайрымын көрөсүң».

Ал адамдын иш дегенде ичкен ашын жерге койгон ак ниет, адил адам экенин 1977-жылы айтылуу Кара-Шоро жайлоосунда болуп өткөн малчылардын чогулушунан улам билгем. Чогулуш бүтүп, малчылар жол арытып келип калган областтык керек-жарак союзунун төрагасына өздөрүнүн кем-карчтарын билдирип, ар кандай өтүнүчтөр менен кайрылып жатышкан. Ошондо Момунбек аке ордунан жай туруп:

— Мына, жанатан бери ар кимибиз оюбузга келгенди сурап, өзүбүздүн да, булардын да убактыларын алдык. Ал сураган чайнек-пиала, толгон токой кездеме-бөздөрдү күзүндө жакага түшкөндө деле сатып алабыз базардан. Азыр бизге аларды коюп, күнүмдүк турмушубузга эң керек болгон туз менен сасык майды, айтканым түшүнүксүз болсо керосинди жеткирип бергиле, ансыз кыйын экен. Малың туз сурап турса, тоонун башында таап бере албайт экенсиң. Ал эми сасык майсыз кандай жашоо, караңгыда көзүң жок, короону карышкыр тийсе да көрбөйсүң...

Ушул сөздү уккан эл эмне дээрин билишпей, ага таңыркап карап калышты. Анткени ал, ошол жайлоодогу малчылардын баарына керектүү, бирок, бири да ойлобо-

гон жүйөлүү сөздү, болгондо да, тиги областтан келген адамдын жана партиянын райондук комитетинин биринчи секретарынын көзүнчө айтты. Эл болсо «туура айтат, туура айтат» дешип анын сөзүн коштоп чыгышты.

Бул адам балдарынын баарын — он бирин тең өзүндөй ак ниет, эмгекчил болууга, бет алган ишине чын дил, ыкласын коюп, берилип иштөөгө тарбиялоо менен өзүнүн жүрүм-туруму, иштеген иши аркылуу балдарынын сезимин ойготуп, чоң турмушка даярдаган. Анткени, ал адамды бир гана эмгек бактылуу кыларын жакшы билет. Анын үстүнө, атасынын ушундай эмгекчил, коомдук ишке жан оту менен берилген сапаттарын көрүп өскөн балдар аны колдошпой кимди колдошсун.

Алар жараткан ийгиликтин сыры эмнеде? Мүмкүн, булардын башкалардан айырмаланган өз алдынча жаңы зооветеринардык ыкмасы же катардагы көпчүлүк чабандардан өзгөчөлөнгөн алдыңкы тажрыйбасы бардыр. Андай болбогондо, анын эмгек үзүрүнүн сыры эмнеде? Ушул суроолор мени көпкө ойлондуруп жүрдү. Анан калса ал өткөн беш жылдыкта ар жүз тубар койдон 160—165тен козу, ар биринен 4,9 килограммдан кем эмес жүн кыркып алган. Бул анын, башкача айтканда жаш коммунисттин Улуу Октябрдын 70 жылдыгына камдаган белеги эле. Чабан кайра куруу, жаңылануу менен өз аракетин өзгөртүүдөн баштоодо. Анын ушундай адам кубанарлык натыйжалары чынында эле үлгү болорлук көрүнүш.

Мына, ушул жетишкендиктердин купуя сырын билүүгө, аларга жакындан жолугуп, ойлогон ой-максаттарын, дегеле, чабандын өзүн билүүгө турмушка, тагыраак айтканда, учурдагы кайра курууга кандай карашып, аны кандайча кабылдап жатышат — ушуларды тике өздөрүнөн угуп, билүү үчүн Курманалы акенин короосуна барууну чечтим. Алгач «Ак-Жар» совхозунун директору Токтосунов Алтымышка жолуктум.

— Бул чарбанын жайгашкан жери, анда иштеген адамдардын көпчүлүгү мага жаштайымдан тааныш. Ал тургай, чарба жетекчилери жөнүндө ким кандай ойлонуп, эмне дегендерин да жакшы билем. Ошентсе да, сөзүмдү башка жакка бурбай, ал айткан сөзгө токтолойун.

— Биздин чарба тоолуу жерден орун алган, ошондуктан, чарбабыз мал чарбачылыгына, анын ичинен, кой өстүрүүгө багытталган. Жайыт кенен, тоюту мол, ал эми эличи... Мына, ошолордун ак эмгеги менен эки жолу Бүткүл союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болбодукпу. Ырас, буга Курманалыга окшогон алдыңкы мал-

чыларыбыздын жана алардын кыш камылгасын көрүп, тоютун мол даярдашкан эмгекчилерибиздин салымдары албетте зор. Аларга жолугуп жазсаңар болот, бирок, тиги эмгекчилерибизди эскерүүнү унутпагыла,— деп сөзүн тамашага чалды.

Чабандардын ийгилигинде ал адамдардын үлүшү бар экенин ким эле билбесин. Алар мындай шарт түзүп, кыш камылгасын көрүшпөсө Курманалынын аты кайдан чыкмак.

Ошентип, «миң уккандан, бир көргөн артык» дегендей, аз да болсо Курманалы акенин турмушу, иши менен таанышып, чабандардын ички дүйнөлөрүнөн кабардар болдум. Мүмкүн, анын турмушунда мындай чечилбеген же чечилсе да айрым бир адамдардын күнөөсү менен ишке ашпаган маселелер бардыр, бирок, алар мен үчүн табышмак бойдон калып калды. Элим айтмакчы, эсенчилик болсо ага да жетербиз, аны да айтарбыз...

* * *

Мен өзүмдүн журналисттик ишимде көпчүлүк чабандардын короо-сарайларында болгом, бирок, мындагы Курманалы акенин сарайындагыдай тыкандыкты, инвентарьбуюмдарга болгон өзгөчө сарамжалдуу мамилени биринчи көрүшүм. Адатта такта жыгачтан жасалган клеткалар таланып, тонолбой өз ордунда.

— Сиз буга таң калбай эле коюңуз. Анткени, биз үй-бүлөлүк подрядда иштейбиз. Андыктан бизге бөлүнгөн буюмдарды, тагыраак айтканда, эмгек куралдарын узак иштетүүгө аракеттенебиз. Буларды канчалык мыкты иштетсек, ошондой эле ремонтко же башкага жумшала турган каражаттарды канчалык үнөмдөсөк же ал иштерди өзүбүз орундасак, ошончолук кошумча акы биздин пайдабызга келип түшөт. Мындай сарамжалдуу мамиле чарбага да, өзүбүзгө да пайда экен. Жөн сөз менен айтканда, «бул совхоздуку, жоголсо башкасын берет» деген түшүнүктүн ордуна, «бул менин эсебимде, буга мен жооптуумун» деп, ага өз буюмундай мамиле жасайт экенсиң. Экинчиден, бул саамалык чабандын кызыкчылыгын арттырып, ишине дем берет экен. Мурда биз тол өлөктүгүндө совхоз жетекчилерине айттырып, дедирип жатып, сакмалчыларды келтирсек, азыр өзүбүз алардын ишине, эс алышына шарт түзүп, кезеги менен өз эсебибизден ысык тамак уюштуруп, алардан чоң кайрым болуш үчүн кам

көрөбүз. Чарба тарабынан да сакмалчыларга бардык шарт өз убагында түзүлөт. Ошон үчүн козуларды сакмалчыларга бөлүп берсек да, күнүгө аларга кеп-кеңешибизди айтып, алар менен кошо козуларды багууда каралашып турабыз.

— Ийгилик өзүнөн-өзү жаралбайт, ал үчүн ар жыл сайын өз алдынча изденесиң,— дейт Курманалы аке. — Айталы, быйыл төлүң же жүнүң ойлогон оюндагыдай болбосо, анын сырын «эмнеден кетирдим экен» деп, өткөн жылдан издейсиң. Ошон үчүн бул иште ысык-суугуна күйүп, жадабаган эрктүү болушуң керек. Ошондо гана бул кесипти — бул турмушту сүйүп, анын акыбетин, ырахатын көрөсүң.

Ал бул сөздөрдү башкачараак айтса да, мага анын түпкү мааниси ушундай туюлду. Ичимен: «ал кандай айтса да жарашат, анткени, анын айта турган жөнү бар, өңгөлөргө үлгү боло турган айтылуу иши бар» деген ойдо калдым.

***ДОГДУРБЕК ЮСУПОВ***

## СААНДЫН УСТАТЫ

Биз Панфилов районундагы «Келечек» совхозунун Октябрское айылында түштүк-батыш тарабындагы сүт-товар фермасына барганыбызда кызуу эмгек өкүм сүрүп турган экен. Уйлар ийип берген убакта өз убагында жетишип саап алуу зарыл. Анча-мынча эле буйдалып калуу — сүттү кемирээк алуу дегендик. Саанчылардын ушунчалык өз иштерине берилип, кызуу кыймылда эмгектенип жатышкандыгына аяр мамиле жасап, алардын көңүлүн көз ирмем алаксытууга да батына албайсың.

Өткөн жылдын жыйынтыгы боюнча Валентина Васильевна ар уйдан 4175 килограмм сүт саап алууга жетишип, райондо биринчиликти ээлеген. Кийинки убакта алдына эч кимди салбай калды. Деги бул адамда тыным деген жок го чиркин! Алдына бир максат коюп алса, анын өтөөсүнө чыкмайын кара жанын далбас уруп иш менен алек болуп жүргөнү жүргөн. «Буга дейре бир нече чарбаларда иштедим, бирок, бул саанчыдай иштерман адамды көргөн эмесмин. Качан уктап, качан эс алаарын билбейм. Таңында деле, түн бир оокумда деле уйларынын

жанында. Дагы бир жакшы жери, кабагым-кашым дебестен дайыма маанайы жарык»,— деди биз менен маектешүүсүндө совхоздун партиялык комитетинин секретары Оомат Казакбаев.

Айтор, менин көптөн бери оюм дал ушул фермага келип, саанчылардын каарман иштери, өзгөчө Валентина Васильевна Любимованын эмгектеги иштери менен таанышып, кең кесири баарлашуу эле. Албетте, алдыңкы саанчыны райондогу чогулуштардан көрүп, көп жолугушабыз. Чындыгында ал жайды, ден соолукту сурашууга гана үлгүрөбүз. Анын дайыма чогулуш аяктар замат үйүн көздөй шашканы шашкан. Бир кездеги секелек кыздын мыкты саанчы болуп эл оозуна алынаары кимдин оюна келе койду дейсиң. Учкул мезгил гана бардык ишке толук күбө болот. Эми минтип Валентина Васильевна жыйналыштарда макталып, өкмөттүк сыйлыктарга ээ болуп, ысмы калктын кыйырына таанымал болуп жаткан учур. Демек, тынымсыз эмгек гана мейли чоң, мейли кичине болсун, айтор, бардык адамдарды эрезеге жеткирет тура. Биздин каарманыбыз Валентина Любимованын өрнөктүү өмүрүнүн башаты, ак эмгекке жык толгон татаал турмуш жолуна ишенимдүү таштаган кадамы мына ушуга толук далил.

Райондогу бул алдыңкы саанчынын иш тажрыйбасы партиянын райондук комитети тарабынан жактырылып, алдыңкы тажрыйбанын мектеби уюштурулган. Ал эми Любимова жергиликтүү орто мектептин окуучулары үчүн насаатчы болуп калды. Көп жылдан бери совхоздун башкы адистери менен бирдикте мал чарбачылыгы боюнча уюшулган мектептеги факультативдик окууга сабак өтөт. Азыркы кезде сүт фермасындагы саанчылардын басымдуу көпчүлүгү эле адал эмгектен, урмат-сыйдан кубаныч тапкан. Андан ашкан сыймык жок тура. Мындайда эл алдында, ал тургай өзүңө өзүң жүзүң жарык эмеспи.

Валентина Васильевнага 27 саан уй бекитилип берилген. Өткөн беш жылдыктын жылдарында ал сүттү ар башына 4 миң килограммдан кемиткен жок. Мурдагы жылы өзүнө бекитилген уйлардын ар биринен 4150 килограммдан сүт саап алууга жетишти. КПССтин XXVII съездинин чечимдерин турмушка ашыруу үчүн болгон мелдешке кошулуп, былтыр 4175 килограммдан сүт саап алууну чечкен. Убадасы иш менен бекитилди. Каардуу кычыраган кыш айында ар күнүнө ар уйдан 16 килограммдан сүт саалды. Ал эми ал эмгектенген ферма боюнча болсо 13 килограммды түзөт. Ферманын алдыңкы саанчылары былтыр

тыр ар уйдан 3400—3700 килограммдан сүт саап алышты.

«Уйдун сүтү — тилинде» деп элибиз бекер жеринен айтпайт эмеспи. Бул чарбада да тоют топтоого зор маани берилет. Республика боюнча тоюттун бир жарым жылдык запасын даярдоо боюнча да баягы жылы демилге көтөрүп чыккан да дал ушул чарба. Жылда эле мында арбын тоют даярдалат. Мына ошондуктан мал чарбасында дайыма албан ийгиликтер жасалып, район алдыңкы катарда жүрөт да.

Валентина Васильевна эмгектенген бул фермада мындан мурун эки коллективдүү подряд киргизилген. Мына ошонун негизинде түпкү натыйжа үчүн жоопкерчилик бир кыйла жогорулады. Ферманын күжүрмөн бадачылары, саанчылары кыштын кыйынчылыгын кайраттуу эмгектери менен каршы алышып, дайыма сүт саап алууну азайтышпайт. Мал кыштатуу уюшкандыкта өткөрүлөт. Бул цех иштегенден бери тоюттун коромжу болушу кыскарды. Кыш башталгандан бери, тоюттун бардыгы фермага даярдалган түрдө түшөт.

Валентина Васильевна өзү тууралу айтууну анчалык жактырбайт. Ал фермадагы жаңылыктар, иштин уюштурулушу, өзү менен бирге эмгектенишкен кесиптештери жөнүндө тынбай айта берет. Бул сапар да дал ушундай болду.

— Саанчылар, бадачылар ар убак алдыңкы тажрыйбаларды пайдаланып, кездешкен кыйынчылыктардан чыгуунун, эл алдында жүздөрү жарык болуунун жолдорун талыкпастан издешет,— дейт ал адетинче шашпай сүйлөп. — Ошондуктан, курбуларымдын эмгегине абдан сыймыктанам. Алар таң эртеден кечке чейин мал сарайда болушат. Бирок, кыжалат болгондорун көрбөйм. Анткени, иштин көбү механизациялаштырылган, сарайда эң акыркы жабдуулар иштетилет. Кыскасы, саанчылардын эмгеги мелдеш таасирдүү уюштурулуп, азык-түлүктүн сапаты үчүн күрөш барган сайын күч алууда.

Ооба, азыркы кезде алдыңкы саанчы айткандай бардык жерде эмгек ийгиликтерин жаратуу үчүн атаандашуу күч алып, эмгек ыргагы жаңы дем менен алгалоодо. Ишти уюштуруудагы моралдык жана материалдык сый эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, сүт саап алууну көбөйтүүгө, айрыкча жаш саанчыларды эмгекке тарбиялоодо өзүнүн зор таасирин тийгизип жатат. Ишке мындай жаңыча мамиле жасоо натыйжаларды берүүдө. Жылдагыга караганда «Келечек» совхозунда тоют мол камдалды. Совхоздо өткөн жылы 65 гектарга перко эгилип, майдын

биринчи жарымында чабыла баштаган. Чарбанын дыйкандары жаңы өсүмдүктү ынтызарлык менен өздөштүргөндүктөн, бардык аянттардан ойдогудай түшүм жыйналды. Ар гектардан 180 центнерден жашыл тоют өстүрүлдү. Бул белгиленген пландан, 15 процентке арбын. Жазында узун үзүлүп, кыска созулуп калат эмеспи. Сенаж түгөнүп, жайыттагы чөп жетиле элек учурда перконун пайдасы тиет. Ага теңме-тең саман аралаштырса мал жакшы жейт.

Жыйынтыктап айтканда кийинки эки жылда перконун артыкчылыгы айкын байкалды. Бул өсүмдүктүн дагы бир артыкчылыгы бир аянттан жылына эки түшүм алууга мүмкүндүк бергендигинде. Май айында ал жерлерге жүгөрү эгилип, күзүндө ар гектардан 360 центнерден түшүмдүүлүгү беш жүз центнерден ашкан. Арбын сапаттуу тоюттун натыйжасында азыр фермада малдын ар бирине шарттуу түрдө 18—20 центнер тоют бирдиги туура келет.

Азыр Валентина калыптанган өз ишинин чебери. Быйылкы жылда да ал саанчылардын ортосунда жайылтылган социалисттик мелдешке активдүү катышып, жыл жыйынтыгы боюнча дагы кайрадан жеңишке жетишти.

— Деги ар бир жолку эле мен үчүн оңойго турбайт,— дейт Валентина Васильевна алдыдагы чөптөрүн кепшеп жатышкан уйларына мээрим төгүү менен көз жүгүртүп. Канчалык жан алакетке түшүп аракеттенет дейсиң биринчи орунду ээлеш үчүн. Дайыма намыс өргө жетелеп, жанталашып иштейм. Малга тоютту өз убагында берип, жакшылап жууп-тазалап турам. Чындыгында бул майда нерсе сыяктуу. Кагып силке берсең мал коркуп, салмак байлоонун ордуна тескерисинче арыктап кетет. Демек, арык уйдан сүт аз алынат. Алдындагы кыктарды тез-тез тазалап туруу зарыл. Бир күн эле эс алам деп ишке чыкпай калып, ордуна башка бирөө иштеп калса, тазалык начарлай түшөт. Уйлар да бир колго көнүп калат да, башкага көңүлдөгүдөй ийип бербейт. Уйдун сүтүн толук саап алууда аны жеткире ийитүү зарыл. Мында желинди укалоого айрыкча көңүл бурулат. Аны 35—40 градус жылуулуктагы суу менен жуу эрежеге айланган. Минткенде желиндин тамырлары тез кеңейип, кан бат жүгүрөт да, сүт жакшы чыгат. Желинди сүргү менен аарчыгандан кийин эки колдоп анын бир бөлүгү алакандын алдында болгондой кармап, андан жогортон төмөн карай ушалайм. Ошондо уй токтоосуз ийийт. Мында ар бир көз ирмем эсепте, болууга тийиш. Кичине эле буйдала калып, алаксый түшсөң ыңгайлуу учурду өткөрүп жибересиң. Демек, мында да кылдаттык талап кылынат. Уйларды өз убагында байытуу да

зор маанизге ээ. Күнүмдүк көрсөткүчтөрдүн туткунунда калып, кээлери тынымсыз саай беришет. Бул уйдун өзүнө гана эмес, музоосуна да зыян. Натыйжада келечектеги баданы толуктоого жолтоо болот. Мен желини жетип бараткан уйлардын саанын кичинелеп кыскартам. Алгач күнүнө эки жолудан, андан бара-бара бир жолу саап, кийин күн ара, анан акыры үч-төрт күндө гана саагынга өтөм. Бул мезгилде тоютту да акырындап азайтам. Муну мен практика жүзүндө бир нече жолу далилдедим.

Валентина Васильевна жеке гана өндүрүштүн алдыңкысы болуп саналбастан, коомдук ишке активдүү катышат. Бир нече жылдан бери совхоздун партуюмунун мүчөсү, сүт товар фермасында цехтик партиялык уюмдун секретары. Бул цехтик партиялык уюм чарбадагы беш уюмдун эң алдыңкысы. Фермадагы коммунисттердин бүтүндөй бардыгы тең он биринчи беш жылдыктын биринчи жылынын тапшырмасын абийирдүүлүк менен орундатышты. Ал эми Валентина Васильевна жетекчилик кылган цехтик партиялык уюмдун коммунисттери социалисттик мелдештин авангардында болуу менен өз кесиптештерине эмгекке чыныгы үлгү боло алды. Он экинчи беш жылдыктын экинчи жылынын биринчи кварталынын жыйынтыгы боюнча саанчылардын урматына совхоздун дирекциясынын имаратынын алдында Эмгек даңкынын желеги көтөрүлдү жана акчалай сыйлыкка татыктуу болушту.

Жакынкы эле күндөрдө биринчи кварталда совхоздо сүт өндүрүү маселесин караган партиялык чогулуш болуп өттү. Колхоздун парткомунун секретары Оомат Казакбаевдин докладында өзгөчө коммунист-саанчы Любимованын биринчи кварталда жараткан эмгектик ийгиликтерине, ал жетекчилик кылган цехтик партиялык уюмдун ишине баа берилди. Алдыңкы саанчы өзү дагы докладды талкуулоодо жарыш сөзгө чыгып сүйлөп, он экинчи беш жылдыктын өзүнө бекитилген 27 саан уйдан ар биринен 4200 килограммдан ынак сүт саап алууга жалпы коммунисттердин алдында убада берди.

— Валентина Васильевна бизде пропагандисттик ишти да абийирдүүлүк менен аткарат,— деди парткомдун секретары. — Маанилүү иш чаралардын убагында малчылардын арасында болуп, райондогу саанчылар менен райондук басма сөз аркылуу дайыма тажрыйба алмашып турат. Саанчы Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 70 жылдыгын татыктуу тосуп алуу жөнүндө демилге көтөрүп чыкты. Алдыңкы саамалыктын колдоого алынаары белгилүү.

— Валентина Васильевна абдан ишмер, сезимтал, өз ишине тың адам,— деди «Ардак белгиси» орденинин ээси, совхоздун директору Семен Иванович Конев биздин суроо-буга жооп берип жатып. —Айтор, өзүңдүн чарбаңын адамдары ийгиликке жетишип турса сыймыктанбай койбойт экенсиң. «Жакшы сөз жан эритет» деген сөз чын экен да. Валентина Васильевна миңтип кубанычка кубаныч кошуп, жакында Кыргыз ССРинин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген ардактуу наамга татыктуу болду. Өткөн жылдын жыйынтыгы боюнча да райондо биринчи орунду ээлеп, сыйлыкка ээ болуп олтурат. Бул иш десе ашын койгон келин дагы бир топ эмгек ийгиликтерин жаратаары бышык. Мезгил өзү калыс тараза эмеспи. Ушул темпинен жазбаса ал мындан да чоң ийгиликтерди жаратаары бышык. Валентина өзгөчө тынчы жок келин. Жаны бир тынсачы.

Любимованын иштермандыгына бардыгы эле күбө. Аны менен эмгектенишкен саанчылар анын асыл сапаттарын жакшы көрүшүп, ал тууралу сүймөнчүлүк менен айтышат. Жакында эле Валентина Васильевна максатка берилген асыл сапатынын дагы бирин партиянын Панфилов райондук комитетинин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы Закир Хакимовдун өз оозунан угуп, дагы бир жолу алдыңкы саанчынын иш десе ашын таштаган өжөр мүнөзүнө ыраазы болдум.

Окуя мындайча болду. Валентина республикалык чогулуштардын бирине кетип, үйүнө өтө кеч келет. Дароо кийимин которуштуруп көнгөн адети боюнча уй сарайларды көздөй жөнөйт. Фермага келээр замат күнүнө 20 литрден сүт берүүчү «Маяк» аттуу уюнун жок экендигин көрөт. Ошондо саанчылардын бирөө анын уюн бир топ уйлар менен бирге Кайыңдыдагы эт комбинатына этке төгүү үчүн алып кетишкендигин айтат. Валентина ойлонбостон, дароо жүгүрүп жолго чыгат. Кайыңдыны көздөй бараткан машинаны кол көтөрүп токтотуп, эт комбинатына жетип келет. Тилекке жараша, ую союла элек экен. Ал уюнун жанында таң атырат да, эл депутаттар Советинин аткаруу комитетинин председателининин үйүнө телефон чалып, анын уйкусун бузгандыгын кечирим сурап, болгон иштин жөн жайын түшүндүрөт. Ал киши иштин маанилүүлүгүнө дароо маани берип, машинасын өзү айдап, эт комбинатына жетип келип, комбинаттын жетекчилерине айтып, уйду ээсине бердирет. Ошол жерден машина таптырып, уйду совхозго тартып барышат. Ошондогу Валентинанын сүйүнгөнүн айтпа! Мына, эмгекке, малга мамиле кылуунун чыныгы үлгүсү.

Эл эмгекти баалайт деген чын тура. Буга Валентина

Васильевнанын өмүрү күбө. Анын жараткан ийгиликтерин партия менен совет өкмөтүбүз баалады. «Ардак белгиси» ордени менен сыйланды. Үч жолку чакырыктан бери Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү. Жакында болсо Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болуп олтурат. Мунун бары тең үзүрлүү эмгектин жемиши.

Любимова — коомдук ишмер, элдин наказын орундаткан эл кишиси. Анын жердештеринин ар дайым ага зор милдеттерди тагышып, зор жүктөрдү жүктөшөт. Ал эми Валентина Васильевна болсо баарына кайыл, бир гана элдин наказын аткарып, элдин ишенимине ээ болсо болду. Анын бүткүл ой-максаты да мына ушуга багытталган.

Биз фермадан кечки саан аяктаганда кеч кайттык. Ак халатчан эмгек алдыңкыларынын элпек кыймылдарына суктанып, алардын эмгекке бышкан тотуккан ажарлуу жүздөрүнө сыймыктануу сезими менен уурдана көз жүгүртүп жаттым. Ферманын аймагын көркке бөлөгөн электр шамдары асмандагы жылдыздарга атаандаша жымындап жанды. Теребел бейпилдикте. Аңгыча төмөнкү сарай тараптан жүрөккө жагымдуу орус элдик ыры көккө обологду.

— Баягы Марина адаттагыдай ырын баштаган турбайбы,— деп Валентина Васильевна жылмайып койду.

Деги ушул аялдар бир дагы кабагым кашым дебеген калк го,— деп сөзгө парторг аралашты. — Кандай оор жумуш болсо да тындырмайын жандары тынбай кара жандарын карч урушат да, кичине эле бош боло калса ырга киришет. Шайыр калк.

...Биз саан фермадан алыстай бердик.

*ДЫЙКАНБЕК САДЫКОВ*

---

## ТОО КЫЗЫ

Айтылуу Арпа жайлоосуна кире бериштеги байыркы Таш-Рабат чебине канатташ Ичке кыштоосунун оозуна кеч бешимде жеттик. Жол бирде тоз каптаган муздуу сайга такалса, бирде кууш коктунун оң капталынан сол капталына өтүп, өр тартып барат.

— Тигил көрүнгөн дарбаза сымал эки кара ташты «Чеп-Таш» деп коёбуз. Жол да, суу да ошол дарбазадан өтөт.

Анын жогорку жагы топозчуларга, төмөн жагы субай кой баккан чабандарга тиешелүү. Кыштообуз деңиз деңгээлинен үч миң үч жүз метр бийик келет,— деди «Кызыл-Туу» колхозунун башкармасынын төрагасы Имамади Мусаев жер тааныштыра. Ал андан ары сөзүн улаган жок. Терезеден сыртка ойлуу карайт. Кеч кирип калгандыктан улам короого жакын жайылган койлорду, атчан адамдарды жолуктуруудабыз. Ушул узун колоттун өйүз-бүйүзүнө жайгашкан стандартуу үйлөр аралыгы алыс болгону менен сырттан караганда тоо арасындагы кыштак сыяктуу көрүнөт. «Чеп-Таштан» эки чакырымча өткөндөн кийин машине күңгөйдөгү коктунун этегине салынган ак тамга бурулдук. Бул Муса дегендин үйү дешти.

Бөлмө жылуу да, ирээттүү да экен. Терезенин оң жагындагы үч катар текчеде адабий, саясий китептер. Анын алды жагында бригадалык бурч, социалисттик мелдештин шарттары жазылган баракчалар илинген. Түрдүү баркыттан куралган көлдөлөңдүн үстүнө мандаш урган мүчөлүү, бетинен каны таамп кетчүүдөй кызыл жүздүү адам менен ал-жай сурашып олтурдум. Үй ээси ушул киши экен. Аялы Расыйпа алдастап мейман камында. Темир мештин эки капталы устанын көрүгүнө салып алгансып кызарып чыккан. Ак казан боркулдап кайнап, катарда, сыр чайнек капкак чертет. Терезедеги радиокабылдагычтан тааныш диктордун спорттун кайсыл бир ышкыбозу жөнүндө окуганы угулуп, аны сыбызгыган музыка коштоп жатты.

— Ие, Рахатбек! Үнүн чоңойтуп койчу балам. — Муса эң кенже кызы Рыскүлдү ойнотуп олтурган уулун жумшады. Анан музыканын бир кайрыгы аяктаганча угуп:

— Атаңгөрү, Каныбек Осмоналиев баягында колун окустатып албаганда бир топко биринчиликти бербей турат беле? — Ал балбан колдорун ушалай мага суроолуу кайрылды.

— О, ал өз салмагы боюнча дүйнөнүн, олимпиадалык оюндардын чемпиону эмеспи. Жолдоштук беттешүүлөр ага көп ийгилик алып келбей жүрөт — дедим көңүлүн жубата.

Ошентип, эр эңиш, улак тартыш боюнча Нарын областында жигит кезинен бери алдына эч кимди чыгарбастан балбан Муса Акматов менен болгон аңгемем уланып кетти.

...1952-жылы Расыйпа экөө мектепти чогуу бүтүшкөн. Кийинки жылдын чөп чабык маалы эле. Айлуу түн. Айыл четинде эки жаш бир бүтүмгө келишип, күйөө жолдошторунун коштоосунда аттанып жолго чыгышат. Акмат карынын терезесинин алдынан ат дүбүртүнө удаа:

— Сүйүнчү! Келин келатат! — деген үн угулат.

Кубанычтан абдаарый түшкөн ата-эне сыртка жабыла чыгып, туш келди суроо таштайт кабарчы жигитке.

— Болсун айланайын уулум... Кайсыл айылдан, кимдин кызы экен?..

— Кызыл-Туудагы Мамбеттин Жумасынын Расыйпа деген кызы. Уулуңуз менен болжошкон күнү бүгүн экен...

— А, ыракмат айланайындар. Өркүнүңөр өссүн. Жакшы адамдардын баласы экен. Байбиче, расмысын даярда! Мен кошуна-колоңго сүйүнчүлөйүн,— деп Акмат карыя кубанычтан маңдайы жарыла, жакындап калган ат дүбүртүн утурлай.

Жанатан эшке кирип-чыгып өз иши менен алек болуп жаткан Расыйпа өмүрлүгүнүн сөзүнө жымың күлүп, баш ийкөө менен кубаттап коюп жатса, эми жалпак тегерек столдун мен жак капталына жүйүртө басып олтура кетти. Бетинин оту ого бетер албырып, кетирекей мурдунун үстү терден алыптыр. Кыязы, сурооң болсо бере бер, көндүм иш да дегенчелик кылганын байкадым. Ленин, Эмгек Кызыл Туу жана «Ардак белгиси» ордендүү топозчуга канча кабарчы жолугуп, маектешпеди дейсиз. Расыйпа Жумаева Кыргызстан Компартиясынын XVIII съездинин делегаты. Анын беш жылдыкты үч жарым жылда эле аткаргандыгын, бир топ жылдардан бери колхоздогу топоз багуучулардын бригадири экендигин, карамагында 75 топоз барын башкы экономист Т. Иманалиевден тактап билип алгам. Бул жакка чыгаарда Кара-Булуңдагы үйүнө барып, 9-класстагы Элмира деген кызына жолукканымды, Өмүр менен Болоттун ударник, ал эми биринчидеги Алмаздын отличник болуп окуп жаткандарын айттым. Эненин жүзүнөн кубаныч байкалып турду. Текчедеги фотоальбомуңарды көрүп олтурсак деген өтүнүчүм Расыйпага жага түштү. Ордунан элпек туруп альбомдорду алып келип, столго койду да:

— Бир кезде Муса экөөбүз тең атадан жалгыз элек. Эми минтип он баланын ата-энеси болдук,— деп кооз жасалган альбомду ачты.

— Мына бул улуусу Токолоң. Азыр Кыргыз Мамлекеттик университетинин география факультетинде окуйт. Бул болсо келинибиз Нурбүбү, шаарда медсестра болуп иштеп жатат. Минтип Нурлан аттуу неберелүү да болгонбуз.

Бизге Муса жакыныраак келип, улам сөз болуп жаткан уулдарынын сүрөттөрүн кубана карап, сыймыктуу олтурат.

— Андан кийинки уулубуз борборубуздагы политехникалык институттун тоо-кен факультетинин студенти. Сайпал менен Ысмайылыбыз аскердик милдетин өтөп жүрүшөт. Улуураагы буюрса быйыл жайда кайтат. —Эненин

бакыракай көздөрүнөн сагыныч байкалып, саамга тунжурай түштү.

— Балдарыңардын кимиси малсаак? — дедим. Муса сөзгө аралашты.

— Ысмайылыбыз бир эки жыл мал багып, анан окусам деп жазыптыр өгүнкү катында. Ал да мени тартып артиллерияда кызмат өтөйт. Киши болгону ошол. Беркиси учкучтун окуусун окуйм дейт. — Ата ыраактагы уулдарынын балалык кыял жоруктарын айтып кудуңдайт.

— Кайсыл кесипке ээ болом десе, балдардын өз эрки, иним. Замандан айланса болот. Ушуну кут кылсын. Тынчтык эле болсо болду. — Расыйпа улутунуп алып кошумчалап койду. — Биз бала кезде нени көрбөдүк. Атамдан эрте калгам. Андан соң эл жаңыдан тоюнуп келатканда уруш башталды. Бир жагынан кара тумоо да күчөп, элден мурда өз апам, көп өтпөй чоң энем, жетимиштеги чоң атам экөөбүздү түбөлүк таштап кетишти. Баарыбыз тирек кылган Акматаалы байкем уруш башталган күндөн майданда эле. Өлбөгөн жандын күнү өтө берет экен. Кээде сабактан кийин кар алдынан таранчыдан талашып машак теребиз чоң атам экөөбүз. Байкуш чоң атам ай! Чарбанын кыбыр эткен жумушунан да калчу эмес. Ал такай кечинде, үшүп келүүчү. Ошол кездеги калбыр болуп тешилип калган кичинекей казан мешти кантип унутайын. Анын оозунда быкшыган түтүндү үйлөп коюп, ыйлап олтурганымда чоң атакем мундуу бир күү чертип сооротор эле. Эми байкасам ошол күүсү «Көкөй кести» экен. Азыр да радиодон угуп калганда эчкинин тоң майынан жасалган мом чырактын жарыгында аппак сакалын дирилдете комуз чертип, ичинен боздоп олтурган чоң атамды элестетип кетем. Ичим тыз этип алат. Жеңиш жакындаган сайын анын күүсү шаңдуу кайрыкка өтүп келаткан... Кийинчерээк апамдан калган ооз комуз менен коломтодогу оттун табында олтуруп, ошол күүнүн эки-үч кайрыгын кагып жүрдүм. Согуштагы Акматаалы байкемдин жазган ар бир каты, аскер кийимчен түшкөн сүрөтү мен үчүн аскар тоо болчу. Мектепке барганда балдарга жазган катын окуп берип, ордендүү сүрөтүн көрсөтүп мактанаар элем.

Улуу жеңиштен беш алты ай өткөндөн кийинки бир күн али эсимде. Сабактан келип, от жагып жаткам. Эшиктен арзып өкүргөн бирөөнүн үнү чыкты. Анан эки-үчөө коштоп... Акматаалы байкемден «кара кагаз» келип, угузуп жатышкан кошуна-колоңдор экен деп олтурган ордума катып калыпмын. «Болду эми, айланайын басыл. Ушунча эл ыйлап тирилте албадык. Расыйпанын ырысы бар экен.

Өзүң аман келип...» деген кобур-күбүр тааныш үндөрдү кулагым чалып калды. Сыртка атып чыксам Акматаалы байкем бөйрөгүн таянып ыйлап туруптур. Бакырып барып мойнуна асылдым. Көзүмдөн жаш чыкпай калган. Ошондо укмуштай төгүлүп жатты. Кубанганымды айтпа, баары тирилип келгендей болду. Байкем ошондон бери колхоздун белдүү кызматкери болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыкты Бала бакыралуу...

1956-жылы Муса менен Расыйпа бир короо ирик алышып, Ак-Сай жергесин мекендеп кетишет. Жубайлар жаш кезинде эле ишке жоопкер мамиле жасай билишкен. Эт, жүн өндүрүү боюнча жыл сайын тапшырмаларын ашыра аткарышып, эл оозуна алына башташат. Адамга андан жогору сый барбы. Ал гана эмес Муса райондун алдыңкы чабандарынын бири катары Кыргызстандын колхозчуларынын II съездине катышат.

— Алтымыш тогузунчу жылы баккан ириктерибиздин ар бирин 60 килограммдан этке тапшырдык. Бул ошол кездеги мыкты көрсөткүчтөрдүн бири эле,— деп эскерет Расыйпа. — Көп өтпөй мени колхоздун партиялык комитетине чакырышты. Ал кезде райондо арзан эттин булагы болгон топоз өстүрүүгө зор көңүл бурулуп жаткан. Парткомдун мүчөлөрү топозчулук кесипке өтүүмдү сунуш кылышты. Буга Мусакем да каршы болгон жок. Анда чарбада топоз баккан жалгыз биз элек. Малдын саны да кыркка жетчү эмес. Азыр биздин бригадада 735 топоз бар.

...Кеч күз эле. Малды колхоздун короосунан санап өткөрүп алып, ушул кыштоого айдап жөнөдүк. Жүрүшү жылкы сымал ылдам мал экен. Кой сыяктуу айдап бараткаңда жерге жутунбай кете беришти. Кыштоого жеткенде койго көнгөн жаныбыз, мандайкы өтөккө жайып коюп, жер тамга кирип чай ичип чыксак, топоздон дайын жок!.. Жаңыдан суутуп койгон аттарга шапа-шупа минип издеп жөнөдүк. Муса келген жакка оозго, мен Ак-Сай тарапка ашчу белге чаптым. Малга ай чыга ашуунун белинен жеттим. Бөлүнүп кетпей чогуу экен. Ал жерди мурда кийик мекендечү. Короого кайра айдайм деп убара болуп, акыры таң атканча кайтарып турууну чечтим. Гүртүлдөп оттоп жүрүштү. Анда-санда «ой-ойлоп» үн чыгарып коём. Жылдыз суюлуп калганда иттин үргөнү угулду. Көрсө, Муса менен кошунабыз Бейшекенин Арууну издеп чыгышыптыр. Ал учурда топоз тоюнуп, шамалы сөөктөн өткөн кырда, кардын үстүндө жуушап жатышкан. Ошол күндөн тартып, топоз кайберен сымал, тоютту колдон көп талап кылбаган, бийик жердин малы экенин билдик. Түзгө байласа да ток-

тобойт. Үйүр тобу менен жүргөндө бөрүгө алдырбаган жери бар. Желин салгандарын кийинки жылдан баштап короого айдап келип бага баштадык. Азыр ага көнүп калышты...

Эртең алар малга чыгышат. Бригада мүчөлөрү менен сүйлөшүүчү сөз бар деген бригадир жатаар алдыбызда. Көпкө уктабай жаттым. Оозгу үйдөн акырын кобурашкан үндөрдү эшитем.

— Ай, сүйүнчү... Таргыл инек ургаачы мамалак туунтур.

— Берки экөөчү? — дейт Муса.

— Малдан бөлүнчү түрү жок. Дагы эки — үч күнгө барчудай. Таңга маал да туруп карайм го,— деди аялы.

Убагы жеткен инек өзү ыңгайлуу деп эсептеген жерге, малдан оолак барып тууйт дешкендери эсиме келди. Мындай учурда малга такай көзөмөл керек. Ушинтип малчынын түн уйкусу да өздөрүнүкү эмес. Ойлосом алардыкындай оор иш жок сыяктанат.

Эртеси үчөөбүз күн чыга аттандык. Төл учуру болгондуктан, күн сайын топоздорду чогултуп, желин салгандарына көз салып турушат. Жолдо катар кечээ башкарманын төрагасы жиберем деген жемди малчыларга кандайча бөлүштүрүү керек экенин, малды бөлөк жайытка которуу жөнүндө сүйлөшүп келе жатышты.

— Атка артып убара кылбай эле, ар бир топозчунун үйлөрүнө жеткиртип берген оң го? — дедим Расыйпанын үч машинаны тең өздөрүнүн жер тамына түшүрөбүз дегенинен улам.

— Биздин үй ооздо болуп... Калган топозчулардын үйлөрүнө машина бара албайт. Жолду күндүзү суу каптап кетет,— деди ал.

Анан эки сайдын ортосундагы айдөшүрөөк таштуу бетке жеткенде экөө эки коктуга бастырып кетишти. Мен ууга баргандагы тозотто олтурган адамдын милдетин аткарып калдым. Түшкөн топозду кайрып турмакмын. Бирде тиги моло таштай сокойгон мөңгүлүү чокуга, бирде маңдайтескей созулуп жаткан сары кырларга карап коём. Көрүнүшпөйт. Атты чидерлеп, ооздугун чыгарып коё бердим. Ары-бери басып түтөгө түшкөндүктөн казандай ташка бутту сунуп жиберип, айланага суктана карап олтурам. Кап, мен миңген аттын такасы болгондо алар менен кошо бастырмак экемин. Деги республиканын кайсыл жерине барбайын, кайсыл малчысы менен сүйлөшпөйүн, алардын: «Ат така, анын мыгы жетишпейт» дегендерин угам. Өзгөчө, кышында ой кырга келгенде такасыз аттын өгүздөн айырмасы кайсы. Мындан эки-үч жыл мурда Кара-Булундагы

Азис деген устага колхоз аркылуу жасатып алышчу. Эми ал киши оорукчан болуп, темир кармабай калыптыр. Атаганат кээ бир жетекчилер өзү минген машинанын дөңгөлөгүнө жасаган камкордукту ат такага да жасаса ээ дейм ичимден. Малчылар айткандай областтын же, райондун борборуна ат жабдыктарын, өзгөчө ат така, мык чыгаруучу цех ачып коюшса, эзелтеден келаткан ушул маселе чечилбейт беле!

Убакыт өтүп жатты. Аңгыча Ак-Бейит тараптагы жылгадан эки атчан пайда болду. Бригаданын мүчөлөрү Каниет Жолдошев менен Жакып Стамакунов экен. Амандашып аттан түшүштү.

— Турнабай салып келатабыз. Топоз Ак-Сайдын ашуусунун этегинде экен. Жаңы жетишти. Түш оой келип калышаар — деди Каниет кер мурутун сылай. Экөө элүүлөргө келип калышса да, чырымталдары жаш көрүнөт.

— Бизде ушундай, мал бөлгөндө же, санакта бири-бирибизге жардам беребиз,— деди Жакып да сөз кезегин алып.

Экөө бири-биринен калышпаган сөзмөр, тамашакөй адамдар экен. Биринин кыйыта айткан сөзүн экинчиси жиреп боорду эзишет. Күлкү арасында алты-жети жылдан бери топоз багып келаткандыктарын билдим.

— Муса деле аңдын артынан түшкөн жан эмес. — Менин кызыккан суроомо Каниет жооп берди. — Алтымыш тогузунчу жылы кар калың түшпөдүбү. Анда биз чабан элек. Карышкыр күчөп, колдон талашып турган учур. Жети карышкыр топозго тийгенин Муса менен Аликенин Жакыпбеги обочодон туруп көрүшөт. Алар чаап жеткенче жалгыздап бөлүп кете албай, улам ыкыс берип, тегеректеп калышкан экен. Муса «жекебасарын» аткандан кийин, калгандары чала-була ок жешип качып кетишет.

— Мусаныкы го чындык дечи. Анан кантип сенин Бокой таякеңдей болсун — Жакып теңтушуна тийише кыткыт күлөт.

Бокой Байгелдиев деген адам өмүрү өткөнчө эл чогулган жерлерде залкар күүлөрдү чертип, жамактап ырдаган, тамашакөй, сөзмөр адам болуптур. Элди күлдүрүп, алардын көңүлүн ачууга жасаган аракети текке кетпептир.

Бокой карыянын эмгек алдыңкыларына арнап ырдаган ырлары көп. Кезегинде Кыргызстан Компартиясынын XVI жана XVII съездине делегат болгон Расыйпаны салтанат менен узатып жаткандагы делегатты кошуп ырдаган ыры:

Ай өткөн сайын жаңырган,
Асманы ачык жер жакшы.

Атагы кетип алыска,
Уул, кызы менен эл жакшы.
Эмгегиң баалап калк сүйгөн,
Раке,
Сен жакшы эмей ким жакшы!

— деп токтоду Каниет. Көп ыр экен. Бирөөнүн жакшы сапатын өзүнөн сурап биле албайсың. Расыйпа жөнүндө сөз учугун улап коюп жаттым.

— Жакшылык эч качан унутулбайт тура,— деп Каниет оңдонуп олтурду. — Биз бир топ жылдардан бери кошуна жашап келатабыз. Ушунча болуп кой-ай дешкен жан эмеспис. Эки жыл мурда байбичемдин оорусу кармап, түнү бою ооруканага жеткирип кеттим. Балдарды, малды Расыйпалар карап турмай болушту. Бир аптача жакада жүрүп калдым. Муса өздөрүнүкүн, Расыйпа менин топоздорумду кайтарып жатыптыр. Кошуп кайтарган менен жер үшөп мал өз жайытына качып убара кылмак. Аябай ыраазы болдум. Анан да энеси келгенче балдарды өз энесиндей бапестеп багып турду. Бригада жаңы уюшулган жылдары кимибиз отпускага чыгып калсак, малдын милдетин алып кайтарып жүрдүк. Антпесе, колхоз тарабынан жиберилген малдын сырын билбеген адам, топозду чыгашага учуратып, өзүн да, бригаданы да аксатмак.

Деги кайсыл иш болсо да Расыйпа анын демилгечиси экен. Мурдагы жылы Арпа өрөөнүнө кара болот. Колхоздун башкы зоотехниги Кемел Касымалиевдин сунушу боюнча бардык топозчуларды Арпага кыштатуу керек болот. Арпа өрөөнү малга да, жанга да жай мезгилинде гана жагымдуу. Мурда ал жерге кыштабагандыктан башкарманын мүчөлөрү олку-солку болушат. Кышкы жайытты да үнөмдөө керек. Бул сыноону Расыйпа мойнуна алат. Суугу 40 градустан ашкан Арпанын шамалдуу түзөңүндө алты ай боз үйгө кыштап, малын бөөдө чыгашага учуратпаган адамдан чыныгы коммунисттик эркти көрөсүң. Арпага мал кыштатуу үчүн эң көп даярдык керек эле. Бүт бригада барганда чарба бир топ топоздон айрылып калмак экен.

Түш оой малды күргүштөтө айдап түшүштү. Расыйпа чөнтөгүнөн дептерин алып чыгып, кайсыл инек кууттан качан өткөнүн айтып турду. Беркилер ал көрсөткөн инекке укурук салышып кармап жатышат. Бригадир алардын желиндерин кармап көрүп, мал менен кошо тызылдап жүрөт. Азоолору дыргаяктатып сүйрөп жөнөшөт. Дагы бирөө аркайган мүйүзү менен тап берип калганда, кармап тургандар сүрүнөн айбыга буйт берип качышат. Сырттан караган адамга оюндай көрүнгөн бул иш кеч бешимге дейре

созулуп, төртөө тең суй жыгылышты. Желин салган беш инекти бөлүп, «Чеп-Ташка» айдап жөнөдүк. Малчы атка мингенде эс ала түшөт тура. Заматта жанагы чарчап, күйүккөндөн кара көк тарткан өңдөрү албырып чыкты. Өз ара төл жөнүндө жайдары сүйлөшүп, катар бастырып баратышат. Ортосунда бригадирдин торусу көкүл экчеп, майда жүрүштө. Капталдан кимдир бирөө тумагын алып кайра оңдоп кийгиче, төбөсүнөн буу көтөрүлө түшүп басылды.

Кечээ Расыйпа менен мончо жөнүндө да сүйлөшкөнбүз. Колхоз мамлекеттик карызынан али толук кутулуп бүтө элек экен. Кийинки беш жылдыктан баштап Ичке сыяктуу кыштоолорго бирден мончо куруу жөнүндөгү анын сунушу парткомдо жактырылган. Чындыгында эле парторг Бейшенбек Курамаевич Кулкутанов айткандай малчыга өздүк бурч, китепкана кандай керек болсо, мончо да дал ошондой зарыл эмеспи.

Жолдо катар малчылардын үйлөрүнө түшүп, жашоо шарттары менен таанышып, ал жай сурашып бараттык. Айрылыштагы Мамыттын Азыкбайынын үйү акыркысы болучу. Ал кишинин да ак эмгегинен жүзү жарык экенин сүйлөп олтурган сөзүнөн байкадык. Өткөн жылы баккан малын чыгашага учуратпай, 56 инектен 50 мамалак алыптыр. Кем-карч жөнүндө сөз болгондо газета, журнал, автодүкөн келип тураарын айтты. Оозунан чыккан сөздөрдү шыкылдата жазып жатканымды карап туруп:

— Ат така, мык керектигин да унутпаңыз? И, баса. Быйыл областта картөшкөнү арбын айдашты. Түшүм да мол болду дейт. Казып бүткөн убакта тоодо болуп ала албай калдык. Такай алма-өрүк жей албасак да, картөшкө таталап турсак дегенде эки көзүбүз төрт. Өзгөчө, балдар жашылча күзөйт экен.

Мусанын үйүнө каш карайганда жеттик. Мени жем тартып келген автомашинанын шоферу күтүп жатыптыр. Коштошуп жолго чыктык. Бир иштин аягына чыкмайын айтканынан кайтпаган бул тоо кызынын элеси көз алдыма келет. Аны менен дагы эле маектешип, ал мага буларды айтып берип жаткансыйт: «...Бир кезде малдын саны кыркка жетчү эмес эле. Азыркы жаңы төлдү кошкондо сегиз жүздөн ашып калды. Туут аяктаганда буюрса топоздун санын миңден ашырабыз. Мына, эми бир кездеги кыялым турмушка ашты. Топоз фермасы уюшулса дечү элем ак тилек ишке ашты».

* * *

Ошентип, жаңылануу, кайра куруу учурунда очерктин каармандары менен Ак-Сай жайлоосунда кайрадан жолуктум. Расыйпа көп балалуу эне катары ардактуу эс алууга чыкса да, агарып-көгөргөн малынан кол үзө элек экен. Илгертеден тың бүлөөлөр журт эскиртпей, улам оттуу жерге көчүп турушат эмеспи. Мусалардын да Ак-Таш деген жерге конгондоруна бир апта болбоптур. Үйдүн, желенин тегереги али чөптүү. Бригададагылар Мусаларга жамаатташ, өйдөрөөк конушкан. Бул жерге июлдун ортосунда да кыламыктап кар жаап, бармактай мөндүр түшкөн учурлар болот. Түштүктө Чатыр-Көл ушул кең колоттун коктуларынан агып түшкөн суулардан толкуп жаткандай чалкыйт. Кырдан туруп көл жээгине көз жиберсең эки, үчтөн ашпаган апакай боз үйлөр, андан берирээк жылгалуу талааларда жайылган койлор, койчулар көрүнөт. Жерге жараша мал да арбын. Бир кездеги тушардан келген чөп малдын туягына кетти деп калышат мындагылар...

Кеп жайыт жөнүндө болуп жатты.

— Мындан башка жерди бизге эч ким бербейт,— деди Расыйпа уй мүйүз тартып олтурган кесиптештерине. — Жайытты үнөмдүү гана пайдаланышыбыз керек.

— Мурдакыдан мал арбыбадыбы. Ал эми жайытыбыз баягы эле. Четтеги сары чийкил жигит камчы сабы менен жер чукуп, чыйт түкүрүп жооп күттү.

Өткөн жылдан бери Расыйпанын демилгеси менен мамалактары ирденип калган инектерди саап, сүтүн өткөрүп жатышкан. Эгерде ишти чарбанын жетекчилери, ал гана эмес райондук жетекчилер жакшылап уюштуруша топозчулардын азык түлүк программасын ишке ашырууга жасаган аракеттери үзүрлүү болоор эле. Топозчулар мамалактарды желеге байлашып, азап-тозок менен азоо инектерден саап алган сүттөрү жолдун алыстыгынан кабыл алуучу жайга жеткиче ирип кетип жаткан. Алар бекерге убара болуудан кантип чыгуу керектигин талкуулап жатышты.

— Анда вертолет беришсин! — деп элди күлдүрдү жанагы сары чийкил жигит. — Чай кайнамда Ат-Башынын сүт заводунда болуп калат элек...

— Ал мезгил да келет. Вертолет минебиз деп дагы карызга белчебизден баталыбы. Жетишет!, — деди дагы бирөө.

Расыйпа тунжурап ойго чөмүлдү. Ал жакага түшкөндө райондук партия комитетине кирип, Ак-Сай тараптагы топозчулар үчүн сүт кабыл алуучу орток жайды ачуу сунуш-

шун айтууну чечти. Мындай болгондо сүт да бузулбайт, ар бир чарба бирден машинасын аз пайда үчүн чапкылатпай, ашып кетсе бир-эки гана машина иштейт эле. Жакын жердегилер ат, төөгө тартып деле жеткирип турушмак.

Баса, төө демекчи! Төө дагы «кызыл китепке» жазылчудай болуп баратат окшойт. Төө дегениң койчугабы, жылкычыгабы, топозчугабы, деги кайсыл малчыга болбосун табылгыс унаа экен. Бир кездерде топоз менен эчкини кирешесиз мал дешип жеригендер да болгон. Эми аны көбөйтүү зарылдыгы келип чыкты. «Төө багуу керек, ал көчүп-конгонго, өзгөчө, машина бара албай турган жерлерге жетип алууга керек экен» деген сөздү укканда кыжыры келген жетекчилер али да жок эмес. Ага кантип тоют чак келтиребиз деп чочушат. Төө дагы топоз сымал колду карабаган мал экенине карашпайт.

Төөнүн этинин сиңимдүүлүк касиети эзелтеден бери айтылып жүрөт. Семиз төөнүн өркөчү жал, казыдан кем бекен. Анын чуудасы жүндөрдүн эң бышыгы деп эсептелинсе, сүтүнүн дарылык касиети жылкыныкынан кем калышпайт. Расыйпанын жүрөгүн өйүгөн экинчи бир нерсе дал ушул төө маселеси.

Деги кайсыл гана багыт болбосун Расыйпа менен Муса сыяктуу нукура тоолуктар менен аңгеме куруудан адам тажабас. Ар бир сөзү сени кайра ойго салат.

Күн кызарып батып баратты. Көл да, андан берки жанатан бозоруп жаткан талаа да, күңгөй тоолордун баштары да маектештеримдин жүздөрүнө окшоп турду.

— Биз колхозчулар партиябыздын кайра куруу жана жаңылануу саясатын чын дилибиз менен кабыл алдык,— деди Расыйпа олуттуу. — Себеби, бул саясат бизге жагат. Демократия деген ушул эмеспи! Жакында өз айлыбыздан чыккан кадр эле, Осмондун Бейшенбегин колхоз башкармасынын төрагасына шайлап калдык.

Күндүн алоосу тоо башынан калбыр булуттарды саамга кызартып турду да, айлана күүгүмдөй түштү. Көп өтпөй ошол күндүн нуру жылдыздарды жарык кыла баштады. Турнабай менен карап тургансып, алар ушунчалык жакын сезилип, жымыңдап жатышты. Жайлоого дагы бир керемettүү айлуу бейпил түн келди.

## МАЗМУНУ


*Жапар Саатов.* Ак дил . . . . . . . . . . . . . 3
*Жапаркул Алыбаев.* Ишеним . . . . . . . . . 18
*Исабек Исаков.* Ыйык өрнөк . . . . . . . . . 24
*Дайынбай Ашыракманов.* Талаанын сырдашы . . . . . 34
*Жумабек Алыкулов.* Жандуу кыймыл жакшы натыйжа . 43
*Токтобек Болчуров.* Күзгү сугат . . . . . . . . 51
*Зулайка Иманалиева.* Максат марасы . . . . . . . 59
*Эсен Чылабаев.* Устаттыктын өрнөгү . . . . . . . 66
*Асанбек Тезекбаев* Ата кесибин улап . . . . . . . 74
*Сүйүналы Мамытканов.* Эмгекчил адам . . . . . . 81
*Алимбай Абжапаров.* Мырза-Акелик каарман . . . . . 89
*Догдурбек Юсупов.* Саандын устаты . . . . . . . 94
*Дыйканбек Сыдыков.* Тоо кызы . . . . . . . . . 100

25 т.

80